# КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН НЕГИЗИНДЕ ОКУУЧУЛАРГА ГЕНДЕРДИК БИЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮ

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-11-класстары үчүн окуу - методикалык колдонмо

БИШКЕК 2017



Посольство
Великобритании
Бишкек

Кыргыз Республикасынын билим берүү
жана илим министрлиги

Министерство образования и науки
Кыргызской Республики

Полноправные люди.
Устойчивые страны.

# КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН НЕГИЗИНДЕ ОКУУЧУЛАРГА ГЕНДЕРДИК БИЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮ

**Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-11-класстары үчүн кыргыз адабияты жана класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча окуу куралы**

**Бишкек-2017**

**УДК 372.8**
**ББК 74.26**
**К 76**

*Окуу куралдын түзүүчүлөрү БУУнун Өнүктүрүү Программасынын өкүлдөрү Эльмира Шишкараевага, Умутай Даулетовага, Аида Базаркуловага аялдардын укуктарын коргоо боюнча биринчи окуу куралды чыгарууга демилге көтөрүү үчүн жана «Социалдык технологиялар агентствосунун» директору, гендер маселелери боюнча эксперт Зульфия Кочорбаевага кесиптик кеңештери жана колдоо көрсөткөндүгү үчүн жана ООН Женщины түзүмүнүн долбоорунун жетекчиси Жыпара Турмаматовага окуу куралды редакциялаганы үчүн чоң ыраазычылык билдиришет.*

**К 76** Көркөм тексттер менен иштөөнүн негизинде окуучуларга гендердик билим-тарбия берүү: Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-11-класстары үчүн кыргыз адабияты жана класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча окуу куралы / Түз.: З.Пасаңова, Н.Жусупбекова, А.Оморова, Г.Чепекова – Б.; "Калем" БҮ, 2017 – 116 б.

**ISBN 978-9967-9036-2-3**

Сунушталган окуу куралы кыргыз адабиятында окурманга, айрыкча жаш муунга гендердик билим-тарбия берүү талабына жооп берүүчү чыгармалардын үзүндүлөрүн камтыйт. Окуу куралындагы чыгармалар окуучуларды аял-эркектердин тең укуктуулугу, кыздарга, жетиле элек балдарга, аялдарга карата зордук-зомбулук мамилелердин  жеке адамдын тагдырындагы жана коомдук турмуштагы залалдары жөнүндө түшүнүгүн кеңейте алат. Окуучулар бул чыгармалар аркылуу кыргыз элинин XIX кылымдын башындагы, Кеңеш доорундагы жана 50-60-жылдарга чейинки турмушун элестете алышат, ошондой эле гендердик көйгөйлөр менен таанышып, азыркы учурдагы абал менен салыштыра алышат. Окуу куралында чыгармалардын үзүндүлөрү менен иштөөнүн ыкмалары педагогдорго билим-тарбия берүү процессин натыйжалуу  жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк жаратат. Бул окуу куралы окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына, педагогдоруна жана класс жетекчилерине сунушталат.

**К 4306010000-17**
**ISBN 978-9967-9036-2-3**

**УДК 372.8**
**ББК 74.26**
**© Пасаңова З., Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г., 2017**

*Бул баяндама БУУнун Өнүктүрүү Программасынын Укук Үстөмдүгүн чыңдоо долбоорунун алкагында даярдалды. Долбоор Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы элчилиги тарабынан каржыланат. Басылмадагы материалдар БУУнун Өнүктүрүү Программасынын жана элчиликтин расмий көз караштарын чагылдырбайт.*

*Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан сунушталды.*

# Киришүү

Гендер жалпы педагогдор жамааты үчүн жаңы термин болгону менен биздин коомдо аялдар менен эркектердин мамилелери, алардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү ролдору байыркы мезгилден бери эле  тарбия берүүдө чоң мааниге ээ болуп келген, балдар чоңоюп, социалдашуу процессинде өз жынысынын ролдоруна тиешелүү билимдерге ээ болушкан. Ал эми азыркы учурда  балдарга гендердик билим-тарбия берүүдө заманбап педагогдор кыргыз адабияты сабактарында өтүлүүчү көркөм чыгармалардын ролу чоң экендигин түшүнүшөт. Анткени тарыхый фактылардан жана турмуштан алынып жазылган көркөм чыгарма балага коом турмушу жана табият мыйзамдары, адам сезимдеринин жана мамилелеринин дүйнөсү, ар кандай социалдык нормалар жана баалуулуктар жөнүндө ачып бере алат. Китеп окуу менен өспүрүм гендердик билим да алат, анткени чыгармалардын каармандары болгон аял, эркек, бала, карыялардын бул жашоодогу орду, тагдырлары  аркылуу адамдык укук, ал бузулган учурда кандай кесепеттер келип чыгары жөнүндө түшүнүк алат. Ошондой эле адамга карата зордук-зомбулук көйгөйлөрү чагылдырылган чыгармалар баланын аёо сезимин ойготуп, кыянаттык менен келише албастыкка тарбиялайт.

Кыргыз адабиятында окурманга, айрыкча жаш муунга гендердик билим-тарбия берүү талабына жооп берүүчү чыгармалар бир топ.

Кыргыз  адабиятынын бул теманы камтыган 18 көркөм чыгармасы тандалып алынды. Алар менен окуучуларды тереңдеп тааныштыруу аркылуу мугалим аял-эркектердин тең укуктуулугу, кыздарга, жетиле элек балдарга, аялдарга карата зордук-зомбулук мамилелердин  жеке адамдын тагдырындагы жана коомдук турмуштагы залалдары жөнүндө түшүнүгүн кеңейте алат. Ошондой эле  бул чыгармаларды окутууда азыркы замандын көйгөйлөрү менен байланыштырып, жаңы өңүттөн мамиле жасоо керек. Мисалы, азыркы заманда да Касымалы Баялиновдун “Ажар” повестинин каарманы Ажарга окшоп зордук-зомбулуктун курмандыгы болушкан кыргыз кыз-келиндери жетиштүү. Кыздарды эрте күйөөгө берүү, ала качуу жана физикалык,

психологиялык жактан зордук-зомбулук көрсөтүү фактылары азая элек.

Тизмеге киргизилген чыгармалардын дээрлик бардыгы тарыхый баалуулукка ээ экендигин да баса белгилөө керек. Анткени, сунушталып жаткан “Ак Мөөр” дастаны, Т.Сатылгановдун, Молдо Нияздын, К.Баялиновдун, Т.Сыдыкбековдун, Ж.Мавляновдун ж.б. чыгармалары кино, телекөрсөтүү, фотоискусствосу өнүгө электе жаралып, өткөн доордун экономикалык, социалдык абалын чагылдырган бирден-бир тарыхый маалыматтарды камтыйт.

Окуучулар бул чыгармалар аркылуу кыргыз элинин XIX кылымдын башындагы, Кеңеш доорундагы жана 50-60-жылдарга чейинки турмушун элестете алышат, ошондой эле гендердик көйгөйлөр менен таанышып, азыркы учурдагы абал менен салыштыра алышат.

Чыгармаларды окутуу максатка ылайык, окуу менен кошо эле тарбиялык процесс айкалышып жүргүзүлүүсү тийиш. Окуучуларга гендердик көйгөйлөр аркылуу жашоодогу зордук-зомбулук жөнүндө түшүнүк гана берилбестен, адамдагы эң кымбат жана баалуу сапаттарды ажырата билүүгө да багытталуулары керек.

## Методикалык сунуштар

**Гендердик билим-тарбия берүү –** бул педагогикалык процессти жыныстык окшоштукту, жыныстык ролдук социалдашуунун учурундагы балдардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен уюштуруу. Гендердик билим-тарбия берүүнүн негизги милдети–балдар менен кыздардын ортосундагы мамилени жакшыртуу, аларда карама-каршы жыныстын өкүлдөрү жөнүндө адекваттуу баанын калыптанышын камсыздоо, аларды бирдиктүү ишмердикке тартуу. Окуучулар үчүн ким гендердик жүрүм-турумдун үлгүсү  боло алат?

Гендердик социалдашуу процесси жүрүп жатканда мектеп окуучулары  үчүн көркөм адабияттын ролу абдан чоң. Көркөм адабият – бул тарыхый фактылар менен жашоо акылмандыгынын топтолгон жери, ал окуучуларга коом менен табияттын жашоосун, адамдардын сезимдери менен өз ара мамилелеринин дүйнөсүн

ачып, түшүндүрүп берет, анда ар түрдүү социалдык нормалар менен баалуулуктар камтылган. Көркөм чыгармаларды окуп жатып, ар кайсы жыныстын өкүлдөрүнө тиешелүү каармандардын оң сапаттарына балдардын көңүлүн бурабыз. Сүйүктүү адабий каармандардын образы аркылуу балдар өздөрүнүн ким экенин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алышат, демек, көркөм чыгармалар баланын гендердик социалдашуусу үчүн маанилүү маданий багыт болуп эсептелинет.

Кыргыз адабияты сабактарында ар түрдүү адабий чыгармаларды окуу – окуучулардын гендердик билим-тарбия алуусу үчүн абдан маанилүү, бирок мугалимдерге аларды окуп жана талдаган учурда усулдук жактан натыйжалуу ыкмаларды тандап, ар бир чыгарма же анын үзүндүсү менен иштөөдө тиешелүү кадамдарды сактоо зарыл. Эң негизгиси, ар бир чыгарманын мазмунун түшүнүп, андагы каармандар кайсы учурда, кандай коомдо жашаганын аныктап, жүрүм-турумуна талдоо жүргүзүп, эгерде гендердик жактан укук бузуу болсо, анын себептерин түшүндүрүп, ага окуучулар аркылуу терс баа берилсе, анда мындай сабак көркөм адабияттын окуучуларынын гендердик билим-тарбия алуусуна салым кошуп жатат деп айта алабыз. Эң негизгиси, гендердик билим-тарбия алуу окуучулардын жыныстык белгисине көз карандысыз, келечекте кандай адам боло турганын, жашоо образын, баалуулуктарын калыптандырууга жардам берет.

Гендердик билим-тарбия берүүдө педагогдор таяна турган жана абдан натыйжалуу иштөөгө мүмкүнчүлүк бере турган жомокторду карап чыгалы.

Кыргыз эл жомокторунда гендердик жүрүм-турумдун үлгүлөрү берилген. Жомок окуучуларга төмөнкү жыныстык ролдук жашоо кырдаалдарын көрсөтө алат:

- кыз баланын, аялдын чыдамкайлыгы, эмгекчилдиги, камкордугу дайыма ага бакыт, ийгилик алып келет;

- эркек баланын, эркек адамдын өз мекенин коргогону, анын күчтүү, эр жүрөк болгондугу ага адамдардын, элдин сүйүүсүн, кадыр-баркын камсыздайт;

- эркектерге да, аялдарга да (ата-энеге) балдарды сүйүп, алар жөнүндө камкордук көргөнү үй-бүлөнү коргой ала турган, татыктуу муундун тарбияланышына алып келет;

- кыздардын да, балдардын да акылдуулук, тапкычтыкты көрсөткөнү татаал турмуш кырдаалдарында көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. Колдонмого кирген жомоктор дал ушул кырдаалды ачып берет («Акыл Карачач», «Бала кантип өз шаарын сактап калды?»).

Жомок дайыма социалдык аракеттер менен адеп-ахлактык негизге бай. Жомок аркылуу жашоодогу жүрүм-турум үлгүлөрү калыптанат. Жомокту окуп жатып, окуучу дүйнөнү тааныйт, ар түрдүү жыныстык ролдор менен таанышат. Жомоктор оң гендердик жүрүм-турумдун моделин жаратышат. Жомок менен иштөөдө андагы сюжетке аяр мамиле жасап, жөн гана жомоктун текстин окуп, талкуулабастан, жомоктогу каармандардын кылык-жоруктарын, кылган иштерин материалды түшүндүрүү үчүн колдонуу зарыл, ролдук оюндарды уюштуруу, сахналаштыруу, каармандардын сүрөттөрүн жомоктогу ар түрдүү кырдаал боюнча тартуу абдан маанилүү. Эгерде педагог ушундай чыгармачылык менен иштесе, кыздар менен балдардын гендердик социалдашуусуна, коомдогу ар бир жыныстын өкүлдөрүнүн тең укуктуу ролдору боюнча түшүнүк калыптана баштайт.

Жомокторду гендердик, жыныстык жактан шарттуу түрдө үч топко бөлсөк болот:

- башкы каармандары эркек балдар, эркектер болгон жомоктор;
- башкы каармандары кыздар, аялдар болгон жомоктор;
- башкы каармандары “аралашкан”, алар эки жыныстын өкүлдөрү болгон жомоктор.

Башкы каарманы «эркек» жана «кыз» болгон жомоктордун сюжеттери адатта алардын ар бирөө өз алдынча ар түрдүү кыйынчылыктарды жеңип, ар ким өзү үчүн пайдалуу сабак алганын көрсөтөт. Ал эми «аралашкан» жомоктордун сюжети сөзсүз түрдө аягында эки башкы каарман үйлөнүшүп, бактылуу жашоо менен аяктайт.

Башкача айтканда, негизги каарманы эркек болгон жомоктордо эркектик жүрүм-турумдун стратегиялары, жашоого болгон мамилеси, жашоодон алган сабактары чагылдырылат. Ал эми негизги каарман катары кыздар же аялдар болгон жомоктордо алардын жүрүм-турум стратегиялары, жашоого

болгон мамилеси, жашоодон алган сабактары берилет. Ал эми аралаш жомоктор өз ара мамилелерди, кайраттуулук менен назиктиктин бири-бирине тийгизген таасирлери жана алардын гармониясы тууралуу баяндайт. Ошондуктан педагогдор үчүн бардык үч топтогу жомоктор маанилүү. Келечекте бактылуу үй-бүлө түзүш үчүн, ар бир окуучу бала же окуучу кыз өздөрүнүн жыныстык ролдорун кабыл алып, мен кызмын, мен эркек баламын деп түшүнүп, карама-каршы жыныстын өкүлдөрүнө жакшы мамиле жасаганды үйрөнүп, ийгиликтүү социалдашып, тең укуктуу коомдо жашаганга көнө баштаганы эң маанилүү.

Эң негизгиси, ар түрдүү жомокторду окуп, талдап, аларды сахналаштырып жана башка чыгармачыл кырдаалдарда иштеп жатып, ар бир кыз жана бала алардын жынысына тиешелүү сапаттарга ээ боло башташы зарыл. Дагы абдан маанилүү нерсе, эркек балага да, кызга да ар түрдүү жомоктор аркылуу эркек менен аялдын өз ара мамилелеринин оң үлгүлөрүн көрсөтүү, аларды талдоо, сахналаштыруу.

Гендердик билим-тарбия берүүдө колдонулуучу чыгармаларды тандоого кылдаттык менен мамиле жасап, аналитикалык ой жүгүртүү зарыл жана төмөнкү талаптарды жакшылап карап чыгуу керек. Алар төмөнкүлөр:

- окуучулардын жаш курагын эске алуу, кайсы чыгарма сунушталбасын, ал окуучуларга түшүнүктүү, жеткиликтүү болуусу зарыл;
- эмоционалдык жактан жагымдуу болушу керек;
- чыгарманын сюжети динамикалуу болуп, башкача айтканда, өзгөрүп, кырдаалдар алмашып турушу керек;
- башкы каармандарын сүрөттөлүшү образдуу, ачык-айкын, таасир калтырып, элестетүүгө мүмкүн болушу керек;
- чыгарманын кээ бир эпизоддорун окуучулар өздөрү сахналаштырып же ролдук оюндар аркылуу бере ала тургандай болушу керек.

Элдик оозеки чыгармачылык жана көркөм адабият окуучуларды тарбиялоодо колдонула турган эң бай булактардын бири, анткени окуучулар кээ бир адабий каармандарды жактырышат, алардын жүрүм-турумдары алар үчүн үлгү, ал эми кээ бир каармандарды жактырышпайт, алардын жашоого болгон

көз карашын кабыл алышпайт. Ошентип адабий чыгармалар окуучуларга коомдун гендердик маданиятын өздөштүрүүгө жардам берет.

Сунушталган колдонмодо жомоктордон тышкары төмөнкү чыгармалар менен иштөө каралган: «Жаңыл мырза», «Кыз Сайкал», «Курманжан датка». Бул чыгармалардын башкы каармандары феодалдык доордо аялдардын укуктары бузулуп, аларга адамга эмес, малга мамиле жасаган сыяктуу шарттарда да өздөрүнүн инсандык сапаттары, акылмандыгы, эркинин күчтүүлүгү, кайраттуулугу менен социалдык коомдо эркектер менен тең, ал эми кээ бир учурда алардан да жогору орунду ээлешип, чыныгы инсандар катары тарыхта калышкан. Ал эми «Ак Мөөр», «Алымкан», «Ажар» аттуу чыгармаларда окуучулар ошол учурдагы социалдык коомдо кыздарга, аялдарга жасаган мамилени талдай алышат, мындай абалдын себептерин аныктап, заманбап социалдык коомдогу кыздардын, аялдардын абалы менен салыштыра алышат. Ошондой эле колдонмодо дагы бир топ чыгармалар башкы каармандын образынын өнүгүүсүн көрүүгө мүмкүнчүлүк берет, мисалы чыгарманын башында каарман алсыз, чечим чыгарууга мүмкүнчүлүгү жок, аны башка адамдар кемсинтип же башкарып, көп сапаттары анча өнүгө элек болсо, чыгарманын аягында ал кандай бийик даражага жеткени, өнүгүүнүн узак жолун өткөнү, өз турмуш жолунда туура чечимдерди кабыл ала турган инсан катары калыптанганы берилген. Мындай өнүгүүнү көрсөткөн чыгармалар: «Биринчи мугалим», «Зайыптар», «Жамийла», «Түштүк кыз», «Жетимдер», «Жат терезеде өскөн менин гүлүм», «Мунабия». Ал эми «Астра гүлү» чыгармасындагы башкы каарман башкача абалда, ал өзүнүн бактысы үчүн чечим чыгарууга мүмкүнчүлүгү жок, инсан катары бир канча себептер боюнча өнүкпөй калган адам.

Окуучулардын гендердик билим-тарбия алуусунда ар бир чыгарманын каармандарын, учурдагы социалдык коомду, анын талаптарын, аялдарга кылган мамилелерин салыштырып, изилдөө жүргүзүп, өздөрүнүн баасын жаратууга өбөлгө түзүлүшү керек. Эмне үчүн социалдык коомдо гендердик жактан эки жыныстын тең өкүлдөрү тең укуктуу болушу абдан маанилүү деген ойду

негиздеп берүүгө  жогоруда аталган чыгармаларды окуу, талдоо, тапшырмаларды аткаруу камсыздашы керек.

## Ар түрдүү жанрдагы чыгармалар менен иштөөнү уюштуруунун натыйжалуу ыкмалары

Чыгармалардын мазмунун, максатын түшүнүү үчүн, окуучуларга гендердик билим-тарбия берүүнү натыйжалуу уюштуруу максатында сунушталган тексттер менен иштөө абдан натыйжалуу болуусу зарыл. Мугалим ар түрдүү текст менен иштөөнү уюштурууда  окуучуларды анын түзүлүшүнө, негизги темага, негизги идеяларга, абзацтарга, алардын байланышына, байланыштуулугуна көңүл бурдурушу керек. Эң негизгиси, ар бир адабий чыгарманы окуучулар чыгармачылык ишмердик менен алектенип, өздөштүрүүсүн уюштуруу зарыл. Ушундай шартта гана төмөнкү талаптар ишке ашырылат:

- окуучулардын окурмандык жана адабий элестөөлөрүн өнүктүрүү менен чыгармаларды кабыл алуу жана түшүнүү камсыздалышы керек;
- адабий чыгарманын тили менен иштөө учурунда балдардын кебин өнүктүрүү зарыл;
- ар бир адабий чыгарма менен иштөө учурунда аналитикалык ой жүгүртүү, изилдөөчүлүк процессине шарттар жаралышы керек.

Окуу максаттуу багытталган ишмердик жана белгилүү максаттарга жетүү каражаты болгондуктан, текст окуунун төмөнкүдөй багыттарын   тандоо зарыл:

- маалымат алуу
- суроолорго жооп табуу
- өз тажрыйбасын жана билимдерин текстте туюнтулган маалымат менен салыштыруу
- текстте берилген маалыматты уюштуруу
- кайта айтып берүүгө даярдануу
- жаңы билимдерди же жаңы тажрыйбаны алуу
- өзүнүн сөздүк корун жана тилдик туюнтуу ыкмаларын байытуу
- жаңы эмоционалдык тажрыйба алуу ж.б.у.с.

Текстти өздөштүрүүдөгү аны окуу ниетине (максатына) жараша төмөнкүдөй белгилүү ыктар колдонулат:

- тереңдетип окуу
- тандап окуу
- карап чыгып окуу
- жалпы кабылдап окуу

Баланын дагы бир нерсени билүү ниетинде окуп, окуган нерсесинен маани-маңыз издей тургандыгын эске алсак, анда аталган процессте ага усулдук жактан колдоо көрсөтүшүбүз зарыл.

Окулуп жаткан текстти түшүнүү деген эмне? Муну маалымат бирдиктерин жеке тажрыйбасы жана билимдери менен байланыштыруудагы логикалык байланыштын калыптанышы катары түшүндүрсөк болот.

Эгер текст жеңил тил менен жазылган болсо, түшүнүү кабылдоо менен жуурулушкансып калат: биз дароо эле мурда алган билимдерибизди эстейбиз (сөздөрдүн маанисин аңдап-түшүнөбүз) же өзүбүздүн болгон билимдерибизден конкреттүү учурда керектүүсүн иргеп алып, аларды жаңы таасирлерибиз менен байланыштырабыз.

Тааныш эмес кыйын текстти окуганда, маалыматты аңдап-түшүнүү (билимдерди ыңгайлаштыруу жана жаңы логикалык байланыштарды түзүү) татаал жана узак мөөнөттүү процесс болуп саналат. Мындай учурда текстте туюнтулган нерсени аңдап-түшүнүү үчүн ынтаа коюу, тилди мыкты билүү жана аны ыкчам пайдалануу эле жетишсиздик кылат, мында ой жүгүртүүнүн белгилүү ыкмаларын да өздөштүрүү зарыл.

Түшүнүп окуу тууралуу окумуштуулар далилдегендей, текст окуу ыгы өркүндөтүлбөгөн болсо, окуу көндүмдөрү да начар өнүгөт. «Берилген текстти жакшы түшүнүү жана эске сактоо үчүн кантип окуйсуң?» деген суроого окуучулардын айрымдары бул жөнүндө дегеле ойлонбойбуз деп жооп кайтарышкан.

Бул суроого төмөндөгүдөй оң жооптор да берилген:

1. Ким бирөө мага окуп беришин суранам. Ошондон кийин гана өзүм окуйм.
2. Алгач сөз эмне тууралуу болорун билүүгө аракеттенүү менен «текстке көз жүгүртүп», анан гана окуй баштайм.

**3.** Эч нерсени калтырбай, ар бир сабын окуп чыгам. Бир нече жолу окуйм.
**4.** Башында жай окуп, анан эмнени окуганымды эстеп калуу үчүн дагы бир ирет окуган үзүндүгө кайрылам.
**5.** Окуп, маанисин түшүнбөгөн сөздөрдү белгилейм.
**6.** Эгер текст татаал, маалымат көп болсо, аны бир нече жолу окуп чыгам.
**7.** Окуп, эгер бир нерсени түшүнбөсөм токтойм.
**8.** Окуп, тексттеги эң маанилүү нерсе жөнүндө ойлоном.
**9.** Окуп, эң маанилүүсүн белгилейм.
**10.** Үзүндү окуп, аны өз сөзүм менен кайра айтам.

«Текст менен кантип жакшы иштеп, муну канчалык ар түрдүү аткарса боло тургандыгын сага кимдир бирөө үйрөттү беле?» деген суроого окуучулардын көпчүлүгү *"жок"* деп жооп беришкен.

Изилдөөнүн жыйынтыктары биз, педагогдор, балдарды текст менен иштөөгө канчалык даярдайбыз, окуунун максатына карай ар кандай стратегияларды ачабызбы деп ой жүгүртүүгө түртөт.

Сыягы, бул көбүнесе өзүнөн-өзү түшүнүктүү нерседей туюлат – түшүнүп окуу, эң орчундуусун кабылдоо, эсте сактап калуу жана жаңы сөздөрдүн маанисин контекстте өздөштүрүү керек.

Ошентсе да, окуучуларды текст окуунун жана маалыматты уюштуруунун ар түрдүү ыкмалары менен тааныштырсак, алар көбүрөөк билип, алардын аң-сезимдүү жана максаттуу эсте сакташына да өбөлгө түзүлмөк. Бала окуганын жакшы кабылдап, түшүнүп жана эсте сакташы үчүн башынан эле аны окуунун ар түрдүү ыкмаларын өздөштүрүүгө көнүктүрүү шарт.

Колдонмодо сунушталган адабий чыгармаларды ийгиликтүү өздөштүрүп, окуучуларга гендердик билим-тарбия берүү натыйжалуу болсун үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонууну сунуштайбыз.

**Мээге чабуул –** чыгармачыл активдүүлүктү жана жемиштүүлүктү жөнгө салган ыкма. Мээге чабуул жасоо жекече, жуптарда жана кичи топтордо болушу мүмкүн.

Ыкманын кадамдары:

**1.** Мугалим теманы жарыялайт.

**2.** Окуучулар чектелген мөөнөттүн ичинде (3-4 мүнөт) сабактын темасы же проблемасы боюнча идеяларын жазышат.

**3.** Окуучулар өздөрүнүн идеяларын түгөйлөшүп бири-бири менен бөлүшүшөт.

**4.** Мугалим окуучуларга өздөрүнүн идеялары менен топто бөлүшүүсүн сунуштайт.

**5.** Тактага же кагаз бетине бардык идеялар жазылат, бир да идеяга баа берилбейт жана бирөө да четке кагылбайт.

**6.** Келечекте бул идеялар бөлөк иштердин негизи катары колдонулушу мүмкүн.

Кыскача мазмуну: Бир нерсени бат эстөө же чечүү ыкмасы.

**Графикалык уюштургучтар** – схемалар, графикалар, тегеректер, таблицалар. Түшүнүктөрдүн, кубулуштардын, предметтердин айкалышын, айырмачылыктарын демонстрациялаган (көргөзгөн) каражаттар. Объекттин вербалдык түшүнүгүн көрсөтөт. Маалыматты топтоонун, аны эске көп убакытка чейин тутуунун жана көргөзүүнүн куралдары.

Эске тутууну стимулдаштырган (колдогон, өнүктүргөн) жазууну жүргүзүү процесси. “Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу” программасы маалыматты кайра иштеп чыгаруу үчүн ар кандай графикалык уюштургучтарды колдонот. Материалдын графикалык уюштургучун колдонуу пайдалуу, анткени аларды түзүүдө мээнин эки жарым шары тең катышат: сол жагы (сандар, сөздөр, логика, деталдуу майда-чүйдөлөр үчүн жооптуу), оң жагы (образдар, өң-түс, ритм, үстүртөдөн болгон түшүнүктөр үчүн жооптуу).

Кыскача мазмуну: графикалык түрдө берилген маалымат.

**Инсерт** – эффективдүү окууга жана ойлонууга жардам берген маалымат менен белгилеп иштөө (маркировка) ыкмасы. Текст менен диалог жүргүзүү жана маалыматты көзөмөлдөө жана түшүнүү ыкмасы.

Стратегиянын кадамдары:

**1.** Чакыруу стадиясында – тема боюнча мээге чабуул жасоо.

**2.** Маңызын түшүнүү стадиясы – барактын четине белгилеп жазуу менен бирге текстти окуу. Төмөнкү белгилер колдонулат:

**V** (чымчыкча) - тааныш маалымат;

**+** (кошуу) – жаңы маалымат;

- (алуу) – сиз буга чейин билгениңиз же ойлогонуңуз менен туура келишпейт;

**?** (суроо белгиси) – сизге түшүнүксүз, же бул суроо боюнча кененирээк маалымат алайын дегенсиз.

**3.** Ойлонуу стадиясында (рефлексия) – белгилеп иштөөгө таянып окуганды түгөй менен, андан кийин топто талкуулоо. Топтогу талкуулоо “белгиден белгиге чейин жүргүзүлөт”; белгиленген маалымат окуучулар тарабынан ирети менен көргөзүлөт: алар билгенден – суроолорго.

**4.** Аягында текст боюнча таблица түзүлөт же кандай болсо да бөлөк корутунду жасалат.

Кыска мазмуну: атайын белгилерди коюп окуу.

Образы: из куучу.

**Багытталган окуу** – тексттин мазмунуна жана идеясына жараша алдын-ала божомолдоого жана суроолор түзүлүшүнө негизделген текст менен иштөө ыкмасы.

Стратегиянын кадамдары:

**1.** Мугалимдин даярдык иштери: Текст бөлүктөргө бөлүнөт. Ар бир бөлүккө суроолор ойлонуп табылат.

**2.** Сабакта текст менен иштөө: Чакыруу стадиясында адегенде окуучулардан сабакта окула турган чыгарманын автору жөнүндө сураса болот. Бул сүйлөшүү көп убакытка созулбашы керек жана мугалим окуучуларга түшүнүк берүү иретинде жана алардын кызыгуусун туудуруу үчүн жазуучунун өмүр баянынан бир-эки белгилүү факты айтып коет. Андан кийин мугалим сабакта окулуучу тексттин өзүнө кайрылуу жасайт. Бул чыгарманын аталышы жөнүндөгү сөз болушу мүмкүн: Силер кандай деп ойлойсуңар? Баланча деп аталган чыгармада эмне болуп кетиши мүмкүн? Чакырууну тексттин сиз доскага жазган маанилүү сөздөргө да жасаса болот: Төмөнкү сөздөр жолуккан аңгеменин сюжетин ойлоп тапкыла.

**3.** Мугалим класска текстти кантип окуу жөнүндө көрсөтмө берет: текстти мугалим көрсөткөн жерге чейин гана окуш керек. Андан ары окууга болбойт.

**4.** Мазмунун (маңызын) түшүнүү стадиясында текст бөлүктөр менен окулат. Мугалим окуу темпине байкоо жүргүзөт.

**5.** Ар бир бөлүк окулуп бүткөндөн кийин мугалим окуучуларга алдын-ала даярдаган суроолорун берет. Суроолор текстти тереңирээк кабыл алууга жана түшүнүүгө, кыялданып ойлонууга, анализге, синтезге, окуяларды, мүнөздөрдү, абалдарды баалоого багытталат. Бирок, суроолордо мугалимдин оюу эч качан көрүнбөш керек, ал эч качан окуучуларга чыгарма боюнча өзүнүн интерпретациясын (чыгарма боюнча оюн) бербеш керек. Берилген суроолорго жараша окуучулар баяндоонун турпатын жана чыгарманын идеясын түшүнүшөт, байкоолорду жүргүзүшөт. Текстте андан ары эмне болору жөнүндө алдын-ала болжолдогон суроолор сөзсүз түрдө берилиши керек. Бул окууга кызыгуу жаратат. Батыраак андан ары окуу жөнүндө каалоо туудурат. Ошентип, бул суроо тексттин эмки бөлүгүнө барууга чакырат, андан кийин окууда жаңы маалыматтарга учурашат, мазмунун (маңызын) талдап түшүнүшөт, андан кийин окуучулардын суроолору боюнча дискуссия жүргүзгөндө окуучулар ойлонуу стадиясынан өтүшөт. Окулуп жаткан текстте канча үзүндү болсо, ошончо жолу ушундай иштер жасалат. Ошентип, стадиялар ушундай жагдайда сабак бою бир нече жолу кайталануу менен циклдүү мүнөздө болот.

**6.** Тандап түшүнүү стадиясында окуучуларга өз алдынча эссе түрүндө жазуу иши сунушталат (10 мүнөттүк).

**7.** Окуучулар жуптарда бири-бирине эссени окуп беришет.

**8.** Каалагандар өзүнүн эссесин бардык класска окуп берет.

Кыскача мазмуну: Окуучулардын кызыгуусун жаратуу үчүн эң кызыктуу жерлеринен токтотуп коюп окуу.

**Эки бөлүктүү күндөлүк** – текст менен иштөөнүн интерактивдүү ыкмасы. Мындай күндөлүктү толтуруу үчүн атайын убакыт талап кылынат. Белгилүү формада окурмандардын ой жүгүртүүлөрүн, комментарийлерин, баалоолорун жана башка жазууну болжолдойт (тапшырма класста да, үйгө да берилиши мүмкүн):

| Цитаталар | Комментарийлер, ассоциациялар, ой жүгүртүүлөр, талкуулар |
|---|---|
| | |

Окуган нерсеге карата окуучунун түздөн түз реакциясын ачып көрсөтүү үчүн жана сөзсүз түрдө аудиторияда өткөн жана белгилүү иретте кийинки талкуу үчүн негиз катары пайдаланылат.

Кадамдар:

**1.** Мугалим окуучулардан тексттин башынан, ортосунан жана аягынан бир нече цитаталарды тандоону сурайт (тексттин көлөмүнө жараша). Цитата абдан узун болбошу керек (бир сүйлөм, фраза, сөз).

**2.** Цитатаны күндөлүктүн сол тилкесине жазуу керек.

**3.** Бардык комментарийлерди оң тилкеге жазуу керек.

**4.** Аудиторияда мугалим кимдир бирөөдөн биринчи цитатаны окуп, ага комментарий берүүнү сурайт.

**5.** Мугалим окуучулардан сурайт "Ким ушул же ага жакын цитатаны жазды?"

**6.** Кийинки окуучу ушул эле цитатаны жана ага болгон өзүнүн комментарийин окуйт. Бир эле цитата ар кандай окуучулар тарабынан ар түрдүү комментарийлениши мүмкүн.

**7.** Кийинки цитатага өтүү жана көрсөтүлгөн үлгү боюнча андан ары талкуулоо.

Кыска мазмуну: Окулган нерсе боюнча окуучулардын алган биринчи таасирлери.

**ББКБ (билем/ билгим келет/ билдим) –** маалымат менен иштөө стратегиясы, тема же проблема боюнча изилдөө өткөрүүнүн ыкмасы.

Стратегиянын кадамдары: (Үч тилке - бөлүктөрдөн турган таблицаны толтуруу)

**1.** Мээ чабуулу. Биринчи тилкеге окуучулар талкууланып жаткан тема боюнча эмнелерди билишсе, ошолорду жазышат.

**2.** Жазылган идеяларды категориялар боюнча бөлүп, карап чыгышат.

**3.** Экинчи тилкеге окуучулар эмне жөнүндө билгилери келсе, суроо формасында жазышат.

**4.** Суроолорду да категориялар боюнча бөлүп, карап чыгышат.

**5.** Текстти окуп, үчүнчү тилкеге жооптор жазылат, ошондой эле жаңы идеялар да жазылат.

**6.** Жооп бере албай калган суроолорго ар кайсы булактардан жооп издешет.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

Кыскача мазмуну: текстти окуу жана эвристикалык таблицаны толтуруу.

**Кубик** – текстти түзүү стратегиясы. Окуучулардын предметти, кубулушту, теманы таанып-билүүнүн алты деңгээлин өтүү процедурасы менен чектелет. “Кубик” процедурасы боюнча иштөө Б.Блумдун таксономиясынын таанып-билүү максаттарынын алты категориясына негизделген.

Стратегиянын кадамдары:

**1.** Теманы тандоо.

**2.** Кубик менен таанышуу. Мугалим сабакка ар бир тарабына белгилүү тапшырма жазылган кубикти алып келет.

**3.** Окуучуларга кубиктин жактарында жайланышкан суроолорго жооп берүү менен эссе жазуу сунушталат.

**4.** Жазылгандарды презентациялоо.

Кубиктин жактарындагы тапшырмалар:

- Предметти, кубулушту, теманы сүрөттө (Кандай формада, түстө, өлчөмдө?).
- Салыштыр (Эмнеге окшош же окшош эмес?).
- Ассоциация бер (Бул эмне менен байланышкан, эмнени эске салат?).
- Талдоо жүргүз (Бул кантип жасалды? Эмнеден турат?).
- Колдон (Муну менен эмне жасаса болот? Аны кантип пайдаланса болот?).
- “Ооба” жана “каршы” аргументтерин түз.

Кыскача мазмуну: предметти түшүнүүнүн тепкичтери.

**Чаташкан логикалык чынжырлар –** прогноз (алдын ала болжолдоп айтуу) жүргүзүүнүн бир ыкмасы. Окуялардын хронологиясын калыбына келтирүүгө, тексттеги себеп-натыйжа байланыштар жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Стратегиянын кадамдары:

**1.** Даярдануу иши: Курамында фактологиялык, концептуалдык маалыматтарды камтыган текстти тандоо.

**2.** Мугалим барактын белгилүү тилкесине тандап алган тексттен беш-алты цитатаны жазат. Булар фактыларды, окуяларды, хронологиялык же алардын ортосундагы себептүү-издүү байланыштарды чагылдырган цитаталар болушу мүмкүн.

**3.** Цитаталар жазылган барактын тилкелери класста ар кандай жерлерге илинет.

**4.** Окуучулар төрт-беш адамдан турган топторго бөлүнүшөт.

**5.** Мугалим окуучуларга цитаталарды дептерге жазууну жана топто корутундулап жана талкуулап, окуянын өсүшүнө карата аларды катары менен номерлөөнү сунуштайт.

**6.** Ар бир топтон бир өкүл тактага чыгып, ага топ кабыл алган ирети менен цитаталарды илет.

**7.** Андан кийин өзү берген окуялардын ирети менен өсүүсүн корутундулап, "цитаталар боюнча түзүлгөн аңгемесинин" вариантын көргөзөт. Топтун өкүлдөрү жолдошуна жардам бере алышат.

**8.** Ар бир топтун ишин уккандан кийин, мугалим окуучуларга текстти окууну, андан кийин текст боюнча жана андан соң тактадагы окуялардын чыныгы өсүүсүн иреттөөнү сунуштайт.

**9.** Бул этапта окуучуларга текстти кайра айтып берүүнү сунуштаса болот, же сабакты белгилүү болгон жалпылоо (эссе) менен аяктаса болот.

Кыскача мазмуну: чаташып калганда иликтеп, ирети менен ордуна коюшу керек.

## Жомок – адамзаттын тажрыйбасы


Жомоктордо элдин тилеги, ой-максаты, келечек жөнүндөгү үмүтү берилет. Алардын каармандары элдин үмүт-тилеги менен жашаган жетим бала, акылдуу кыз ж. б. Алар дайыма жеңишке жетишет. Жомокторду акын-жазуучулар да жазышат.

Жаш муундарды тарбиялоодогу жомоктордун мааниси дайыма зор.

**1.** “Акыл Карачач” жомогу эмне жөнүндө деп ойлойсуңар? Жуптарда ойлоруңар менен бөлүшүп, жалпы топто талкуулагыла.

**2.** Жомокту тыным менен окугула.

# Акыл Карачач



Өткөн бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче аттуу киши болуп, анын Төлөмырза деген уулу бар экен. «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деп уулу жөнүндө элдин айткан сөзүн Жээренче күн сайын угуп жүрдү. Бир күнү уулун сынамак үчүн, караңгы түндө ээрчитип келатып атасы:

- Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы: мага аркарга окшош бирдеме көрүнөт, - деди.

- Ырас эле аркар экен, козусун эмизип турат, - деди уулу.

- Жаның чыккыр, баламдын жалганчы экени чын турбайбы, - деп Жээренче катуу капаланды.

Төлөмырза карга атса, «кийик аттым» деп элге мактанат. Бирок колунан эч нерсе келбейт. Мунусу элге да, атасына да бүт маалим болду. Бир күнү көпчүлүк элге адатынча дагы калп айтып мактанып калды: «Бая күнү бир кийикти атып жиберсем, огум кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти», - деди.

Анда Жээренче чечен: «Атаа, балам-ай, туягы менен кулагын кашынып турган кезинде аткан экенсиң ээ», - деди. Ошентип, баласын уяттан куткарып, анан үйүнө келгенден кийин:

- Атаа, жаның чыккан балам-ай, калпты эпсиз айтып салдың, аны эбине келтире албай эсим оободубы. Адам болом десең, мындан кийин эч калп айтпа. Калп сөзүң өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет ... - деп, жалгыз баласы жанына тынчы жок, сөзүндө чыны жок, анык жаман бала болгонуна ого бетер катуу капаланды.

### *1-тыным*

*- Жээренче жөнүндө эмне билдиңер? Ал эмнеге кайгырчу экен?*

*- Төлөмырзаны кандай элестеттиңер? Кандай сапаттарын белгилей аласыңар?*

*- Атасы жалгыз баласына кандай сунуш берди?*

Бир күнү баласын ээрчитип жолдо келатып:

- Ат жалына казан ас, балам, - деди. Төлөмырза жерге түшө калып, аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди.

- Эй, балам, ат жалына казан асуу – канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз, - деди атасы.

Дагы бир топ узагандан кийин:

- Балам, узун жолду кыскарт, - деди.

Төлөмырза аттан түшө калып, жолду кетмендеп жиберди.

Жээренче чечен:

- Жолду кетмендеп кыскарта албайсың, балам. Узун жолду кыскарт деген – кызыктуу кеп сал деген сөз. Көп эрмек болуп, жолдун кандай өткөнү билинбей калат. Узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз гана кыскартат,- деди.

«Минте берсе, жалгыз уулум Төлөмырза – мырза да, тукум-туяк да болбойт. Карылардан калган ылакап бар эмеспи: «Аял жакшы – эр жакшы», «Акыл оошот, ырыс жугушат» дейт. Издеп жүрүп, буга эми анык бир жакшы колукту табайын деп ойлоп, Жээренче атты тандап минип, эл аралап кыз издөөгө жөнөдү.

***2 -тыным***

*- Жээренче чечен баласына кандай максат менен тапшырмаларды берди?*

*- Баласы аткарган иш-аракеттер атасына жактыбы? Эмне үчүн?*

*- Атасы кандай чечимге келди?*

*- Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

Барбаган эли, бастырбаган жери калбай, алты ай чамасында кыдырып жүрдү. Кыз элде көп, бирок Жээренче чечендин издеген кызы эч табылбайт. Элдин баарын бүт аңтарып, капа болуп, кайгы чегип, акыры Жээренче үй жагына кайтмак болду. “Балам бактысы жок жаралган экен, ушунча журттан ылайыктуу кыз табылбаганын көрчү” деп келе жатса, айылдан окчун жерде отун көтөргөн бир топ кыз-келин көрүнөт. Аңгыча күн жаап жиберди. Келиндердин алы жеткени музоосун жетелеп, отунун көтөрө качты. Кыздардын баары үйлөрүн көздөй чымын-куюн чуркашты. Бир кыз музоосун кармап, отунун чапан менен жаап, өзү отунду далдаа кылып отуруп калды.

- Ээ, балам, тиги кыздар жүгүргөн бойдон үйүнө кетти. Сен эмне себеп менен жаанды тосуп отуруп калдың? - деди, Жээренче.

- Ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар, - деди кыз.

- Пайдаң кайсы?

- Музоом эмген жок, отунум кургак бойдон калды, өзум суу болгон жокмун. Үйгө барганда энем урбайт – бул үч пайдам. Чапаным суу болду – бир зыяным ушул. Ал эми кыздардын музоосу эмди, отуну жана кийими суу болду, ошону менен бирге музоону эмиздиң деп энеси урат... Мына ушинтип, качып кеткен кыздардын төрт зыяны бар.

- Жарадың, балам. Силердин үйүңөр кайсы?

- Биздин үйдү айылга барсаңыз эле таап аласыз, ата. Кырк найзаны кыдырата сайган үй биздики...

***3 -тыным***

- *Жээренче чечен кандай кызды издеди?*
- *Ал үйүнө кайтып келе жатып эмнеге кейиди?*
- *Жээренче чечен кимге жолукту? Ал кыз менен эмне жөнүндө сүйлөштү?*
- *Эмне үчүн Жээренче кыздын жашаган үйүн сурады?*

Жээренче чечен «издегеним табылды» деп ичинен кымыңдап, айылды бүт аралап жүрүп, бирок үйүн такыр таппай койду. Анан «бул кыз мага табышмак кылып айткан экен, кырк найзасы - үзүгүнөн кырк уугу көрүнүп турган үй чыгар» деп ойлоп, так ошондой үйгө барып түштү.

Ата-энеси жакшы адамдар экен: алынча сыйлап, сылык сүйлөп отурушту. Аңгыча күн ачылды. Отунду көтөрүп, музоону жетелеп, кызы келди. Кыздын аты Карачач дешти.

Тамак желип, эл жатар мезгилде, Карачачтын ата-энесине Жээренче сөз баштады:

- Менин жалгыз балам бар. Өзүмдүн атым - Жээренче чечен, баламдын аты - Төлөмырза. Балама элден кыз жакпай, атайын кыз издеп чыкканыма алты ай болду. Акыры ушул сиздин кызыңызга көңүлүм түштү. Куда болсом, эгер силер эп көрсөңөр,

балам экөөнүн бактысы ачылса деген тилегим турат, - деди.

- Мунуңуз жакшы кеп. Бирок биз өзүбүз бечара адамбыз, жалгыз кызыбыз бар, а сиз айтылуу Жээренче чечен болсоңуз, балаңыз Төлөмырза элден-журттан кыз жактырбай тандап жүрсө, менин кызым көңүлүнө жакпас бекен, буга жоопту кызым өзү берсин,- деп Карачачтын ата-энеси жер карашты.

- Бул киши алыстан келген азиз конок экен, - деди Карачач,- кызым билет деп мага шылтаганыңар жарабайт. Берер болсоңор, мага шылтоо кылбай эле, абийирдүү кишиге ачык жообуңарды айткыла.

Кыздын сөзүнө Жээренченин ичи жылып, чындап киришти:

- Кана эми, кудагый оозум батып айта албай отурган сөзүмдү балам өзү баштап берди. Карачачтын аты - Акыл Карачач болсун, мындан ары бактысы ачылсын. Эл көзүнө көрүнгөндөй болуп куда түшкөнүм жакшы. Салтыбыз, наркыбыз орду менен өтсүн: төөдөн, жылкыдан, уйдан, койдон канча менен келейин? Мына ушуну ачык айткыла, - деди Жээренче.

- Жалгыз кызыбыздын калыңын айтып, башына аркан салгансып, малга кантип айырбаштайм? Калың-каадасын, жол-жобосун эмне кылса кызым өзү билсин, - деди кыздын энеси.

- Менин ата-энем бечара кишилер, - деди Карачач. - Кызын малга сатууга алы келбейт, кызы да малга сатылып барбайт. Карачач кадыр-көңүл түз келген жерге барат ...

***4 -тыным***

- *Жээренче чечен кыздын үйүн оңой эле таптыбы? Эмне үчүн?*
- *Ал кыздын ата-энеси менен эмне жөнүндө сөз кылды?*
- *Жээренче-чеченге Карачачтын кандай сапаттары жакты?*
- *Кыз макулдугун береби? Эмне үчүн деп ойлойсуңар?*

Тойго Жээренче жыгылыштуу болуп, малды арбын союп, башына той башкаруучу коюп, жети күн той берип, сегизинчи күнү Карачачты үйүнө алып кетти. Карачач келгенден тартып, чечендин иши ого бетер оңоло баштады.

Мунун кабары Жаныбек канга угулду. «Анык жакшы келин экен. Баягы Төлөмырза жок, атайы киши болуп калыптыр» деген сөздү уккандан кийин: «Барып келинин көрөйүн» - деп Жаныбек

кан келди.

Чечен алынын жетишинче кызмат кылып, Жаныбектин келгенине кубанып, коноктоп сый көрсөттү. Кан келинди көрүш үчүн үстүнө чакыртып алып, өз ичинен: «Мага ылайык аял экен» деп ойлоду.

- Келинге төрт суроом бар. Ушуга сен жооп бересиң - деп, Карачачты кан кепке кармады.

- Эби келсе жооп берейин, сурай бериңиз, - деди Карачач.

Тулпарды уйга сатса не болот?

Атты эшекке сатса не болот?

Туйгунду каргага сатса не болот?

Башы ачык катынды нааданга сатса не болот?..

- Так ушул төрт суроомдун жообун таап койгун, эртең кабар алам, - деп Жаныбек кан аттанып кетти. Буга Жээренче чечен капаланып калды.

- Сиз неге капа болосуз? Жообу табылар. «Кандын пейли бузулса - калкына түйшүк түшөт, өз башына бүлүк түшөт» дептир. Кан Жаныбек арты жакшылык көрбөс, өзүнүн жакынынан өлөр, аман жүрсөңүз, көзүңүз көрөр. Мен анын сөзүнө жооп берем,- деди Акыл Карачач.

***5-тыным***

*- Карачач Жээренче-чечендин үйүнө келгенден баштап кандай өзгөрүүлөр болду?*

*- Жаныбек кан кандай максат менен алардын үйүнө келди?*

*- Анын суроолоруна силер кандай жооп берет элеңер?*

*- Карачач жооп таба алабы? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

Кан Жаныбек эртеси эртелеп келип, сөзүнүн жообун сурады. Камыкпаган Карачач:

- Жаныбек каным, бузулду заңың, бул кандай жорук, тынчыбаган жаның? - деп сөзүн дагы улантты: "Тулпар тушунда, күлүк күнүндө: күч бербеген тулпардан сүт берген уй жакшы, чабал аттан чарчабаган эшек жакшы; жаш отундан шыркырап күйгөн куу отун жакшы; канаты жок туйгундан

канаттуу карга жакшы... Каным, менин тапканым ушул, сиздин укканыңыз ушул, - деп Акыл Карачач басып кетти.

Кан Жаныбек жеңилип, үйүнө кайтты. Карачачты кан кантсе да алууну ойлоп, каарын төгүп, Жээренчеге жигитин жиберди.

- Эртең менен Жээренче менин алдыма келсин: ат минбесин, жөө да келбесин, жол менен жүрбөсүн, жолсуз талаа менен да жүрбөсүн! - деп, кандайдыр адам таң калардык катуу буйрукту берген экен. Жигит муну айтканда, чеченге убайым түшүп, келини менен кеңешти. Акыл Карачач атасы Жээренчеге минтип айтты:

- Эртең эрте туруп, текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы кыр менен барыңыз. Кан суроо сураса: ат же төө минген жокмун, теке минип келдим; жол менен да, талаа менен да келген жокмун, кыр менен келдим деген жоопту бериңиз, ошондо Жаныбек кан сөзгө жыгылат.

Жээренче тепейтип теке минип, эки жолдун ортосундагы кырга кирип, кан Жаныбектин ордосуна барды:

- Кан, буйругуңду аткарып келдим. Ат же төө мингеним жок, жөө келгеним да жок, теке минип келдим, адам учкаштырбай жеке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, эки жолдун ортосундагы кыр менен келдим. Каным, каарыңа калган окшоймм, азыр кайгылуу сыр, калың чыр менен келдим,- деди.

Жээренченин сөзүн токтотуп, кан мунун алдына кырк ирик салып: «Кырк күндүн ичинде так ушул кырк ириктин бирин жоготпой, кырк козу туудуруп бересиң» - деди.

Кыр иректи илең-салаң айдап, өзү абдан капа болуп, Жээренче үйүнө кайтты.

Акыл Карачач алдынан тосуп чыгып:

- Ата, бүгүн койлуу болуп калыпсыз го,- деди.

- Ээ, балам, өлбөгөн жан курусун, каардуу канды каргыш соксун: ушул ириктердин көзүн бурбай жана бирин да жоготпой, бүт бойдон козулатып бер дейт. Айла барбы, айдап келдим, - деди Жээренче кайгылуу сүйлөп.

- Ата, капа болбонуз, бул арзан иш турбайбы... - деп, кырк күнгө чейин ириктин улам бирин союп, Акыл Карачач атасына жедире берди. «Эрте өлгөн кулмун» деп чечен ириктин этин аябай жеп жата берди. Кырк күнү бүткөндөн кийин, кан

салтанат менен аттанып, жооп алыш үчүн чечендин үйүнө карай жөнөп калды.

Кан келер күндө Карачач отун алымыш болуп, анын жолун тосуп чыкты. Көңүлү кызып калган кан Карачачты көрөр замат бура тартып:

- Келиним, өзүң отун алып жүрүпсүң, ал эми атаң эмне кылып жатат? - деп сурады.

- Өзүм жалгыз бой болгон соң отунга келдим. Ал эми атам болсо, үйдө толгоосу күчөп, азыр эле төрөп койгону жатат, - деди Карачач.

- Жаның чыккан Карачач, эркек киши да төрөчү беле?! – деп, кандын ачуусу келе түштү.

***6 –тыным***

- *Акыл Карачач Жаныбек кандын табышмактарына кантип жооп берди?*

- *Жаныбек кандын Жээренче чеченге берген биринчи тапшырмасы кандай эле? Ал аны кантип аткарды?*

- *Жээренче чечен кандын экинчи тапшырмасын аткара алабы?*

- *Карачач атасына кандай сунуш берет деп ойлойсуңар?*

Кан Жаныбек өзүн-өзү байлап бергендей болуп, сөзгө жыгылып, үйүнө дагы кайгылуу кайтты. Ал кетери менен Акыл Карачач канга кайтарган жообун кайнатасына келип айтты. «Бул өлүмдөн кутулган экем» деп Жээренче аябай кубанды.

Эртеси кандын дагы бир жигити келип, минтип айтты:

- Кан буйрук кылды: «Отуз күндүн ичинде таштан тарамыш жасап, кумдан өтүк тигесиң».

- Иш кыйын... Таштан тарамыш, кумдан өтүк болчубу? Кулак угуп, көз көрбөгөн балакет эми басты. Көп каарына албай, мынчалык азапка салбай, колунан келип турган мен шордууну биротоло өлтүрүп тынсачы! - деп Жээренче чечен эми жанынан чындап кечти.

Анда Акыл Карачач:

- Ата, сабыр кылыңыз. «Сабырдын түбү сары алтын», сабыры жок Жаныбек саманын сапырыш, өз калкын

кыстап, напсин бузуп жатат. Аман болсонуз, мындан арзан кутуласыз. Мен сизге айтпадым беле:

Адамды шайтан азгырат,
Артык дөөлөт мас кылат.
Тумшугу – таштай катарда,
Тууганы менен кастыгат.

Жалаң эле биз эмес, жандын баарына көзү өтүп, жабыркатып бүттү. Жетим-жесирдин ыйлаган үнү жетер, кандын да күнү бүтөр,- деп Карачач атасы Жээренчеге акыл айтты.

Жаныбек чектеген күнү бүткөнгө чейин, Карачач өз оокатын кылып жүрө берди да, бир күнү башкача кийинип, түсүн буруп, Жаныбектин алдына барды.

- Таксыр каным, бечаралык кыйын экен, кумдан өтүк тиктирип жаттым эле, буга таштан тарамыш табылбай койду. Балким, сиздин казнаңызда бардыр, ушуну сурап келдим,- деди.

Мурдагы буйругу эсинен чыгып кеткен Жаныбек кан:

- Сен кандай акмаксың! Жиндисиңби же соосуңбу? Кумдан өтүк, таштан тарамыш болчу беле? Калжырабай тезинен жогол! - деди.

Акыл Карачач бетине жапкан жаман жоолукту өйдө көтөрүп, өз жүзүн көрсөтүп:

- Каным, оюңузга кулдук, сиз тапшырган кум өтүк, таш тарамыштын камында жүрдүм эле, демек, кандын буйругунан кутулган экенбиз! – деп, акырын гана чыгып кетти. Жаныбек анын айтылуу Акыл Карачач экенин билип, жерди караган бойдон отуруп калды. Акыл Карачач үйүнө келип, Жээренчеге бүгүнкү окуяны айтып берди. Карачачтын акылына атасы абдан ыраазы болду.

***7-тыным***

- *Жаныбек кан кандай абалда калды?*
- *Ал дагы эмнени ойлоп тапты?*
- *Акыл Карачач Жээренче чеченди кантип куткарды?*
- *Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

Аӊгыча Жаныбек кан буркан-шаркан түшө жетип келип, Жээренче чечендин колун байлап, Алтай тоосундагы кара калмакка айдап, буга кошуп Толубай сынчынын уулу Миӊжашарды, Асанкайгынын уулу Төлөнгүттү жиберди. Калмактын каны булардын жайын байкап көрүп, үчөөнү үч жерге бөлүп жиберди.

Жаныбек Төлөмырзаны жан ордуна көрбөй жабыркатып, эӊ эле оор ишке сальш, Карачачты алыш үчүн өз кашына көчүрүп кондурду. Бирок ошондо да Карачачтын айласын таппай, ортодо бир жыл өткөрдү.

Акыл Карачач жакшы сөз аркылуу Жаныбектин өз иниси Бердибекти бузуп:

- Жаныбек эч адамга жакшылык кылбайт, андан көрө агаӊды өлтүрүп калкыӊа өзүӊ кан бол, - деп аны кепке көндүрдү. Бул кабар астыртадан алыскы туткунда жүргөн Жээренче чеченге угулду.

Кабарды уккандан кийин Жээренче жалпы элине табышмак кылып сүйлөп, төмөнкүчө жооп кайтарды: «Эгиндериӊер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум. Орокчулар шай экен, кыштын арты кандай болот, кышка калтырбай эрте оруп алгыла. Толубай, Токтогул, Асанга кабар бергиле. Сокур кара теке бар, аны сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салгыла. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын» - деп өзүнүн эски ордуна атайы киши жөнөттү. Бул сөз жеткен соӊ, түйүнүн чече албай, эл аӊ-таӊ калат. Акырында «Жээренче чечендин келини Акыл Карачач чечер» - деп ага барышып, көпчүлүк андан жооп күтөт. Карачач табышмактуу сөздүн ар бирин чече баштайт: «Айдаган аштыгыӊар бышты» дегени – душманыӊар болушунча болду, толушунча толду, - дегени. «Орокчуӊар шай экен, кышка калтырбай оруп алгыла» дегени - мынчалык кайрат кылыпсыӊар, эми кол салгыла, орок менен буудайды оргондой кылгыла, - дегени. «Кыштын арты кандай болот?» дегени - Толубай, Токтогул, Асанга кабар бергиле; алар эл карысы: иштин убагы келди, жаштарга акылын айтсын, - дегени. «Сокур кара теке бар, аны сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салгыла» дегени - Жаныбек канды өлтүрүп, сакалын кыркып, көзүн чукуп өзүн көлгө салгыла, - дегени. Болор-болбос

бычагы - Төлөмырза; мизи курч кестиги - мен, Акыл Карачач... «Көчкөн журтта унутулуп кор болбосун» дегени - Төлөмырза кеп-кеңештен четте калып, кемчилик тартпасын, кошуп ала жүргүлө, - дегени... Калк атасы карыялар, кайраттуу эр жигиттер, кара сокурду тезинен жоготкула! - деп Акыл Карачач сөзүн аяктады.

Ошондо көпчүлүк Жаныбекти жанчкылап өлтүрүп, Алтайга айдалып кеткен Жээренче жолдоштору менен бүт көчүп келип, чоң той өткөрүп, кең-кесири жана тынчтыкта жашап калышкан экен.

***8-тыным***

- *Жаныбек кан кандай абалда калды?*
- *Ал Жээренче чеченди кайда жөнөттү?*
- *Акыл Карачач атасына кантип жардам бере алды?*
- *Жомок эмне менен бүттү?*

**3.** Акыл Карачачтын образын талкуулагыла




1. Карачачты кандай элестеттиңер? Сырткы келбетин сүрөттөп бергиле.
2. Ал кандай сапаттарга ээ? Жомоктон далилдерди келтиргиле.
3. Жомоктун негизги идеясын аныктагыла, негиздеп бергиле.
4. Азыркы учурда Акыл Карачачка окшош кыз-келиндер барбы? Мисал келтиргиле.
5. Силерге чечкиндүү, ар кандай көйгөйлөрдү чече ала турган кыздар жана балдар жагабы? Эмне үчүн?

**Бала өз шаарын кантип сактап калды?**

**1. Сүрөттөрдү иретке келтирип, чакан аңгеме түзгүлө.**

| 1-сүрөт | 2-сүрөт | 3-сүрөт | 4-сүрөт | 5-сүрөт |
|---|---|---|---|---|
| Шаардагы аксакал, карыялардын бардыгы кеңешүүгө чогулушту. | Каардуу кан шаарды курчап алды. | Карыган текени жана төөнү жетелеген бала кан менен сүйлөшүү үчүн келди. | Бала шаарды сактап калды. | Аксакал карыялардын кеңешине бир жаш бала басып келди. |











**2. Жомокту тыным менен окугула. Ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле.**

**Бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды?**

**I**

Илгери-илгери аябай каардуу Алеке деген кан болгон экен. Бир күнү ал өзүнүн тынч турган коңшусуна кол салып, шаарын

курчап алат да, эгер алар үч күндөн кийин багынышпаса, шаарды талкалай турганын жарыялайт.

Ал шаар кичине болгондуктан, андагы эл Алекенин аскерлерине туруштук бере алгыдай эмес. Шаар тургундары курчоодон чыгып кете алышкан жок. Алар кечирим сурап, душманга багынып берүүдөн башка айлалары калбады.

***1-тыным***

- *Алеке кан кандай экен?*
- *Ал шаардын тургундарына кандай шарттарды койду?*
- *Эл кандай чечимге келиптир? Эмне үчүн?*
- *Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

**II**

Шаардагы аксакал, карыялардын бардыгы кеңешүүгө чогулушту. Алар Алекеге элчи жиберүүнү чечишти. Салт боюнча элчиликке жашы улуу жана кадырлуу кишини жиберүү керек эле. Бирок отургандардын баары Алекенин каардуу экендигин, жиберген элчини сөзсүз маскаралап, атүгүл өлтүрүп коёру белгилүү болгондуктан, элчи болуп барууга эч ким батына алган жок. Мөөнөт күнү бүтүп калды, ал эми бара турган элчини дагы эле таба алышпады.

***2-тыным***

- *Шаардагы аксакал, карыялар кандай чечимге келишиптир?*
- *Эмне үчүн эч ким элчи болуп барууга батына алган жок?*
- *Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

**III**

Күтпөгөн жерден аксакал, карыялардын кеңешине бир жаш бала келип:

– Алеке канга мен барып сүйлөшөм. Мен андан коркпойм, – деди. Аксакал, карыялар баланы жолтоо болбой, жоголгун дешти. Бирок бала кетпестен, Алеке канга жиберүүнү сурана берди.

Адегенде баары баланы шылдыңдап күлүштү. Анан аксакал карыялардын бирөө:

– Чынында эле ушул баланы жиберсек эмне болмок? Балким каардуу Алеке бул баланын сөзүн угуп, бизге тийбес.

Көпкө чейин талашып-тартышып, акыры баланы жиберүүгө макул болушту. Бала уруксат алгандан кийин өзүнө чоң төө жана абдан карыган теке беришин сурады.

Баланын мындай суроосун укканда, карыялардын бардыгы дагы күлүштү.

Бирок бала:

– Азыр элдин башына оор иш түшүп турган чакта күлгөндү токтоткула. Эмне кылып, эмне коёрумду өзүм билем. Менин сураганымды бергиле, – дейт.

Аксакал карыялар баланы чоң төөгө мингизишип, сакалдуу карыган текени жетелетип, шаардан чыгарып жиберишет.

***3-тыным***

*– Аксакал, карыялардын кеңешине ким келди?*

*– Алар балага эмне дешти?*

*– Акырында кандай чечимге келишти?*

*– Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?*

## IV

Алдына келип турган элчиге Алеке кан аң-таң калып:

– Шаарыңарда сенден чоңураагыңар калбай калганбы? – деди.

Бала эч тайманбастан жайбаракат туруп:

– Эгерде чоң десеңиз төө менен, сакалдуу десеңиз теке менен сүйлөшүңүз.

Анткени, биздин шаарыбыздагы эң чоңу төө, эң сакалдуусу ушул теке. Ал эми адам менен аңгемелешүүгө ыраазы болсоңуз, анда мени менен сүйлөшүңүз! – дейт.

Каардуу Алеке кан баланын жообуна эмне дээрин билбей, күлүп:

– Сен тайманбаган акылдуу, азамат бала экенсиң. Сураганыңды берейин, айткын, – дейт.

– Менин төөмдүн териси сыйгыдай жер сурайм, башка эч нерсенин кереги жок, – дейт бала.

– Ошол элеби, ала бер, – дейт кан.

Бала төөнү сойдуруп, терисинен ичке көк тилдирип, аларды улаштырып, өзүнүн шаарын айланта курчады. Тайманбаган

акылдуу бала шаарын жоого чаптырбай, ушинтип аман сактап калган экен.

***4-тыным***

*– Алеке кан эмнеге таң калды?*

*– Бала ага эмне деп жооп берди?*

*– Кан эмнеге күлдү?*

*– Бала кантип шаарын сактап калды?*

**3. Силер жомоктун каармандарын кандай элестеттиңер? Аларга мүнөздөмө бергиле.**





**4. «Акыл – жаштан, асыл – таштан» деген макалды кандай түшүнөсүңөр? Жомоктон мисалдарды келтирип, макалды түшүндүрүп бергиле.**

## Уламыштар дүйнөсүндө

**Уламыш** (улама, аңыз) – оозеки адабиятта кеңири тараган жанр. Уламыштар тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр тууралуу, жер-суу аттарынын келип чыгышы жөнүндө баяндап, турмуш-тиричилик маселелерин, тарыхый негизи бар окуяларды чындыкка жакыныраак чечмелеп көрсөтөт.

1**. ”Кыз мазар” уламышы эмне жөнүндө деп ойлойсуңар? Оюңарды жуптарда талкуулагыла**.

2**. Уламышты окугула.**

## Кыз мазар

Илгери Ак-Булактыктар өрүшүндө малы күтүрөп, желе-желе бээ байлашып, кымыз, айран, жуурат, эжигей, курут, сары май берекеси төгүлүп, бир айыл болуп ынтымакта жашашчу экен. Айылда туура сүйлөгөн сөзү, көрө билген көзү бар калыс Бердике уста жашаптыр. Кемпири экөө карыганча жалгыз кызынан башка балалуу болушпаптыр. Күндөн күнгө кызы суналып, ажары жанган, келишимдүү, айдай сулуу, колунан бардык иш келген уз, акылы жетик токтоо болуп, суктанбаган жан калбайт. Жуучунун саны көбөйүп, бирок кыздын көңүлүнө жакпайт. Жетиген уруусунун Жедигер байы, жетимишке барып калса да, Айгеримди токолдукка алам деп эки жолу колун суратып киши жиберет.

Бердике ичинен чочуласа да, ичи күйүп түтөсө да: "Кызым өзү каалаганына барат, Жедигер байга менин кызыман башка кыз толуп жатпайбы?"- деп жөнөтүп коёт. Бул жоопту уккан Жедигер бай жинденип үчүнчү жолу өзү келип: "Кызынды сыйың менен бергиниң, болбосо, кемпириң экөөңдү кул кылып, үйүңдү өрттөп, кызыңды зордоп алып кетем. Эртең даярдангын", - деп жигиттери менен тебелеп кетчүүдөй болуп айтып кетет.

Аялы экөө көз жашын төгүп: "Эркек болуп калсаң эмне, каралдым. Буга чейин жашыраак бирөөнө макул болуп койгондо эмне!"- деп чолпондой жанган кызын Жедигер чалга ыраа көрбөй ичи өрттөнүп, айласы куруп турганда, кызы суйсала басып келип: "Ата, апа, ыйлабаңыздар, тагдырыма жазганын көрөйүн. Жедигер чалга баргыча, жер кезип тентип өлөйүн. Багым болуп аман болсом кабарлашам",- дейт.

Ата-энеси ыйлап-сыктап, акыры макул болушат. Эртеси таң куланөөк салганда Айгерим эркекчесинен кийинип, чачын башына ороп түйүп, жан азыгын алып, бычагын жанына салып, ата-энесин ойготпостон жөнөп кетет. Кыз шашып, чуркап да, басып да жүрүп олтуруп, капчыгайдын оозуна келип, булакка жүзүн жууп, эс алып олтура кетет. Күн көтөрүлүп калган эле. Кыз жүрөгү коркунучту туюп, шашып ордунан тура капчыгайды аралай чуркайт. Куугун жакындагандан жакындайт. Бирде жыгылып, бирде туруп, чуркап олтуруп, капчыгайдан чыгып, өөдө төш таяна жөрмөлөп чыга баштайт.

Жедигер бай жигиттери менен текиреӊ-таскак түшүп жетип келишип, тоого чыгып бараткан кызды көрүп «тигине кармагыла» дешип, аттарын таштап жабыла жөнөшөт. Айгерим тоонун кыл чокусуна чыгып эки жагын караса, аркасы аска, алды жагында жан алгычтай жабылып келе жаткан Жедигердин жигиттери. Кайда качарын билбей, айласы куруп, жанындагы бычагын алып, жаш толгон көзүнө дүйнөнү акыркы ирет чөгөрүп кош айтышып, жүрөгүнө бычак сайып жан берген экен. Жетип келген Жедигер бай менен жигиттери канга боёлуп суналып жаткан кызды көрүшүп, дал болушат.

Жедигер башын мыкчып, жер чапчып, өз кылган күнөөсүн мойнуна алып, өкүрүп ыйлап турган дешет. Ошол чокуга жай каздырып, ак кепиндеп көөмүп, белги коюп, куран окуп кеткен экен. Ур токмокко алып, үйүн өрттөгөн ата-энесинин алдына түшүп, үстүлөрүнө үй, өрүшүнө мал бериптир. Жалгыз кызынын күйүтүн көтөрө албай Бердике аялы экөө көп өтпөй каза болушат. Капчыгайдын кире беришиндеги кош булак Айгеримдин көзүнөн аккан жаш дешет. Капчыгай кыз жаткан мазар. Кыз Мазар аталышы ушундан экен.

*- Айгерим деген ким болуптур? Ал кандай үй-бүлөдө тарбияланыптыр? Анын кандай сапаттарын белгилесе болот?*

*- Жедигер байды кандай деп мүнөздөй аласыӊар? Текстке таянып сүрөттөп бергиле.*

*- Айгеримдин токолдун жашоосуна каршы чыкканын туура деп ойлойсуӊарбы? Эмне үчүн?*

*- Кыз мазар кайда жайгашканы жөнүндө маалымат таап, презентация даярдагыла.*

## Кыз-Күйөө

**1. Кыз-Күйөө деген жер кайда жайгашкан? Ал жер эмне үчүн ушундай аталып калган?**

**2. Уламышты окугула. Анын негизги темасын аныктагыла.**



Борбордон Ысык-Көлгө бара жаткан жолдо Боом капчыгайынын ичинде Кыз-Күйөө деген жер бар. Ал илгерки бир уламыштан калган аталыш. Илгери-илгери бир бай болот. Анын жалгыз кызы бар экен. Кызынын сулуулугуна ай менен күн да суктануучу дешет. Кыз атасынын малын баккан малай жигитти жактырып калат. Алар кыздын атасы экөөнүн үйлөнүшүнө каршы болооруна көзү жетип качып жөнөшөт. Албетте, бай жигиттерин алардын артынан куугунга жиберет. Эки жаш качып жүрүп отуруп артын карашса, атасынын жигиттери кууп келе жатыптыр. Алар жашынганга бир бийик тоого чыга качышат. Бирок куугунчу жигиттер алардын изин байкап калышып, кармаганга жакын эле калышат. Байдын: "Кандай да болсо, кайдан да болсо алып келгиле" деген сөзү жигиттердин эсинен чыкпайт. Куугунчулар эми жетип кызды кармай турган болгондо, колдорун бекем кармашкан кыз менен жигит тоодон кулап кетишет. Алардын сүйүүсүнө, көз жашына туруштук бере албаган тоо тең экиге бөлүнүп кетет. Бул тоонун чокусунан караган кишиге ал жүрөккө окшош болуп көрүнөт дешет. Бул жердин эмне үчүн Кыз-Күйөө деп аталып калышынын себеби ушундай.

*- Каармандарга мүнөздөмө бергиле. Алар кандай доордо жашаган? Эмне үчүн бир боло албайт эле?*

*- "Кыз мазар" деген уламыштагы Айгерим менен "Кыз-Күйөө" деген уламыштагы кызды салыштыргыла.*

*- Алардын жашоосу жана тандоосу эмнеси менен окшош, эмнеси менен айырмаланат?*

## Умай эне

1. **Умай эне жөнүндө эмнелерди билесиңер?**
2. **Силерге апаңар Умай эне жөнүндө кандайдыр бир маалымат берди беле?**
3. **Төмөнкү текстти тыным менен окугула, ар бир тынымдан кийин суроолорго жооп бергиле, тапшырмаларды аткаргыла.**

### I тыным

Байыркы кыргыздар табияттын төрт стихиясына: Асманга, Жерге, Отко, Сууга сыйынышкан. Асман эркектин башталышы деп эсептелип, зор Буканын, а Жер болсо – аялдын образын билдирчү. Асманга табынуу Күнгө табынуудан улам келип чыккан. Байыркы шумерлер Күн Кудайын – Дингир, моңголдор – Тенгир, көк түрктөр жана кыргыздар – Теңир дешкен.

Көк Теңир – Түбөлүк Көк Асманды билдирген. Ал өзүнө бардык астралдык түшүнүктөрдү камтып, «Аалам», «Дүйнө» деген түшүнүккө туура келген.

Умай – мифтик зат. Ал көптөгөн элдердин фольклорунда, уламыштарында, санжырасында кенен чагылдырылган. Ошентип Азияда бир нече миңдеген жылдар бою рухтун Кудайы – Умай айтылып келатат. Энелердин энеси улуу Умай эне мааниси жагынан Көк Теңирден кийинки экинчи Кудай болуп саналган. Ал кош бойлуу аялзатынын, тукум улоочулуктун, коломтонун, түшүмдүн колдоочусу болуу менен Теңирдин зайыбы деп эсептелчү. Кээде Умайды адамзаттын Тоораттагы баштапкы энеси Ева менен бир карап жүрүшөт. Умай – байыркы ирандык Анахитенин, вавилондук Иштардын, грек Кибеланын, сириялык Дерекитенин сиңдиси.

Байыркы сүрөтчү Улуу Кудай Умайдын сөлөкөтүн ташка түшүрүптүр, бирок таш жоголуп, графикалык сөлөкөт сакталып кала берген. Саян-Алтай тоолорунун байыркы көчмөндөрү Умайга, жоокерлердин колдоочусу катары Оттун Кудайына – От энеге сыйынышкан. Умай деген ат 6–7-кылымдардагы руна жазууларда эскерилет. Байыркы түрк тилинде «умай» – баланын тону, эненин жатыны. Тибетче «ума» – эне. Монголчо «курсак» деген маанини

билдирет. Волга боюндагы татарларда да «ума» – «курсак» деген маанини берет. Мына ушул түшүнүктүн баары аялзатынын тукум улоочу касиети менен байланышкан. Кыргыз тилинде «умай» жомоктогу асманда уялаган сыйкырлуу кушту билгизет. Ал перстердин дүйнөлүк даракта байырлаган кушту билгизген хума деген сөзүнөн ооп кирген. Умай Кудай түшүнүгү качандыр бир кезде байыркы жалпы адамзаттык мотив менен – бардык жандууну жаратуучу тукумчулдуктун, түшүмдүүлүктүн символу болгон асманда обологон куш менен байланышкан болуу керек.

*- Кандай деп ойлойсуңар, кыргыздардын табияттын төрт стихиясына сыйынганы, тарыхтын кайсы дооруна туш келет?*

*- Кыргыздар эмне үчүн Жерди аялдын образы менен беришкен? Түшүндүрүп бергиле.*

*-Атанын образы аркылуу эмнелер берилген? Эмне үчүн?*

## II тыным

Кыргыздарда Умай эне – Кудай эне. Кыргыздар аны байыртадан бери ыйык тутат. Кыргыздар Умай энеге 6-кылымда эле балбал таштан эстелик койгон: балпайып мээрими ашкан, жылдыздуу, пейли кенен, элечекчен байбиче. Кыргыз эли эрки күчтүү, мүнөзү катуу, иш билги жана акылман аялзатын Умай энеге теңешкен. Улуу Нооруз майрамында Умай энени оозанып, ыр менен бата тилешкен. Касиеттүү деп эсептешкен мазарларды Умай эненин мазары дешип, катуу ооруганда, Кудайдан бала тилегенде, Умайдын аты менен сыйынышкан. Балдарын сапарга узаткан ата-эне: «Умай энеге тапшырдым» деп, бүбү-бакшылар, эмчи -домчулар наристелер сыркоологондо: «Эмчилер өткөн, эми бизге калган, домчулар өткөн, дому бизге калган. Менин колум эмес, Умай энемдин колу, менин дарым эмес, Умай эненин дарысы» деп дарымдашып-эмдешкен. Ата-энелер эрте жазда келген жаз жарчысы карлыгачтарды балдарына таш менен ургузбай, кайра уя салгыла дешкен, байыркы түшүнүк боюнча карлыгачтар – Умай эненин жакшылыкка жиберген кабарчысы. Наристелердин жана үй-бүлөнүн очогунун колдоочусу катары Умай энени ыйык тутуу Саян-алтайлык шаманчылыкты карманган элдердин жана Борбор Азиядагы мусулман элдердин аң-сезимине

терең кирген. Байыркы ырым-жырым боюнча бала бойго бүткөн күндөн тартып курсактагы наристе менен анын энеси Умай эненин көзөмөлүндө болот имиш. Мисалы, улгайган, тажрыйбалуу аялдар, эмчи-домчулар курсактагы баланын абалын тууралап жатып: «Бул менин колум эмес, Умай эненин колу, сени Умай энең колдосун» дешет. Жаңы төрөлгөн баланы колго алганда, бешикке салганда да так ушул сөздөр айтылат. Умай эненин касиетин жана колдоочулугун кыргыздар наристе жарык дүйнөгө келген учур менен да байланыштырат. Баланын төрөлөр маалы келгенде Умай эне аны куйрукка таптап, энесинин курсагынан кубалап чыгарат экен. Наристенин куйругундагы, аркасындагы көгүш тактардын болгондугун алар Умай эненин колунун тагы деп түшүнүшөт. Ушундай аңыз айтылат элде.

*-Бул маалыматты талдап, коомдо, үй-бүлөдө аялдын ролун, эркектин ролун аныктагыла.*

*-Азыркы жашоодо түрдүү себептер боюнча аял менен эркектин кайсы ролдору өзгөрө баштады? Эмне үчүн?*

## IV тыным

Бул аңыз улуу «Манас» эпосунда айкын чагылдырылган: Манас төрөлөрдө энеси Чыйырды тогуз күнү толготуп, төрөй албай кыйналат, ошондо Умай эне келип, баланы энесинин курсагынан жарыкка чыгууга мажбурлайт.

Умай эне – периште,
Кирип келди эшиктен,
«Айтканымды ук деди,
Кана, сыртка чык» деди.
Куйругуна домдоду,
Кудай ишин оңдоду.
«Чыккын!» деди чакырып,
Энесинин ичинен,
Бала түштү бакырып...

Аңыз боюнча эненин ичиндеги түйүлдүк эркек бала же кыз болмогу Умай энеден экен. Умай эне жаңы төрөлгөн наристе менен сүйлөшөт имиш. Эгер наристе уктап жатып эриндерин кыймылдатса, күлсө, же жылмайса Умай энеси менен сүйлөшүп атат дешет. Энеси баланы калтырып сыртка чыгарда: «Умай энеңе

тапшырдым»- деп андан кабатыр болбойт. Жыл жакшы болуп, эгинден мол түшүм алынганда, же малдын башы көбөйгөндө: «Умай эненин эмчегинен сүт акты» дешкен тоолук кыргыздар. Байыркы түрктөр Умай энени үч мүйүздүү баш кийим жана кенен мантия кийгизип сүрөттөшкөн. Алар таштагы оюу-чийүүлөрдү, издерди «Жерге түшүп келаткандагы Умай эненин изи» дешкен.

Борбор шаарыбыз Бишкектен анча алыс эмес «Ысык-Ата» курорту жайгашкан Арашан капчыгайындагы булак жанындагы асканын боорундагы Будданын бешенесин «Умай Ана» деп коюшат. Кыргызстандын, Казакстандын, Өзбекстандын элдери ошол сүрөткө ыйык мазар катары азыркыга чейин келип сыйынып турушат. Бул маданиятыбыздын байыркы эстелиги мамлекет тарабынан коргоого алынган.

Умайдын образы элдик кол өнөрчүлүктөн орун алган. Кыргыздарда «Умай» деген илгертен калган оймо-чийме мотиви бар. Оймо-чийменин бул элементи колго согулган килемдерде, ала кийиз, шырдактарда, туш кийиздерде каалгып учкан куштун сүрөтүн берет да, Умай эненин сөлөкөтү деп эсептелет.

Зергерчиликте да «Умайдын» стилдештирилген элеси кыйла кооз жасалгаланат. Алып айтсак, күйөөгө кетүүчү кыздын баш кийими шөкүлөдө аялзатынын – түшүмдүүлүктүн Кудайынын элеси түшүрүлгөн жасалгалар мүнөздүү, сыйкырдуулугунун күчүн баса көрсөтүү үчүн алар жыш жайгаштырылат.

Келин күйөөсүнүн ата-энесинин үйүнүн босогосун жаңы аттаган шаан-шөкөттө Умайдын ысмын бир нече жолу кайталайт. Үйлөнүү тойдогу жаштарга арналган тилектин биринде: «Эненин бактысы Умай Кудайдын алтын канатынын алдында болсун»,- деп айтылат. Сыягы качандыр бир кезде ал канаты менен сүрөттөлсө керек. Айрым бир ишенимдерде Умайды асмандан жердеги адамдарга түшүп келүү үчүн ак кушка айланган Кудай-Эне деп түшүнүшкөн.

Биздин ата-бабаларыбыздын улуттук аң-сезиминде ыйыктыктын башкы символу аялзаты – аруу зат болуп саналат. Мына ошондуктан кыргыздар аял – энени Умай эне деп атап, башын ийип таазим этишкен.

*- Кандай деп ойлойсуңар, кыргыздар эмне үчүн аялзатын, энени ушунчалык жогорку деңгээлге көтөрүп, сыйлап, таазим этишкен?*

*- Эгерде кыргыз элинин баалуулуктарына аялзатын сыйлоо кирсе, анда эмне үчүн кыздардын, аялдардын укуктары бузулуп жатат? Эмне үчүн?*

*-Кандай деп ойлойсуңар, биздин коомдо, деле жер жүзүндө адамдардын укуктары бузулбай, жыныстык белгилерине көз карандысыз ар бир жаран бактылуу жашашы үчүн эмне кылыш керек?*



*- Сүрөттө кимдер тартылган? Кандай деп ойлойсуң, бул кандай үй-бүлө? Эмне үчүн?*

*- Алар эмне кылып жатышат?*

*- Силердин үй-бүлөдө да ушундай учурлар барбы? Айтып бергиле.*

*- Бул сүрөттү карап жатып, сенде кандай сезимдер пайда болду? Эмне үчүн?*

*- Эгерде сен сүрөтчү болсоң, бактылуу үй-бүлөнүн сүрөтүн кандайча тартат элең?*

*- Бактылуу үй-бүлө куруш үчүн эмне кылыш керек?*

## Жаңыл Мырза



Жаныл Мырза.

**1. Жаңыл Мырза жөнүндө эмне билесиңер? Таблицанын биринчи бөлүгүн толтургула. Жуптарда, анан жалпы топто ойлоруңар менен бөлүшкүлө.**

**2. Жаңыл Мырза жөнүндө эмне билгиңер келет? Суроолорду таблицанын экинчи бөлүгүнө жазгыла.**

**3. Текст менен таанышкыла. Жаңы маалыматты таблицанын үчүнчү бөлүгүнө жазгыла.**

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | | |

Кыргыз элинин уламышында баатыр кыз Жаңыл Мырзанын Түлкү баатырга ашык болуп калгандыгы жөнүндө узун сабак сөз айтылат. Жаңыл Мырза Кыргызстандын чыгышындагы Кытай менен чектеш Какшаал жерин мекендеген кыргыз элинин нойгут уруусунун башчысы болгон. Жаңыл баатырдыгы башынан ашкан, кара күчү жана жоокердик чеберчилиги эркектерден ашса ашкан, бирок калышпаган, майдан талаасында эч кимден жеңилбеген, ошондуктан Жаңыл Мырза аталган, эр жүрөк кыз болгон. Ал өз керт башынын бактысынан элинин эркиндигин жана баатырдык ар-намысын жогору койгон, өз милдетин аткарууну ыйык көргөн.

Бирок феодалдар аялзатын төмөн санашкан. Баатыр кыз мына ошолордун көрө албастыгы жана кара ниеттиги менен күрөштө курман болот.

Жаңыл Мырзага байланыштуу окуялардын баарынын тарыхый чындыгы бар. Кыргызстанда Жаңыл менен Түлкүнүн бейити сакталган.

Агартуучу, кызыл профессор Касым Тыныстанов 1924-жылы "Жаңыл Мырза" деген тарыхый-лирикалык поэмасын жараткан. Кыргыз ССРинин эл акыны Тенти Адышева 1960-жылдарда

"Жаңыл Мырза" чыгармасын жазган. 1996-жылы тарыхчы Калкан Керимаалы уулу "Жаңыл Мырза" аталыштагы эки китептен турган тарыхый-лирикалык изилдөөсүн жарыялаган. Адабияттын алптарынын бири Кубанычбек Маликов менен акын Эгемберди Эрматов да бул темага кайрылып, "Жаңыл Мырза" драмасын жаратышкан.

Жаңыл Мырза эл камы дегенде түн уйкусун билбеген акылман жолбашчы катары даңкталат. Элдик уламыш боюнча Какшаал жеринде кыргыз урууларынын башчысынын бири узак убакыт бала көрбөйт. Акыры жүрүп ал кыздуу болот. Атын Жаңыл коюшат. Ал уруу аралык кагылышуулардын жана чет элдик баскынчылар менен күрөшүүнүн жылдары эле. Ал жоокер эр азаматтарды эле эмес, жоокер кыздарды да жараткан катаал мезгил болгон. Ата-эне мураскорго, ал эми уруу – колбашчыга муктаж болгондуктан, кызды эркекче өстүрүшкөн.

Жаңыл абдан сулуу болчу. Ага нечен эр азаматтар жуучу жиберишкен. Ал жоокерчилик, мергенчилик өнөрдү да мыкты билчү. Ал ит агытып, куш салып, жаа тартканда мээлегенин жаза кетирген эмес. Тыңдыгы жана тайбастыгы, жаа тарткандан алдына адам салбагандыгы үчүн аны мырза атап коюшкан. Анын акылы менен сулуулугу, эрдиги менен назиктиги шайкеш келген, сейрек жаралган бир жан эле.

Жаңылдын атагы алыска кеткен, аны багынтсам дегенде нечен эр азаматтардын эки көзү төрт болгон. Бирок алардын тилегени ишке ашкан эмес. Баары баатыр кыздан жеңилишкен, ал турсун ажал табышкан. Жаңылдын купулуна жалгыз гана Төлкү баатыр толгон.

Биринчи жолугушканда Төлкү жан жигиттери менен Жаңылдын өргөөсүнө кирет да, менменсинип олтурбай коёт. Жаңыл мейманды сылык кабыл алат, бирок ошол эле учурда какшык менен суроо узатат: «Биздин үйгө камчыңызды сүйрөй киргениңиз кандай, жолоочум?»

Жаңылдын күтүүсүздөн берген курч суроосуна Төлкү алгач жооп таба албай, кайсалай түшөт. Бирок анысын билдирбөө үчүн: «Мына менин сунган колум, көп созбой жообуңду бер, жарым бол түбөлүккө ажырагыс» деп түз качырып кирет.

Баатырдын чечкиндүүлүгү кызга жагат. Ал макул болууга даяр. Анын колу баатырдын сунулган колуна коюлмакчы болот. Бирок кызга Түлкү өтө эле менменсингендей, азыр макулдугун берүү намысын алдыргандай болуп сезилет. Ошентип Жаңыл азырынча менин айылымда мейман болуңуз дегенчелик сыпайы жооп берет.

Түлкү баатыр кадамын оор таштап, кабагына кар жаап, үн-сөзсүз үйдөн чыгып кетет. Ошол замат ал жандап жүргөн жигитине колду жыйып, Жаңылдын айылына кол салууну буюрат.

Жаңыл Түлкүнү катуу жактырып калган эле, ал Түлкү менен махабаттын таттуу лаззатына батуу, бейкут жашоо жөнүндө кыялданат. Бирок анын бул таттуу кыялын Түлкү анын айылын чаап, жылкысын тийип кетти деген кабар одоно бузду. Жаңыл жоо жарагын шайланып, чапкынчылардын артынан түшөт.

Көп өтпөй баатырдын туугандары өч алышты. Жаңыл туткундалып, кордукка дуушарланды. Элдеги уламышка караганда, ал Калматай аттуу чалга токол болду, бирок намыстуу баатыр кыз бул кордукка чыдабай, андан качып барып, Түлкүнүн бейитин кучактап, өз жанын өзү кыйды.

Жаңылдын колунан курман болгон баатырлардын урук-туугандары Жаңылдын сезими менен эсептешишкен жок. Бирок кол куушуруп, баш ийгенден бир нече жылдан кийин жолбашчы жана баатыр Жаңыл мырза дагы жеңишке жетти. Ачык кармашта ал туткундан кутулуп чыгат да, туулган жери Какшаалды көздөй жол тартат. Анын аялдык сезимин ойготкон эркектин өлүмүнөн кийин жашоо ага туткундагыдан оор болду. Ал бул кризистен кутулуп, турмушта өз жолун табууга далалат жасады. Бирок ар-намысына доо кеткен, кордуктун ызасын тарткан жылдар жана ал турсун эне болуу да аны турмуштун жаңы жолуна чыгара алган жок.

Туулган мекенине качып кетүү, өз элине, эркиндикке, мурдагы өзүнө жасаган зор умтулуу ага жол ачпады. Туулуп-өскөн Какшаалына кайтып келип, Жаңыл мурдагы айылынын ордуна шамал улуган тапталган ээн талааны көрдү.

Тапталган талаа, качып-бозгон эл, опосуз эрдиктер, үй-бүлөдөн ажыроо, анан Жаңыл Мырзанын өлүмү. Эпикалык тарых мына ушинтип аяктайт.

- *Жаңыл Мырза жөнүндө кайсы маалымат силер үчүн жаңы болду? Жуптарда, жалпы топто талкуулагыла.*

- *Касым Тыныстановдун "Жаңыл Мырза" поэмасынан үзүндү окугула. Акын Жаңыл Мырзанын кандай сапаттарын белгилеген?*

**Касым Тыныстанов**
**Жаңыл Мырза**
**(поэмадан үзүндү)**

Жаңыл кыз – эрдин эри, шердин шери,
Жаңылдан далай эрдин сынган бели.
Кир жууган, киндик кескен кичинеден
Какшаал-Тоо – кыз Жаңылдын туулган жери.
Какшаалда кайгысы жок, көчүп-конуп,
Эркиндеп мал өстүргөн  ойгут эли.
Ойгуттун жаны – Жаңыл, каны – Жаңыл
Чытырап так ошондо толгон кези.

Жаңылда кандык курган так болбогон,
Андайга өзү дагы кол созбогон.
Жаралган жандан өзгө бир мүнөздүү
Беш күндүк өмүр жолун башка ойлогон.
Кийинип эр кийимин, чачын түйүп,
Жүргөн соң Мырза деген эл ат койгон.
Кесиби: бүркүт салып, ит агытып,
Жаа тартып, оюн ойноп, той тойлогон.

Жаңылды алабыз деп чандан келген,
Дамалуу далай баатыр кол сермеген.
Келгенден бири жетпей максатына,
Жебеден куш тилиндей жанын берген.
Азуулуу  ат, баштуу азамат арманы зор
Кайтууга туз буюрбай тууган элден.
Жаңыл кыз – желге сырдаш, эрк баласы,
Жаа тартып, ит агытып жүрө берген…


Чынында жан тилеги эркке чапмак,
Жан-эркин, кайда болсо эркин жатмак.
Бийик тоо, тунук аба жан жемиши,
Жаа тартмак, кийик көздөп, ит агытмак.
Көксөгөн жан тилеги орундалса,
Болгону эмес бекен кыбла төрт жак!

Жаа тарткан, жан жыргаткан Жаңыл кайда?
Барган күн биздин төрт эр жаңы талап.

*- Жаңыл Мырза жөнүндө кайсы маалымат силер үчүн маанилүү болду?*

*- Жаңыл мырза менен заманбап кыздарды салыштырып көргүлө.*

*- Бул тапшырманы Венндин диаграммасын колдонуп, аткаргыла. Салыштырууну төмөнкү параметрлер менен жүргүзгүлө: сырткы келбети, сапаттары, жашоо мүнөзү.*



**Тенти Адышеванын «Жаңыл Мырза» поэмасынан үзүндүлөр менен таанышкыла. Тапшырмаларды аткаргыла.**

**Тенти Адышева**
**Жаңыл Мырза**
**(поэмадан үзүндү)**



Кезинде,
Жаңыл Мырза төрөлгөндө,
Кыз келип
Эр ордунда бөлөнгөндө.
Жаңылып,
«Кыз артынан уул келсин!..» - деп,
Коюшкан атын жакшы жөрөлгөгө.
Анда да бүгүнкүдөй хан атасы
Эчен күн төрдөн турбай жатып калган.
«Тукумсуз өтөт деген ушубу» - деп,
Кайгынын тереңине батып калган ...
Даам татпай койгондугун угуп ханша,
Колуна чөйчөк алып басып барган.
«Дүйнөдө туяк көрбөй өткөндөр көп,
Кыз деле тукум го», - деп көңүлүн алган

Хан ата калың элин жыйып алып,
Ханшанын кадыр-көөнүн кыйбагандан,
Элине жар чакыртты эрте туруп,
Сооротуп өз жүрөгүн ыйлагандан
- Кыз эмес, Жаңыл Мырза туулду бизге,
Эр кийимин кийгиземин эрке багып.
Кимде ким кыз атаса Жаңылымды,
Күнөөлөйм суроосу жок башын алып!..
Ушинтип Жаңыл кыздын хан атасы,
Табигый жаралышка согуш ачкан.
Эркелеп, Жаңыл Мырза эркин өсүп,
Аралап тоо-токойду,
Жаасын тарткан...

- *Аталган үзүндү эмнени сүрөттөп жатат?*
- *Жаңылдын ата-энеси ким болуптур?*
- *Эмне себептен кыздын атын Жаңыл коюшуптур?*
- *Кан атасы эмнеге кайгырыптыр?*
- *Каныша жөнүндө эмне айта аласыңар?*
- *Жаңыл Мырзанын балалыгы кандай өтүптүр?*



Кечээ болду,
Бир айылда кызык той,
Кыргыз, казак бардыгынан чогулду.
Кемегеде казан-казан эт кайнап,
Эчен ирик, эчен бээлер союлду.
О Чынарым,
Жалгыз өзүң билесиң,
Ушул күнгө мен сүйүүнү билбегем.
Канча жигит,
Хан балдары жүрсө да,
Эч бирөөнү мен көзүмө илбегем...
Кечээ көрдүм
Эр азамат Түлкүнү,
Келишимдүү, жарык маңдай, күлкүлүү.
өкүнөмүн кыз кийминде кылактап,
Турбаганга мен тагынып үкүнү ...
Атта сындуу,
Жоого сүрдүү жигитти

Жакын жерден көрбөгөнмүн жамалын
Эр намысы, эли сүйгөн баатырды,
Бир көрүүнү көңүлүмдө самадым ...

- *Жаңыл Мырза бул үзүндүдө эмне жөнүндө айтып жатат?*
- *Ал Түлкүнү кантип сүрөттөп жатат?*
- *Ал кандай сапаттары менен Жаңыл Мырзага жакты?*

Аттигиң ай!
Алданып сен курдуңбу?!
Же болбосо
«Мен турганда тынчтык жок,
Кетейин» -деп
Колго түшүп тындыңбы?!
Ансыз дагы ачкасы көп тогунан,
Айыл аралап
Азганы көп жогунан
Алсыз элиң аргасынан айрылса
Ал тынчтыкты алат кимдин колунан? ...
Тынуу кайда
Жаңыл баскан жолунда ...
Жайдак атың,
Жарагың жок колуңда...
Ашуу дабан,
Эми кыйын жол келет,
Жакшы күндөр
Калып кетти соңуңда ...

Капырай кандай болот Жаңыл күнү?!
Аттанып Жаңыл мырза жолго түштү ...
Көрүнбөй көзгө асман, жердин үстү ...
Кайралап камчы салат Боз жоргого,
Кандай күч
Каакымдантып алып учту?!
Шамалдай бара жатып Жаңыл Мырза
Закымдап көздөн кайым кете берди.
Кылымдар кыркалашып ээрчий карап,
Кыргыздар жомоктошуп келе берди.

*- Бул ыр саптар Жаңыл Мырзанын жашоосунун кайсы этабына дал келет деп ойлойсуңар? Далилдерди келтиргиле.*

*- Поэманын финалын башкача аяктагыла. Кандай шарттарда эки каарман бактылуу жашайт эле? Эмне үчүн?*

## Кыз Сайкал – баатыр кыз

**Сайкал жөнүндө маалымат менен таанышкыла. Текстти маркировка менен окугула.**

**«v» - билем; «+» - жаңы маалымат; «?» - менде суроо бар**

Кыргыз элине Кетмен-Төбө өрөөнүнөн чыккан каарман жоокер аял, Рыскулбек Нарботоев деген манаптын аялы Сайкалдын ысмы кеңири белгилүү. Уруулаштары кыйын абалга туш болгон кезде, эркектин зоот-чопкутун кийип, жоо жарактарын байланып, жарадар болгон күйөөсүн туткундоого келген баскынчыларга сокку уруу үчүн отрядды жетектеген. Манап Рыскулбек Нарботоев башында турган он миң түтүн саяк уруусу 1864-жылы Россиянын курамына кирген.

Кыргыз элинде эркек бала көрбөй, кыздуу болушкан үй-бүлөдө Кыз Сайкалдай, Жаңыл Мырзадай баатыр болуп, элдин намысына жарап, чекте турсун, - эркек баланын ордун бассын деп кыздардын атын Сайкал, Жаңыл коюшчу. Эс тарта баштагандан аларды эркекче тарбиялап, баатыр кыздардын эрдигин кулактарына кумдай куюп өстүрүшчү. Ошентип кыздар чоң таалим алып бой жетишчү. Рыскулбектин зайыбы Сайкалдын мисалы буга жандуу күбө жана ал жалгыз эмес.

“Манас” эпосунда баатыр кыз Сайкал – калмак канынын кызы, Манастын жортуулдарынын биринде ага кошулуп кеткен Текес кандын небереси. Жашынан жоокерчиликке тарбияланган Сайкал урушта эрдиги жана шамдагайлыгы жагынан көп баатырдан калышчу эмес.



**Манасчы** Сагымбай Орозбаков Сайкалды мын-дайча сыпаттайт:

Тал чыбыктай ийилген,
Эркекче кийим кийинген.
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Жазы маңдай, түймө чач.
Ак, кызылы бөлүнгөн,

Айнектей көзү көрүнгөн.
Нурдуу кызыл бети бар,
Ууздан аппак эти бар,
Короз моюн, кобул кол,
Атанын сонун сулуу бол!
Талабы журттан бөлүнгөн,
Жуткан кызыл кымызы,
Тамагынан көрүнгөн.

- *Сайкал кандай үй-бүлөдө төрөлүптүр?*
- *Ал кандай тарбия алган?*
- *Сайкалдын сырткы келбети кандай экен? Тексттен далилдерди келтиргиле.*

17 жашар Кыз Сайкал эр жүрөк, балбан билек болгон. Ал Манас менен жеке кармашууга тайманбай чыгат.

Он жетиде жашы бар,
Башында түйүм чачы бар.
Сары буурул аты бар,
Сайкал чыкты каркы бар.
Беттешкенди мерт кылып,
Кетсем деген дарты бар.
Арстан Манас баатыры,
Атка камчы салганы,
Астын тосуп Сайкалдын,
Качырып Манас барганы.
Карап көрсө кыз экен,
Как сулуунун өзү экен.

- *Он жети жашында Сайкал кандай экен?*
- *Ал ким менен жеке таймашууга чыгат?*
- *Кандай деп ойлойсуңар, кыздар менен эркек балдар спорттун кайсы түрлөрү боюнча таймаша алышат?*

С.Орозбаковдун вариантында тойдо Сайкал эр сайышка чыгып, Манасты жарадар кылат. Ошондо Чубак жетип барып, кыздын атын башка чаап жиберип (оюндун эрежесин бузуп,

токтотуу үчүн), эр сайышты токтотууга калыстарды мажбурлайт. Сайкал эр сайышты улантуудан баш тартат, калмактар Манаска ат тартуулап кутулушат.

Бирок Саякбай Каралаевдин вариантында Сайкал Манас экөө эки ирет беттешет. Биринчи жолку кармашта Сайкал Манасты жеңет, Манас качып кутулат. Экинчи жолку беттешүүдө Манас жеңет жана Сайкалды мага тий дейт. Сайкал макул болбойт, анткени каргышы ката кетпеген Каныкейден коркорун айтат. Кокус ал Манаска бир нерседен улам таарынып калса, оозуна кайткыс катуу каргыш алып коёт, дейт баатыр кыз. Сайкал Манаска тигил дүйнөдө жар болууга убада берет.

Ошентип Сайкал Манастын эң жакын жанжолдошу болуп калат. Акылдуу, кайраттуу эр жүрөк Кыз Сайкал аялдарга адилетсиз мамилеге, патриархатка, эркектердин аялдарга чексиз бийлигине каршы чыгат. Ал дайыма өз уруусунун, өз жеринин таламын талашууга тикесинен тик турат.

"Манас" эпосунда Кыз Сайкалдын образы ар кайсы варианта ар кандай. Бир вариантта ал калмактын баатыры болуп, Манас менен эр сайышка чыкса, дагы бир вариантта кыргыздар тарапта болуп, кытай, калмакка каршы чыгат. Бирок бир нерсе айныксыз: кайсы гана вариантта болбосун Сайкал кайсы бир элдин жерине, малына көз арткан баскынчы эмес, эл намысын коргогон, адилеттик жана актык үчүн, аял намысы үчүн жанын аябаган баатыр кыз. Анын образы – эпостордогу бардык элдик баатырларды мүнөздөгөн классикалык салттуу образ. Ал сулуу да, адилет да, ашкере баатыр да, балбан да. Мына ошол үчүн анын образы кыргыз элинин аң-сезимине өз улуттук баатыры катары, аялзатынын идеал образы катары сиңип калган, ошон үчүн кыргыздар тээ атамзамандан бери кыздарынын атын Сайкалдай баатыр, сулуу, акылдуу болсун дешип, Сайкал коюп келишкен. Анын ысмы ушул азыр да архаикалык деп эсептелбей, эл арасында өтө аздектелген Каныкей, Айчүрөк, Чачыкей, Зулайка ("Кожожаштагы") ж. б. эпикалык ысымдар менен бирге кыздарга коюлуп келатат.

**Манасчы** О. Урманбетовдун вариантындагы Кыз Сайкалдын өзгөчөлөнгөн образын келтирип көрөлү.

…Мына ошондо Сайкалдын,
Он жетиде чагы экен.
Он эки мүчө тең болуп,
Толуп турган чагы экен.
Олоңдой болгон кара чач
Кежигеге түйүптүр.
Эр көркүнө келтирип,
Башына туулга кийиптир.
Жети кабат болот соот
Төшкө тагып чарайна,
Жанына кылыч илиптир.
…Ортого Сайкал чыкканда,
Турганда көөнү бөлүнүп,
Айбаты башка адамдан
Жаш жолборстой көрүнүп,
Сулуулугу келишкен,
Бетинен нуру төгүлүп.
Ак кандагай, сайма шым,
Багелеги саймалуу.
Кара жаак булдурсун,
Канжыгада байлануу.
Белине кемер жарашып,
Бек олтуруп Буурулга,
Кыз Сайкал турат шаңданып.
Кыргызга намыс талашып.
Көргөн жерден чур деди
Кытай, калмак элдери,
Тура калып карашып.
Тулку бою башкача
Ким болду деп самашып.
Кыйлалары таңданып,
Акылдан турду адашып.
Ал аңгыча айтылды,
Карача кандын кызы деп,
Сайкал деген ушу деп.
Кызга карай ошондо
Айтылып жатты кыйла кеп.

Адамга айтпай Карача
Багып жүргөн экен деп.
Эч бир жанга көргөзбөй,
Эч адамга билгизбей
Катып жүргөн экен деп.
Кое бермек болушту
Кежир менен Сайкалды.
Эки шердин ошондо
Беттешкен жерин айталы.
Кежир бекер эр эмес,
А да карап турбады.
Жекеге минип чыгыптыр,
Майданкөк деген бууданды.
Беттешүүгө кыз менен
Беленденип турганы.
Сазаңшаң элдин тунугу,
Кытайлардын ичинен
Менмин деген улугу.
Найзакер беттеп чыкпаган,
Жоо дегенде элирип,
Найзасын канга чыктаган.
Кыттай калмак төрөсү,
Коштоп келип Кежирди
Кое берген кезеги.
Оңдой кармап найзасын,
“Заруундап” ураан чакырып.
Каарланып бакырып,
Алдындагы Майданкөк
Куландай кулак жапырып.
Аркасында айдар чач,
Чубалып жерге чачылып.
Карача кандын Кыз Сайкал,
Буурулду минип булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
А да жөнөп калды эле…
Бала жолборс Кыз Сайкал,
Найза кармап барышы.

Мурункудан азыраак
Сырын алган Кыз Сайкал,
Аты менен Кежирдин
Ыгын алган Кыз Сайкал.
Баштагыдан кичине
Озо кармап найзаны
Узунураак имерип
Созо кармап найзаны.
Кекиртектин өзүнө
Тозо кармап найзаны.
Көз ирмебей бат сайып,
Көздөгөн жерге так сайып,
Тоголотту Кежирди.

Ошентип, Кыз Сайкалдын атагы ар кимдин оозунан кетпей, олтурган жерде кеп болуп, кыйла жерге тарады. Ошол күндөн баштап, ордо аскерине Кыз Сайкал башчы болуп, бардыгы анын сөзүн угуп, көзүн карап, ар акылына көнүп, өзүлөрүнө чыныгы жолбашчы кылып алды, деп аяктайт манасчы Кыз Сайкал жөнүндө баянын.

Эр жүрөк, балбан билек Сайкал эл эсинде баатыр кыз болуп сакталган.

1. Таблицаны толтургула, талкуулагыла.

| «v» - билем | «+» - жаңы маалымат | «?» - менде суроо бар |
|---|---|---|
| | | |

2. Кыз Сайкалга мүнөздөмө бергиле.

**План**

1. Сайкал кандай үй-бүлөдө өскөн, кандай тарбияланган?
2. Манас менен Сайкалдын окшош сапаттарын аныктагыла.
3. Сайкалды заманбап Кыргызстандын спортчу кыздары менен салыштыргыла, окшоштуктарын белгилегиле.
4. “Эмне үчүн Кыз Сайкал кыргыз элинин аң сезимине аялзатынын идеал образы катары сиңип калган? деген тема боюнча эссе жазгыла.

## Ак Мөөр

“Ак Мөөр” чыгармасы XIX кылымдын башында эл оозунда айтылып келген «Мөөрдүн арманы», «Болоттун арманы» деген ырлардын негизинде түзүлгөн. Бул ырлардын өзөгүндө өткөн кылымдарда кыргыз кыздарынын өз укугуна, сүйүүсүнө ээ боло албаган жана жашы жете электе зордук менен жашы улгайган күйөөгө алтынчы аялы болуп чыгууга мажбур болгон чындык окуя жатат.

Поэманын негизги каармандары – Жантай кан, Ак Мөөр, Болот XIX кылымда жашаган реалдуу адамдар. Алардын прототиптери: Жантай кан (Жантай Карабек уулу – 1794–1868); Ак Мөөр же Мөөркан (1834–1869) – Жантайдын алтынчы аялы, Болот (1826-1901) – Ак Мөөрдүн алысыраак туугандарынын бири турмушта жашап өтүшкөнү тастыкталган. Ошондой эле поэманын сюжети турмуш чындыгы менен көркөм чындыктын айкашынан жаралып, калктын сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, элге кеңири тарап кеткен жана ооздон-оозго айтылып келген.

“Ак Мөөр” элдик чыгармасынын сюжети боюнча, Касым Тыныстанов, Сүйүнбай Эралиев, Абдрасул Токтомушев, Алыкул Осмонов, Жалил Садыков, Алмаз Сарыкбеков сыяктуу жазуучу, драматургдар өздөрүнүн поэма, драмаларын жаратышкан. Алардын бири К.Тыныстанов белгилегендей, "Ак Мөөрдө" аялдардын коомдогу абалы күң катары берилген, аларга бай-манаптар мал катары мамиле жасашкан: Айталы, 14 жаштагы Ак Мөөр 53-55 жаш курактагы Жантай канга алтынчы аялы болуп турмушка чыгууга мажбур болгон. Ошондой эле социалдык теңсиздиктен өзү жакшы көрүп жүргөн теңтушу Болоттон айрылат. Бул жаш кыздын турмушунда чоң трагедия болгондугу “Ак Мөөрдүн арманы” ырында таасын көрүнөт.

Ошондой эле, Жантай чал менен жыйырма жыл бирге жашап, ал өлгөндөн кийин жесир калган Ак Мөөрдү күйөөсүнүн артынан өлтүрүү амалдары жасалат. Ал аза күтүүнүн белгиси кылып чачын жазып, белин кыл аркан катуу бууп алууга мажбур болгон. Себеби, салт боюнча жесир калган аял арыктап, азап чегип, элге аралаша албай, күйөөсүнүн азасын күтүүгө милдеттүү эле. Хандын туугандарынын бири болгон Бүбү күнүгө Ак Мөөр

олтурган үйгө келип, белин байлаган кыл аркан бошоп кетпеди бекен деп текшерип турган. Бир жылдан кийин кыл арканды бошотушканда денесине кан айланбай калган Ак Мөөр көз жумат. Дагы бир вариантта Жантай хандын жакындарынын бири Баяке ага уу берип өлтүргөндүгү айтылат.

Ак Мөөрдүн оор тагдыры – XIX кылымдагы кыргыз аялдарынын укуктук көйгөйүн чагылдырат. Бул образ окурмандын аялга адам катары карап, анын назик сезимдери, адамдык укуктары, турмуштагы орду жөнүндө гумандуу ой жүгүртүүгө түрткү берет.



*"Ак Мөөр" чыгармасы кандай окуянын негизинде түзүлгөн?*
*Чыгарманын негизги темасын аныктагыла.*
*Поэманын сюжетин кластер түрүндө жазып, эң негизги окуяларды бөлүп көрсөткүлө.*
*Ак Мөөр жөнүндө кайсы белгилүү жазуучулар, акындар жазган?*
*Ак Мөөрдүн тагдыры ошол учурдагы бардык аялдардын турмушун чагылдырат деп айтсак болобу же болбойбу? Эмне үчүн?*

*Ак-Мөөрдү сүрөттөп бергиле (сырткы келбети, мүнөзү ж.б).*

Ак Мөөрдүн ыры менен таанышкыла.



Көлдүн башы тал менен,
Соодагер өтөт ээй мал менен,
Солкулдап ыйлап баратам,
Зордукчу Жантай чал менен.

Кеминдин башы тал менен,
Кербендер өтөт мал менен,
Кейип бир ыйлап баратам,
Кеминдик Жантай чал менен.

Менин кебезден бүчүм үзүлдү,
Келбейт деп койдуң түшүмдү.
Жетимиште Жантай чал,
Жеткирип тоюң түшүрдү.



Боору таштай Жантай чал,
Боздотту сендей кишимди.
Бой тумарым үзүлдү,
Болбойт деп койдуң түшүмдү,

Сенин аргымагың торуган,
Алды өркөчтөп жоруган,
Аттандым Соң-Көл боорунда,
Атамдай Жантай чал менен.

Жолборско изиң чалдырдың,
Жоругу жакшы Мөөрүңдү,
Жорудай чалга алдырдың.
Жоролошуң мен кеттим,
Жоголдуң Болот каңгырдың.

Арстанга изиң чалдырдың,
Айнектей тунук Мөөрүңдү,
Аксакал чалга алдырдың,
Азаптуу Болот кайгырдың.

Менин көкүрөкчөм бурулдап,
Көргөндө түшүм бузулган.
Көксөө чалга алдырып,
Көй калдың сүйгөн кызыңдан.

Ак Мөөр деген кыз бар деп,
Бул  чал кайдан чыга калды
туурадан.
Берметтей жүзүм кал басып,
Түбү келип мен болдум го куураган.

6. Төмөнкү ыр саптарда кандай сезимдер берилген. Өз оюңарды жазгыла.

| Ыр саптар | Комментарий |
|---|---|
| Солкулдап ыйлап баратам,<br>Зордукчу Жантай чал менен. | |
| Арстанга изиң чалдырдың, | |

| | |
|---|---|
| Айнектей тунук Мөөрүңдү,<br>Аксакал чалга алдырдың,<br>Азаптуу Болот кайгырдың. | |
| Берметтей жүзүм кал басып,<br>Түбү келип мен болдум го куураган. | |

**Заманбап коомдо бардык жарандардын укуктары бузулбай, бактылуу жашаш үчүн эмне кылыш керек? деген темада эссе жазгыла.**

## Токтогул Сатылгановдун “Алымкан” ыры жөнүндө

Залкар талант Токтогул Сатылгановдун “Алымкан” ыры өткөн доордогу кыргыз кыздарынын турмуш куруудагы укуктарынын чектелүүсүн, сүйүүгө эркиндик жоктугун айгинелейт. Бул ырда чагылдырылган Токтогул менен Алымкандын махабат тагдыры эл оозунда, көркөм фильмдерде, драмаларда Ромео менен Жульеттадай, Жусуп менен Зулайкадай, Фархад менен Шириндей, Онегин менен Татьянадай, Олжобай менен Кишимжандай, Мырза уул менен Ак Саткындай ыйык сезимдин символу катары айтылып келет.

Социалдык теңсиздик доордогу бай үй-бүлө кызын өзү каалаган жигитке күйөөгө бербей, зордук менен тектүү күйөөгө чыгууга мажбурлаган турмуштук окуя чагылдырылат. Бул ырдын тарыхын иликтөөчүлөр белгилешкендей, Токтогулдун армандуу сүйүүсүнүн ээси Алымкан 1874-жылдын кеч күзүндө, Кой-Таш айылынын жогору жагындагы Бака-Улак кыштоосунда туулуптур. Алымкандан атасы Субан саруу уруусунан таралган оготур уругунан болуптур, Алымкан анын үчүнчү аялынан төрөлгөн кызы экен. Экөө жолугушканда Алымкан 16да, Токтогул 26ларда болот. Эки жаш бири бирине арзып, Токтогул аны Кетмен-Төбөгө алып кетмек болот. Субан бий кызынын кызыкчылыгы менен эсептешпейт. Токтогулду жарды деп чанып, кызын зордук менен Осмонаалыга турмушка чыгууга мажбурлайт.

Ырдын "бир күн ooру, бир күн соо" деген саптары эл арасында ылакапка айланып калган.

- *Токтогул Сатылгановдун “Алымкан” деген ыры кимге арналган?*
- *Токтогул ошол кезде элге белгилүү акын болсо, эмне үчүн Алымкандын атасы кызын Токтогулдай акынга күйөөгө берген эмес?*
- *XIX кылымда башка кыздар да Алымкан сыяктуу өз каалаган адамына эмне үчүн күйөөгө чыга алган эмес?*
- *Азыр ушул сыяктуу окуялар барбы?*

**Алымкан**

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күнү оору, бир күн соо…
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң.

Бетегелүү майданым,
Пейли жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым!

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдуута салбай кыйын иш!..

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!..

Саркештеп тиккен жоолугуң,
Сар санаа кылат жоругуң,
Көккештеп тиккен жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

- *Алымканды сүрөттөп бергиле.*
- *Ал атасынын айтканына көнбөй, Токтогул менен кетсе эмне болмок?*
- *Алымкандын азабын тарткан Токтогул бир күн ооруп, бир күн соо болгонун кандай деп түшүнөсүңөр?*
- *Токтогул өзүн кайсы сөздөр менен мүнөздөйт?*
- *Акын сурангандай, Алымкан ага кайрылып келе алабы? Эмне үчүн?*

## Курманжан датка – Алай канышасы


- **Курманжан датка жөнүндө өз билгендериңерди айтып бергиле. Анын кандай эл башкаруучу болгондугу жана кандай татаал тагдырда жашагандыгы жөнүндө эмнелерди айта аласыңар?**
- **Төмөнкү сүрөттөрдү карагыла. Алар боюнча сүйлөп бергиле.**



*Гүлчөдөгү Курманжан даткага эстелик*



*Оштогу Алымбектин медресеси*



*Оштогу Алымбек даткага эстелик*



*Курманжан уулу Асанбек менен*



*Курманжандын уулу Мамытбек энесинин боз үйүнүн алдында*

**Курманжан датка Маматбай кызы** (1811-жылы Ош шаарынын жанындагы Ороке кыштагында туулуп, 1907-жылы каза болгон. Коомдук жана мамлекеттик ишмер. Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу катары «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү. 1832-жылы Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи Алымбек датка менен кокусунан жолугуп, көп узабай аны менен тагдырын кошкон. Аны менен 29 жыл жашап, 5 балалуу болгон. Курманжан датка Алымбек датка Асан бий уулуна турмушка чыккандан баштап мамлекеттик жана коомдук иштерге аралаша баштаган. 1862-жылы Кокон хан сарайындагы козголоңчулар тарабынан Алымбек датка өлтүрүлгөндөн кийин, Алайдагы башкарууну Курманжан биротоло өз колуна алган. Курманжан датка Ош вилайетин гана башкарбастан, Кокон хандыгынын саясий иштерине да кийлигишип турган. Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурганда 1865-жылы Курманжан улуу уулу Абдылдабекти ээрчитип, Коконго келгендиги маалым. Кудаяр хандын энеси Жаркынайым менен Курманжан Шералы хандын заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинен эле Курманжанды жакшы билчү. Конокторду ызаат менен тосуп алган жана мөөр койдуруп, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. Курманжан датка 1873-76-жылдары элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп,

көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар менен алака түзгөн. Орус бийлигинин Алайды каратып алуу аракети жүрүп жаткандыгын билген Курманжан датка каршылык көрсөтпөстөн, М.Е.Ионовдун генерал Скобелев-ге жолугуу жөнүндөгү талабына макул болгон. Бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбектин небереси Мырзапаясты алып, Чоң Алайда өргөө алып жаткан М.Д.Скобелевдин лагерине түшкөн. Генерал М.Д.Скобелев Курманжан датканы сый-урмат менен тосуп алып, алтын чөйчөктү белекке берип, парча чапан жапкан. 1895-жылы уулу Камчыбек даргага асылган мезгилде, куралчан орус жазалоочуларынын элди кырып жиберүүсүнөн кооптонуп, тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Россия колониялык бийликтеринин адилеттүүлүгүнөн үмүтүн таптакыр үзгөн жана 20-кылымдын башында саясатка аралашпай калган. 1907-жылдын 1-февралында Оштун жанындагы Мады кыштагында көз жумуп, сөөгү Оштогу сары мазарга коюлган.

### Молдо Нияздын “Курбанжан датка” санаты жөнүндө

Молдо Нияздын жазгандары өзгөчөлөнүп колкитеп деп аталган. Себеби, Молдо Нияз кыргыз, араб, фарси, эски түрк тилдеринде өзүнүн жазгандарын китеп кылып мукабалап, жыйнап жүргөн экен. Өз колкитептерин Арка, Анжиян аймактарында эл арасында жайылткан. Көптөгөн жерлерде болгон. Анын жазгандары философиялык ой жүгүртүүлөрү, коомчулуктун абалы жөнүндөгү тарыхый маалыматтары менен барктуу. Молдо Нияз өз доорунун белгилүү, алдыңкы адамы катары ошол мезгилдин тарыхый инсандары жөнүндө жазган. Молдо Нияздын “Курбанжан датка” деген санат ырында **Курманжан** дебестен **Курбанжан** деп атаганы да ошол кездеги түштүк кыргыздарынын диалекти менен жазганы жөнүндө кабар берет. Ырдын текстинде түштүк диалектине тиешелүү сөздөр көп кездешет.

Молдо Нияздын чыгармаларынын ичинде өзүнчө өзгөчөлөнүп турганы Курманжан датка жөнүндөгү санаты болуп эсептелет. Бул

санатта Молдо Нияз Алайдын атактуу ханышасы Курманжан датканын жеке адамдык трагедиясы жөнүндө баяндаган.

Орус бийлигинин келиши менен кыргыз жеринде тарыхый бурулуштар болгону, ошондой эле уруучулдук-патриархалдык тартип, жол-жобо менен жашаган коомдо күтүлбөгөн кайгылуу окуялар болгону да талашсыз. Курманжан датка – ошондой оор тагдырга туш келген. Алымбектен кийин даткалык дөөлөткө ээ болгон Курманжан өз уулдарынын бири Сибирге айдалып, бири Афганистанга качып, бири орус падышачылыгынын колунан курман болуп жатса да, ушундай тагдырдын мүшкүлүнө карабастан, ал орус бийлиги менен элдешүүгө барат.

Албетте, бул Курманжан датка үчүн оор эле, бирок ал элдин тынчтыгы үчүн, бөөдө кырсыкка кабылбашы үчүн орус бийлиги менен жарашууга аргасыз болот. Молдо Нияз Курманжан датканын энелик оор кайгысын, эл алдындагы милдетин, күрөшүн таасирдүү сүрөттөгөн.

*- Молдо Нияз эмне үчүн Курманжанды Курбанжан деп атаганын түшүндүргүлө.*

*- Курманжан датканын кыргыз тарыхындагы ролу кандай болгон?*

*- Курманжан датканын трагедиялуу жана кайраттуу образы менен кыргыз элинин "Манас" эпосундагы Каныкейдин, Айчүрөктүн образдарын салыштыргыла.*

## Молдо Нияздын үчүнчү колкитебиндеги "Курбанжан датка" санатынан

Ак алачык султаны
Аты чыккан Курбанжан
Башы Алайга батпаган
Малыңдын көбүн айтамын.
Казфынаңа батпаган
Пулундун көбун айтамын.
Эшигинде кызматкер
Кулуңдун көбун айтамын.
Тоңмодон жайлап жаз болсо,
Тогуз уруу журт барып,
Тойлооңду айтамын.

Колотко жайса батпаган
Койлоооңду  айтамын.
Ашканаңда алты ай,
Түлкүлүүң айтамын.
Жылтыркан башын үздүрүп
Жылкылууң айтамын ...
Бул дүнүйө беш күндүк
Бул иштин баары азали
Кадыр эгем каалашы.
Камчыбек кетти асылып
Кара көзү жумулду.
Кудайымдын иши деп
Курбанжан датка түйүлдү.
Мурзапайаз, Махмутбек
Сибирдин жолун көздөдү.
Камчыбек Ошто асылды
Кара көзү жоодурап
Ботосу өлгөн каймалдай
Боздоп калды амал жок  ...
Асылып кетти балам деп
Арман кылба, даткайым!
Сибирге балам кетти деп
Сил болбогун, даткайым!
Жан эгем берер жаннатты
О дүйнөнүн давлатин.
Балдарың менен кошулуп,
Максатка жеткин, даткайым!
Ажалдын аччык шарбатин
Балдарың кетти баары ичип,
Сен да таткын, даткайым!
Жердин болот жүн бети
Башыңа жапкын, даткайым.
Жан күйдүргөн балдарың
Жаннаттан тапкын, даткайым.
Эрте-кеч барып дуба кыл
Эненин жашы нур болот.
Ата-эне деген пир болот.

Энеси ыраазы болгондун
Жайы болот жаннатта.
Бул дүнүйө беш күндүк
Муратка жеткин, даткайым.
Камчыбекке кабыр кыл,
Мурзапайыз, Мамытбек,
Баатырбекке сабыр кыл.
Алымбектей дарман кыл.
Абдылдабекти арман кыл.
Асанбекке шүгүр кыл.
Эч арманың калбады
Эгемни дайым зикир кыл!

*- Молдо Нияздын айтуусу боюнча Курманжан датка кандай шартта жашаптыр? Турмуш-тиричилиги: турак-жайы, малы, кызматкерлери, ашканасындагы тамак-ашы ж. б. жөнүндө эмне деп айтат?*

*- Молдо Нияз Курманжан датканын кадыр-барктуу эл башчысы экендигин кайсы сөздөр аркылуу берген?*

*- Курманжан датка жакындарынан кантип ажыраптыр?*

*- Молдо Нияздын айтуусунда Курманжан бул жоготууларды кандайча көтөрөт?*

*- Автордун ою боюнча өлгөндөрдү тиги дүйнөдө кудай кантип тосуп алат?*

*- Үзүндүнүн акыркы 10 сабындагы Курманжан даткага айтылган кеңеш сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр?*

*- Молдо Нияздын бул чыгармасы аркылуу Курманжан датка жөнүндө мурда билбеген жаңы маалымат ала алдыңарбы? Эмне үчүн Курманжан датканын бир баласы дарга асылып, эки баласы сүргүнгө айдалганы жөнүндө кошумча маалыматтарды таап окугула. Бул окуялар ошол кездеги кайсы тарыхый окуяларга байланышкан?*

## Касымалы Баялиновдун “Ажар” повести жөнүндө

Касымалы Баялиновдун “Ажар” повести 1928-жылы жарык көрүп, кыргыз адабиятында повесть жанрын негиздеген. Повесттин башкы каарманы – Ажар аттуу жөнөкөй кыргыз кызы. Чыгармада 1916-жылдагы үркүн учурунда Кытайдын Турпан аймагына сүрүлүп барган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн, анын ичинде кыз-келиндердин трагедиялык тагдыры сүрөттөлөт. Турпанда Ажардын энеси Батма оорудан каза болот. Чыгармадагы окуялар Ажардын айланасында жүрө баштайт. Томолой жетим калган 15 жаштагы Ажарды жергиликтүү бай Сабитакун бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү унга сатып алат да, кийин Чыр аттуу дунган чалга күйөөгө сатат.

Кожоюнунун зордук-зомбулугуна жана кордогонуна чыдабаган Ажар эркиндик эңсеп, түн ичи качып чыгат. Өз жерине жетүүгө белсенип качып келе жаткан Ажар ээн талаада карышкырларга таланып өлөт.

К. Баялиновдун “Ажар” повести канча жыл мурда жазылганы менен азыр да маанисин жоготкон жок. Жашы жете элек Ажар адам соодалоонун, күйөөгө зордуктап эрте берүүнүн, зордук-зомбулуктун курмандыгы болду. Ошол эле учурда адамдык укугу жана эркиндик үчүн колунан келгенин жасаган Ажардын образы позитивдүү таасир калтырат.

Азыркы доордо да Ажарга окшоп зордук-зомбулуктун курмандыгы болушкан кыргыз кыз-келиндери жетиштүү. Бул чыгарманы окутууда азыркы замандын көйгөйлөрү менен байланыштырып, жаңы өңүттөн мамиле жасоо керек.

*- К. Баялинов “Ажар” повестинде кайсы мезгилдеги окуяларды баяндайт? Ал мезгил жөнүндө “Кыргызстандын тарыхы” сабагында окуган маалыматтарды айтып бергиле. Кыргыз элинин боштондук көтөрүлүшү жөнүндө эмне билесиңер?*

*- **“1916-жылдагы көтөрүлүш”** (режиссёр Тилек Абдыкадыр “Кыргыз телефильм”) деген документалдуу фильмди көргүлө. Көргөнүңөр боюнча айтып бергиле.*

*- Ажар өз мезгилинин кыз-келиндеринен айырмаланабы? Эмнеси менен айырмаланат деп ойлойсуңар?*

## “Ажар” повестинен үзүндүлөр
## 1-үзүндү

Күн кылтылдап, уясына батып бара жатат. Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-серин үлбүрөгөн ак булуттар күндүн батарда чачкан нуруна боёлуп, кызгылт тартып, дүйнөгө жаңылык киргизгендей. Учу-түбү жок туңгуюк көк да, казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, өзүнүн кечки жумшак илеби менен алда кимди сүйүнткөндөй болот.

Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы ала чапаны бар, жоолугу бош ийинине түшүп, жылаң баш, аягында кепич, маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15-16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – биздин азыркы сөз баштамакчы болуп олтурган Ажар деген кыз болуп, беркилери – Ажарга жолдош болуп бирге чыккан ошол жердик аялдар. Булар, кедейдин алачыгына окшоп, көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал – Ажардын энесинин мүрзөсү. Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

- Жаным, апа! - деди Ажар.

Үн жок ... Жымжырт ...

- Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп жаныңда олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанымбаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач койнуңду! ... Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң? Кантейин, эң болбогондо, теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп да коёт элем. Бирок ал, маркум атамдан да карыган киши экен. Ага

канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң ... Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың, ... - деп, боздоп Ажар ыйлады. Көзүнүн жашы он талаа болуп, бетин жууду ...

- *Чыгармадагы окуя кайсы мезгилди баяндайт?*
- *Ажар ким? Аны сүрөттөп бергиле.*
- *Ал эмне үчүн ыйлады?*
- *Анын тагдыры кандай? Айтып бергиле.*
- *Ажар эмне үчүн каза болгон апасынан башка эч кимге кеңеш сурап кайрыла албайт?*
- *Эми Ажар айласыз карыган кишиге күйөөгө чыгабы же чыкпай койсо болобу?*

## 2-үзүндү

Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитакун мурунтан эле кызыгып жүрө турган. Анын бардык ою иши кылып Ажарды колуна алууда. Сабитакун ал тилегине жетти. Ажарды алды. Ажарга баалап, Козубекке бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү ун берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн чегерди, Козубек Какшаалга көчүп кетти.

Эң обол Ажар чочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк, Сабитакундун үй ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп, өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муңу жазылайын, унутулайын деди. Бир жыл өттү. Ажар он бешке чыкты. Ажар десе Ажар дегендей эки бети алмадай болуп, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эрксиз өзүнө тарта турган болду. Сабитакундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитакунга ал коңшу туруучу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитакунга келди. Ажардын түбү-жайы менен жакшылап таанышты.

- Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын,- деди Чыр.

- Досум, сенден мен эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды төлөсөң гана болгону,- деди Сабитакун.

Чыгымга келгенде, Сабитакун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качканы жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берди, Ажарды алды. Ажарды алгандагы анын ою – карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип, аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү. Чырдын мындай суук кабарын уккандан кийин Ажар ошол жердик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө барып, капкайдагы бук болгон ичтеги арманын, муң-зарын айтып ыйлаганын аңгеменин баш жагында айткан болучубуз.

Той болду. Журт тарады. Түн кирди. Ажарга күчтөп нике кыйылды. Катындар анын ыйына, жашына карабастан, нике кыйылган бөлмөгө боздотуп, сүйрөп алып келишип, күчтөп кийимин чечишип, төшөккө жаткызышты. Ажар жуурканды чүмкөнүп, шолоктоп ыйлады.

- Жасаган! Мени мынча кор кылып эмне жараттың? Чының менен эле мени ушуга туш кыласыңбы?- деди Ажар. Көз жашы мелт-мелт этип, жаздыгына тамчылай түштү ...

*- Эмне үчүн Козубек тууганы Ажарды өз үй-бүлөсүнө кошуп Кашкарга ала кеткен жок?*

*- Жетим кызды Сабитакун Чырга сатып жибергенине кандай карайсыңар? Адамды сатып алууга жана сатууга болобу?*

*- Азыркы кезде ушундай окуя болушу мүмкүнбү? Мындай жат көрүнүшкө азыркы кыргыз коомчулугунун мамилеси кандай?*

## 3-үзүндү

Ажар Какшаалды бет алды. Себеби Какшаалда турган кыргыздар бар экендигин уккан. Какшаал Турпандын кайсы жагында нече күнчүлүк жер экендигин да ал жакшы билет. Ажар иши кылып ошол кыргыз элине барып, башын жашырып, Чырдан кутулмакчы.

Талаа тынч ...

Ажар кыбырап ордунан туруп, жолуна түштү. Каш карарып, ымырт жабылды. Түн кирди. Бирок сулуу ай муңайып, алтын бууга

боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап сооронгон жаш баладай, жылмайып, койнун ачып, кучагын жайып, Ажарга жол берди.

Ажар бир аз жол жүрүп келе бергенде, арт жагынан көп нерсенин созултуп улуганы, үргөнү угулду. Ал Ажарга жакындай баштады. Ажардын жүрөгү опколжуп, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди.

*- Чырдан качып чыккан Ажар кайда барат? Алыс жолго жалгыз чыккандан корктубу?*

*- Асмандагы ай жана талаа кандай сүрөттөлөт? Жаратылыш Ажарга ниеттеш экенин кайсы сүйлөмдөр билдирет?*

*- Ажардын арт жагынан улуган, үргөн эмненин үндөрү деп ойлойсуңар?*

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары ач, кабыргалары саналып, кынжыйып, эң эле арык, тилдерин салышып, кыңшылашып, Ажарды камап алышты. Ажар коркту. Ыйлап жиберди ... Жан деген кыйын го, жанын корголоп, жерден тырмалап таш алып, туш-тушуна ыргытты. Качты. Жүгүрдү ... Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл-ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесинин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп олтурду. Бирок илешкен жоо калучубу? Ажарды бура бастырбады, кутказбады. Тийип качып, алды-артын тороп, бир алтыганага камады. Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жанынан жарты боо ширенке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөз оюна түштү. Ширенкенин бирөөнү тартып жиберди. Тегерек-теп алгандар жалындуу отту көрүп, азыраак алыстады. Ширенке өчтү ... Карышкырлар кайта качырышты. Айтор, эстен танган Ажар, карышкырлар жакындап кирип келген сайын, ширенке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширенкесинин аягына чыгып болду. Жалгыз гана бир тал ширенкеси калды.

- Шамдай жанган жаш жаным, ушул ширенке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми өчөм, карышкырга жем болом ... - деди Ажар.

Ажар бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй күнгө куурап, араң турган алтыгана, ширенке жанданганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жалындуу кызгылт ак шооласы учуп алып ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди койнуна алып, апайкын кылып, бадырайтып Ажарга көрсөттү. Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей, качкандай болушту. Ажардын биртике акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү - жалгыз от. Андан чыккысы, кеткиси келбейт. Бардык үмүтү, тилеги, күн көрүүсү, өмүр сүрүүсү да – ошол отто. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк. От бастап, өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты, Ажардын алды-артын тороп, айлантып курчап алышты. Ажар чындап эми жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажыраарын, жоосунун колуна түшөрүн, ырайымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары жоо болуп көрүндү. Арбайып- тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушунан качырышты.

- Мына эми, мен силердики, алгыла!- деди Ажар. Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти ... Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду... Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

- *Ажар карышкырларга каршы кантип күрөштү? Ага карышкырлардан кутулуу мүмкүн беле?*

- *Ажарга ниеттеш болуп көрүнгөн жаратылышты автор эми эмне үчүн "көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары да жоо болуп көрүндү" деп сүрөттөйт?*

- *Ажар акыркы мүмкүнчүлүккө чейин аракеттенип күрөшкөнүн кайсы сүйлөмдөр билдирет?*

- *Ажарды эркиндик үчүн күрөшкөн каарман десек болобу? Эмне үчүн?*

Кош, боорум! Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миңдеген ага-туугандарың, эже-сиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, арманда кетти. Кыргыздын далай кыздары, балдары жер-суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып, кан какшады. ... Сен ошолордун бирөөсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан, азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң ...

Кош, боорум Ажар!


- *Автор эмне үчүн Ажарды боорум деп атады?*
- *Ажар сыяктуу кыргыздын башка уул-кыздары да кулдуктан кутулууну самаганы жөнүндө эмне билесиңер?*

**Өтүлгөндөрдү кайталоого тапшырмалар:**

1. "Ак Мөөр" поэмасындагы Мөөрдүн образы менен "Ажар" повестиндеги Ажардын образын салыштыргыла.

2. Эки каарманды төмөнкү суроолор боюнча салыштыргыла:

1) Ал ким, канча жашта?
2) Чыгармадагы баш каарманбы?
3) Ал мезгилдеги аялдын коомдогу абалы кандай болгон?
4) Каармандын сырткы келбети.
5) Мүнөзү, жашоодогу позициясы.
6) Күйөөсүнө мамилеси, сезимдери.



## Чыңгыз Айтматов “Биринчи мугалим”

"Биринчи мугалим" повести – кеңеш доорунун алгачкы жылдарында кыргыз айылында каармандык жасаган биринчи мугалимге арналган зор эстелик катары дүйнөлүк адабиятта белгилүү чыгарма.

Ч.Айтматовдун бул чыгармасы 1953-жылы “Биринчи мугалим” аталышта жарык көргөн.

Повесттин сюжети боюнча согуштан кайткан жаш жоокер Дүйшөн алыскы тоолуу айылда мектеп ачып, балдарды окута баштайт. Кароосуз калган атканаңы өз күчү менен оңдоп, жаңы доордун каршылаштарынын мыскыл-шакабасына карабастан мектеп ачат.

Анын окуучуларынын бири – 12 жаштагы жетим кыз Алтынай абасынын колунда жашоочу. Анын мектепте окушун туугандары жактырбай, андан көрө кыздын кызматына кызыгышып, же күйөөгө берип калың алууга ниеттенишип жүрүшчү. Бир топ убакыттан кийин Алтынайды жеңеси коңшу айылдагы жашы улуу эркекке токолдукка сатып жиберет. Муну уккан Дүйшөн Алтынайды үйүнө жибербей коет. Бирок, жаш кызды сатып алган “күйөөсү” мектепке келип, Дүйшөндүн каршылыгына карабай аны уруп, Алтынайды ала качып кетишет. 12 жаштагы кыздын адамдык укугу тепселенип, зордук-зомбулуктун курмандыгы болот: өзүнүн атасындай болгон адам аны токолдукка алат. Ал бул кордукка жалгыз каршы тура алмак эмес.

Бирок, Дүйшөндүн жардамы менен бул кулдуктан бошонуп чыгып, алыскы шаарга окууга кетет, ошентип өзүнүн жаңы тагдыр жолуна түшөт. Бара-бара ал билимин өркүндөтүү менен окумуштуу-академик даражасына жетет. Бул ийгиликтерине агайы Дүйшөндүн эмгеги чоң эле, ал ага адамдык чыныгы жашоонун жолун көрсөттү. Чыныгы мугалим окуучуларына билим гана бербестен, аларды адамдык касиеттерге, боорукердикке, өз бактысы үчүн күрөшө билүүгө тарбиялайт жана билимдүү, аң сезимдүү кылууга умтулат.

Алтынай канчалык бийиктикке жетсе да өзүнүн биринчи мугалимин эч унутпай, ал жөнүндө кийинки муунга баяндап берүүсү чыгарманын сюжетинин өзөгүн түзөт.

- *“Биринчи мугалим” повестинин негизги каармандары кимдер?*
- *Алтынай жөнүндө эмнени билдиңер?*
- *Эмне үчүн Алтынайды токолдукка сатышат?*
- *Алтынай баш ийип, отуруп калабы?*
- *Анын билимдүү болуп жана жогорку даражага жетүүсүнө эмне түрткү болот?*

**1. Алтынайды сүрөттөп бергиле.**




**Алтынай Сулаймpraнованын каты менен таанышкыла**

«Эмне үчүн баягыда айылдан тез аранын ичинде кеткендигимдин себеби, сизге эми белгилүү болгон чыгар. Мунун баарын ошондо эле отуруп элге айтып түшүндүрүп берсем да болмок эле, бирок өзүмдүн кетирген билбестигиме  капа болуп, өтө нааразыланып, бул бойдон Дүйшөн карыянын астына барып жүз көрүшүп салам бералбастыгымды сезип жана да бул иш жалаң гана бизге эле тийиштүү эмес, көпчүлүккө керек экенин түшүнүп, эртерээк жолго чыгып, эртерээк ойлорумдун баш-аягын жыйнап, өткөн кеткенди тактап, тийиштүү сөзүмдү кат жүзүндө кабарлоону туура таптым. Анткени ошондо жаңы мектептин кадырлуу төрүндө мен эмес, сиз да эмес, башкалар да эмес – биринчи мугалимибиз Дүйшөн аксакал отуруш керек эле. Мектептин ачылышын ушул киши жарыялап жана башка урмат сыйын ушул киши көрүш керек эле. Тескерисинче, биз үлпөттүн үстүндө отурган кезибизде, дале болсо, ушул алтын киши куттуктоо телеграммаларды ала чаап келди. Түшүнсөк уят эле иш болду. Дүйшөндүн кандай мугалим болгонун азыркы жаштар билбейт, мурункулар болсо, ажалы жетип өлгөнү бар, согушта

курман болгондору бар. Ал эми мунун баарын кабарлап айта жүрүү түздөн-түз менин милдетим эле. Бирок, айылга каттабай жүрүп, мурункунун баардыгы унутулуп, эстен чыгып кетпесе да, алыска катылган буюмдай болуп, көмүскөдө кала берген.

Аман турсак, мен али Дүйшөн мугалимиме барып, кечирим сураныып өтүнөм. Менимче, ал киши экөөбүз бири-бирибизди түшүнө турган жалпы тил табарбыз. Кеп азыр башкада болуп жатат. Биз кээде унутпас нерселерди унутуп, эскирбес жоо жарагын эскирди деп, аны пайдаланбай жүрөбүз. Ушуну менен өзүбүздүн тарыхты жардылантып, жаштарды тарбиялоо ишинде көп кемчилик кетирип келе жатабыз.

Болбосо мага окшогон менин замандаштарым, Дүйшөн сыяктуу биздин жаңы доорду орнотууда өмүрүн кыйып, жаштыгын берип, жүрөгүн жүрөк кабы менен кошо элге сууруп берген эбегейсиз эмгек, эрдик көрсөткөн, мен мындай элем, деп төшүн какпаган карапайым, акыл жүрөктүү бир канча адамдар жөнүндө биз мурунтан элге жеткирип айтып жүргөн болсок, анда алар унутулуп, көз жаздымында калып, анан калса, тамашага айланып кетпес эле го! Биз буларды сыйлабасак, өзүбүздү сыйлабаганыбыз, революциянын деми менен кылымдар аттап басып өткөн жолубузду сыйлабаганыбыз. Азыркы кезде кээ бир жаштар совет өкмөтүнүн алгачкы тарыхы жөнүндө кеп болсо, ой коюңузчу качанкы немелерди, анын баары айтылып бүтпөдүбү эми деп, манчыркашат. Жок, качанкы эмес, азыр атом менен космостун доору болсо да, революция жараткан Дүйшөндөр дале биздин катарыбызда. Азыркы жаштар үчүн Дүйшөн сыяктуу адам мисал болуп, үлгү боло албайбы? Эгерде биз баарыбыз ошол Дүйшөндөй эле болсок аң сезимибиздеги жаңыруу эбак болмок.

Дүйшөн мугалим болуп жүрүп билимим аз деп өкүнөр эле. Анысы ырас. Бирок кээ бир азыркы жогорку билимдүү, маданияттуу мугалимдер Дүйшөн сыяктуу өз кесибин сүйүп, жүрөк жалыны менен ошого берилсе болор эле. Анткени, мугалим деген кайсы доордо болбосун дайым – талыкпас тарбиячы, антпесе анын коомго берген пайдасы кем болот…

Кымбаттуу иним, сизге кат жазышымдын дагы бир максаты: айылга барып жаңы ачылган мектептин атын «Дүйшөндүн мектеби» деп атоону элге сунуш эткени жүрөм. Ооба, так ушул

катардагы колхозчу, азыркы убакытта почточу болуп жүргөн кишинин атынан. Сиз дагы менин ушул сунушумду жолдосоңуз экен деп суранам".

- *Эмне себептен Алтынай Сулайманова айылдан тез кетиптир?*
- *Бул каттан анын кандай сапаттары жөнүндө айтса болот?*
- *Каттан далилдерди келтиргиле.*

**Жуптарда талкуулап, таблицаны толтургула**.

| Катта кайсы көйгөйлөр жөнүндө айтылган? | Цитаталарды келтиргиле. | Алар реалдуу турмуш менен кандай байланышкан? Мисалдарды келтиргиле |
|---|---|---|
| | | |

## Чынгыз Айтматов "Жамийла"

"Жамийла" – Ч. Айтматовдун атын алыска тааныткан повесть. Повесть алгач "Обон" деп аталып, кыргызча ушул ат менен жарык көргөн. Орус тилинде "Новый мир" журналына (1958, №. 8) "Жамийла" деген ат менен жарык көрүп, дүйнө элдеринин тилдерине ушул ат менен белгилүү болгон. Чыгармадагы окуянын лирика-романтикалык маанайда баяндалышынан улам повестти адабиятчылар "кара сөздөгү поэзия же прозадагы ыр" деп да атап жүрүшөт. Повестти өз эне тилине которгон белгилүү француз жазуучусу Луи Арагон аны "махабат тууралуу эң сонун баян" деп баалайт.

Чындыгында да чыгарманын мазмундук өзөгүн түзгөн тема – сүйүү темасы: Жамийла менен Даниярды табыштырган махабат; ошондой эле турмушка, элге, жерге, жашоого болгон чексиз сүйүү менен адамдагы руханий сулуулукка болгон сүйүүнү, умтулууну бириктирген адамдык бакыбат, зор сүйүүнүн Жамийладагы личносттук "мендин" патриархалдык салт-санаа, түшүнүк үстөмдүк кылган чөйрөдөгү үй-бүлө түшүнүгүнө кайчы келиши сыяктуу маселелер менен тыгыз биримдикте каралат. Автордун өз чыгармасын адегенде «Обон» деп аташы бекеринен эмес, анткени обон повесттин бүткүл сюжеттик-композициялык

курулушунда чоң роль ойноп, анын негизги идеялык-көркөмдүк табиятын аныктап турат.

Повесть жарык көргөндөн бери, өзгөчө өзүбүздүн улуттук адабий чөйрөбүздө Жамийланын Садыктан кетишине байланыштуу талаш пикирлер айтылып келет. Повесттин образдар системасын талдоодо «Садык Жамийланы сүйөт эле болчу, ал катты өз учурундагы эреже-жосундарга ылайык жазат, Жамийланын аны чанып, башкага кетүүсүнүн эч жүйөөсү жок, жеңил ойлуулук» деген пикирлер көп айтылды. Бул жерде кеп Садыкта эмес, Жамийлада, аны Даниярга жолуктурган тагдырда. Эгер көпчүлүктөн кескин айырмаланган мүнөзү, романтикалуу жан дүйнөсү, августтун ажайып түндөрүндөгү керемет обондору менен Данияр келбесе, Жамийла Садыкты күтүп, бара-бара чоң, кичине үйдү башкарган нарктуу кайнененин ордун басмак. Бирок көңүлгө канат байлап, мазмундуу жашоого умтулткан, күчтүү толкун болуп каптап келген сүйүүсүнөн баш тартып, ар кандай чектөөлөргө, адат-салтка баш ийип жашоо Жамийла сыяктуу күчтүү, бакыбат натурадагы аялга туура келмек эмес. Ошол себептүү ал акыры «эски шинели менен тамтыгы чыккан өтүгүнөн башка эчтемеси жок» Даниярды «башын бийик көтөрүп, кылчайбай» ээрчип кетет. Кийин сүрөтчү болгон Сейит да өмүр тарыхына жылуу из калтырган балалык учурга көп убакыт өткөндөн кийин кайрылып, андагы өзү күбө болгон сүйүү баянынын тазалыгына эч шек кылбай окурмандарга эскерип айтып берет. «Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулсун! Сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту болсун!» деген художник-баяндоочу Сейиттин сөзү менен повесть аяктайт. Повесттен, ошондой эле автордун сюжет куруу, сөз менен иштөө чеберчилигинин өзүнчөлүгүн көрүүгө болот. Андагы портреттик, пейзаждык сүрөттөөлөр, көркөм сөз каражаттарынын ар бири чыгарманын идеялык-көркөмдүк системасында белгилүү бир маанилүү милдет аткарып, поэтикалык ойдун өсүш ыраатын шарттап турат.

- *Чыгарманын негизги темасын аныктай аласыңарбы?*
- *Жамийланын образы эмне себептен талаш пикирлерди жаратат*?

## Чыгарманын үзүндүсү менен таанышкыла



Жамийланын эки атты башкарып, араба айдап кетишине мен эч кандай күмөн санаган жокмун. Ал өзү кичинесинен жылкыда жүрүп өскөн, тээ бордо, Бакайыр айылындагы жылкычынын кызы эле. Биздин Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодогу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып, аны ала качып келгенин уккам. Андай эмес, экөө көңүлү менен кошулушкан деп айтып жүрүштү абысын-ажындар. Эмнеси болсо да, алар үч-төрт ай эле бирге туруп, анан Садык акемди аскерге алып кеткен. Билбейм балким, жаштайынан атасы менен бирге ой-кырда жылкы айдашып, ат чапкылап жүрүп, өктөм өскөнбү, анын үстүнө жалгыз кыз бала экен, айтор, Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр ишке шамдагай киришип, башка келиндердей башым, белим дечү эмес. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышкан менен айтышып, тилдешкен менен тилдешип, ал тургай бир-эки жолу келиндер менен тытышканы да бар...

Ырас, ал энелеринен ийменип, аларды сыйлачу, бирок айылдагы көпчүлүк келиндердей болуп, үн этпей башын жерге салып, же болбосо тескери карап көгөрүп сүйлөнбөй, өзү туура таап, айтам дегенин тартынбай айтып, ой-пикирин жашырчу эмес. Жүйөөлүү болсо апам көбүнчө аны менен макул, бирок ошондо да акыркы ток этер сөздү ал оңой эле бирөөгө бере койбойт. Менимче, апам аны мүнөзүнүн күчтүүлүгү, адилеттүүлүүгү жагынан өзүнө жакын, өзүнө тең болорлук көрүп, келечекте аны эки үйдүн башын коштуруп, очоктун ырыс-берекесин сактаган өзүндөй мыкты орун басар катарында калтырып кетейин деген ою бар болсо керек.

- *Садык менен Жамийла кантип үйлөнүшүптүр?*
- *Жамийла башка кыз-келиндерден эмнеси менен айырмаланат?*
- *Кандай сапаттарын белгилей аласыңар*?

“Кат жазуунун бизде өзүнчө салты боло турган. Аскердеги агалар катты атамдын наамына жиберчү, почточу аны апамдын колуна тапшырат.



Садык акем кат жазганда адегенде: “Амандык кат” деп туруп, анан: “Андагы таластын атыр жыттуу салкын абасында жашаган, жандан артык көрүүчү атам Жолчубай”, - деп, атамдан баштап, анан апамды, анан Иштерман энемди айтып, ушинтип баарыбызды бир-бирден өз кезеги менен атап, жакын тууганадарыбыздын аманчылыгын сурашып, эң акырында: “Жана да аялым Жамийла аман-эсен турабы” – деп, Жамийланы бир ооз сурап өтөт. Ата-эне, туугандар турганда аялын биринчи эскерип, катты анын наамына жазыш – жалаң эле Садык үчүн эмес, эркекмин дегендердин баарына эрөөн болобу, бирок биз ушундай эле катка көптөн-көп ыраазыбыз, айыл элинин түшүнүгүндө бул өзү салттагы иш. Катты бир эмес, эки-үч жолу окутуп алгандан кийин, апам аны казан-аяктын ысык-суугуна туурулган колуна алып, кагазды учуруп жиберчүдөй абайлап кармап, үч бурчтук кылып кайра бүктөйт.

Эгерде ошол учурда Жамийла да үйдө болуп калса, ал дагы катты бир сыйра ичтен окуйт. Ар убакытта кат колуна тиер менен Жамийланын бети албыра түшүп, ал аны демин токтото албай, шашылып окуй баштайт. Бирок улам каттын аягына жакындаган сайын, өнүңдөгү оту соолуп, ийилген кашы сустая жыйналат. Кээ бирде аягына чейин да окуп жетпей, Жамийла унчукпастан, катты убактылуу карызга алгандай, сустайган бойдон кайра энесине берет”.

- *Кат жазуунун салты жөнүндө силерде кандай пикирлер жаралды?*
- *Садыктын каттарынын мазмуну кандай экен?*
- *Кат келген учурда, Жамийла өзүн кандай алып жүрчү экен?*
- *Эмне себептен деп ойлойсуңар*?

“Адегенде Данияр мурункудай эле үнү кысталып батына бербей акырын баштады. Бирок, бара-бара үнү улам ичтен күч алып, арышын кең таштап, чабыты толгондо, капчыгай ичи баштан аяк жаңырып, алыскы аскалар Даниярдын обонун эки үч кайтара улантып жатты. Анын үнү дагы да чыйралып күчөй берди. Ошондо шаңшып созолонгон үнү гана эмес. Даниярдын обонунда болгон жалын менен чексиз мээрим адамды таң калтырып жакасын карматты. Ушунун өзү эмне экенин, аны эмне деп айтарымды билбедим: ырчынын көмөкөйүнөн чыккан үн элеби, же болбосо андан башка, жүрөктүн өзүнөн оргуп төгүлгөн дагы бир нерсе барбы? Ал өзү эмне, ал эмне адамдын жанын эргитип ой кыялын ойготкон? Азыр да айта албайм.



Атаганат, колдон келсе кагазга жазып отурбай, бул укмуштуу обондун өзүн салып берсем кана! Анын ыры - сөзү жок эле үн менен обон. Анда - санда гана бир ооз сөз айтып коюп, анан бир топко чейин жөн эле үн салып демин тартпай безеленет. Деңиздин толкуну удургуп каптагандай төктүрмө обон ташынып, анын сөз айтууга чамасын келтирбей жатты. Бала болуп мен мындайды эч качан уга элек элем. Бул бир өзүнчө тубаса үн, тубаса обон. Жүрөгү зор адамдын ой санаасын, кубанычын, тилегин баяндаган зор обон. Ал кыргызчага, казакчага да окшобойт, бирок тыңшап отурсаң, бул обондо байыртан бир боордош кыргыз менен казактын тандалган төл обондору ширетилип кошулгандай туюлат. Обон, бирде, казактын учу-кыйыры жок ай талаасындай, кенен агымда жайкалып көйкөлсө, бирде кыргыздын зоокалуу тоолорундай, бийик заңгырап көкөлөйт. «Капырай, - деп жаттым мен, - Данияр ушундай экен да? Капырай, анын мындайы кимдин оюнда бар эле?!».

Капчыгайды басып өтүп, жолу даңгыр, жайкалган өзөнгө чыкканда, Даниярдын ыры көкүрөк черин жазып, жаңы күч менен

талпынды. Өмүрү угуп көрбөгөн кереметтүү обондор, бирине бири куюлушуп, биринен бири өтүп алмашууда. Данияргa бүгүн эмне болгонун түшүнбөй жаттым. Так ушул бүгүн, так ушу саатта ай-күнү жеткендей, ичтеги бук болуп камалган бардык сырын, байлыгын Данияр мына азыр ачыкка чыгарып, алтын чачыладай төгүп берди. Мына эми гана мен Даниярдын эмне үчүн маңыроо сыяктанып, элге күлкү болуп жүргөнүн, эмне үчүн кечкурунда кароол дөбөгө чыгып барып, өзү жалгыз кыялга батып отурганын, эмне үчүн шаркырап ташынган суунун боюна түнөп жүргөнүн, эмне үчүн кандайдыр угулар-угулбас дабыштарды тыңшагансып, ошондо кашы өйдө серпилип, көзү кубанычка толгонун, мына эми гана бир чети түшүнгөнсүдүм. Бул адам-жүрөгүнө чоң сүйүү алып жүргөн адам! Анын бул сүйүүсү, менин оюмча, канчалык ысык көрүп, шыгы түшкөн жалгыз бирөөгө гана арналган сүйүү эмес, кандайдыр андан да зор, андан да алп, турмуш-жашоонун өзүнө, жан берип, жан жараткан ааламдай жерге, жарык дүйнөгө болгон өлчөмү жок чоң сүйүү! Көрсө, ал ушул сүйүүнү көкүрөгүнө сактап өчүрбөй, ошону менен жашаган адам экен. Эгерде андай эмес башка болсо, эгерде ал дити супсак, жүрөгү муз болсо, жаратылыш аны кандай гана таңдайы жок обончу кылбасын, ал азыр минтип ырдай албайт эле.

Даниярдын обону ушул кезде түнкү өзөндүн үстүнөн жайыла каалгып, көзү илинип, мемиреп бара жаткан кең талаанын бешигин алдейлеп терметкендей, алыска жумшак созолонуп, акырындап өчөрүндө жаңыдан безелене үн алып, талыкшып уюган жерди кайра ойготуп, уйкусун ачат. Өзү дем берип, өзү жараткан ырчыны ойгонгон албан талаа кулак салып, тыңшап жатты. Тигине арык бойлой жарданып, орок күткөн эгиндер ай жарыгына күүгүм көлөкө ойнотуп, үстү-үстүнөн көлкүлдөп ыргалат. Жолдон окчун жерде эски тегирмендин кыркалекей теректери жалбырак дирилдетип, алда эмнени угузбай шыбырашкансыйт. Суунун аркы маңдайында, белес-белесте кырманчылар от жагышып, эртеңки көжөсүн кайнатууда. Тигине, кимдир бирөө алда кандай иш менен шашылып, кокту бойлой далбалаңдап, кыштакты көздөй чаап бара жатат. Алдыда кыштактын бак-дарагы дүпүйүп, андан келген жел эзилип бышкан алманын ширесин, сото кучактап гүлдөгөн жүгөрүнүн балыр

таттуу дүмбүл жытына, короолордо жайылган тезектердин жылуу демине аралашып, аңкытат.

Данияр дагы көпкө чейин обон салып, ырдап келди. Чалкыган август түнү аны тыңшап, обонго арбалгандай тереӊ тынчтыкта уюп магдырады. Ал түгүл аттар да арабаларды жай терметип, жай басышты.

Мына ушинтип, адамдын денесин балкыта, толукшуп ырдап келе жаткан Данияр бир убакытта үнүн бийик закымдата келип, ырын чорт токтотту да, аттарга ала-сала камчы уруп, айдап жөнөдү. Менин оюмда, Жамийла дагы анын артынан түшөт экен деп, тизгиндерин жыйып, алардын соңунан калбай утурламак болдум. Бирок Жамийла козголуп да койгон жок. Башын бир жагына кыйшайткан калыбында тереӊ кыялга чөгүп, нес болгон сыяктуу ошол бойдон былк этпей отура берди. Обондун абада калган учкундары дагы эле көкөлөп жүргөндөй, Жамийла аны сыйкырланып тыңшагансыйт.

- *Берилген үзүндүгө тема тандагыла.*
- *Даниярдын кандай жаңы сапаттары жөнүндө айтылып жатат?*
- *Сейит Даниярдын обонун кандай сөздөр менен сүрөттөп жатат*?
- *Силерге музыка кандай таасир этет?*

1.Жамийлага мүнөздөмө бергиле. Анын сырткы келбети, ички дүйнөсү кандай экен?

2.Жамийла менен айылдагы келиндерди салыштыргыла. Жамийла эмнеси менен алардан айырмаланат?

3.“Эмне үчүн Жамийла ушундай чечим чыгарды?” деген суроого жооп бергиле. Таблицаны толтургула.

| **Чечим** | **Себептери** |
|---|---|
| | 1.<br>2.<br>3. |

4. Сен Жамийланын чечимин колдойсуңбу? Эмне үчүн?

## Түгөлбай Сыдыкбеков "Зайыптар" романы жөнүндө

Т.Сыдыкбековдун "Зайыптар" романы эки китептен: "Батыйна" (1962-ж) жана "Ашуу" (1966 ж.) турат. Биринчи китепте Батийна, Айнагүл, Канымбү сыяктуу аял кейипкерлердин, экинчи китепте белгилүү кызылчачы, Социалисттик Эмгектин эки жолку баатыры Зууракан Кайназарованын прообразы аркылуу эрки күчтүү, келбеттүү жана ошол эле убакта коргоосуз кыргыз аялдарынын тарыхый тагдыры сүрөттөлөт.

Батыйнанын жаштыгы XX кылымдын башындагы тарыхый доордо аялдардын укуксуз абалына туш келет. Ал оор абалдан суурулуп чыгууга, аялдардын укугун чектеген диний жол-жоболорго каршы турууга, адамдык сыймыгын коргоого аракеттенет, бирок катаал замандын шартында аялзатынын эркиндикке жетүүсү кыйын эле. Жаңы заман келгенде Батийна өзү сыяктуу эзилген кыз-келиндерди эркиндикке, билимге үндөйт жана эскинин калдыктары менен активдүү күрөшө баштайт.

**1. Зайыптар деген сөздү түшүндүргүлө. Азыркы учурда ушул сөз колдонулабы?**

**2. Романдын үзүндүсүн окугула, коомдо кайсы өзгөрүүлөр чагылдырылган? Эмне үчүн?**

**3. Кыз-келиндердин абалы кандайча сүрөттөлгөн? Эмне үчүн?**

## "Зайыптар" романынан үзүндү

...Колдору болоор-болбос калтырап, кардыккан үнү муңдуураак угулду:

" Биздин элде Чоро дегендин аялы туура он тогуздун энеси болду. Ону – уул, тогузу – кыз. Алар аман чоңоюшса өздөрүнчө чоң айыл журт болмок. Илгерки жайдак, жүдөө турмуш айрыкча Чоронун сөөгүн какшатты.

Жазгы улуу тумоо жүрдү. Бир күндө Чоро үйүнөн экиден сөөк чыгарды. Мен билгенден Чолпон деген кызы жети жашынан уз чыкты. Кештелеп сайган саймасын айылдын чебер келиндери мактай баштаган кезде Чолпонду улуу тумоо жыкты. Ошол кызы

жерге көмүлгөн күндөн энеси шордуу ичкен ашын сезбей эсинен ажырады…

Азыр ойлосом, ал кезде да адамды илдеттен сактаган доктурлар болсо, балким, Чоро байкуштун Чолпону өмүрлүү болот беле? Көөр төгүлгөн колунан эчен сонун сайма, эчен сонун чебер иштер жаралат эле…

Менин ырысым: көп жашап калыпмын, ушул заманды көрдүм. Кыргыз айылы отурукташты. Мектеп, клуб, кызыл үй дегендер ачылды… Ойлоп олтуруп акылың айран: айылда чаар киши калбай баратат. Чоңдон бала акылдуу, эркектен аял калышпайт. Менин жесир келиним Сабийра азыр колхоздо ферма,” –ал кубангансып күлдү да, кебин улай берди.

**4. Ал эми заманбап азыркы коомдогу кыз-келиндердин абалы кандай? Мисалдарды келтиргиле.**

## Камбаралы Бобулов “Түштүк кызы” повести жөнүндө

Жазуучу, сынчы, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Камбаралы Бобуловдун “Түштүк кызы” повести 1962-жылы жарык көргөн. Чыгармада 50-60-жылдары илим-билимге, адамдык бакытка умтулган айылдык кыргыз кыздары ата-энесинин жана айылдаштарынын тордой чырмаган эски көз караштарын жана кысымдарын кандай кыйынчылыктар менен жеңүүгө туура келгендиги реалдуу сүрөттөлөт.

Алардын бири, баш каарман Гүлайым мектеп окуучусу болсо да айылда кыздарга карата зордук-зомбулук, адилетсиз мамилелерди көрүүгө туура келди. Мектепти бүтүрөр жылы ал окуган класста кыздар күндөн күнгө азайып, ата-энесинин мажбурлоосу менен күйөөгө чыгып жатышты. Ал эми өзүн дагы шаарга окууга жөнөтпөө үчүн ата-энеси бардык аракеттерин жасашат. Акимдин кийлигишүүсү менен окууга бара турган болгондо ата-энеси аны раистин уулу Аманбайга кудалап коюшат да, болочок күйөөсүнүн катуу кайтаруусунда гана Фрунзе шаарына окууга жөнөйт.

Университетке окууга өтүп, билим алууга баш-оту менен киришкен кызды кудалашып койгон болочок күйөөсү Аманбай баскан-турганын тескеп, ал тургай күч колдонуп жазалаган учурлар да болот. Бирок, Гүлайым аң-сезими өскөн сайын өз укугун коргоого үйрөнөт. Аманбайга ата-энесинин кыстоосу менен башы байланган Гүлайым акыры өз сүйүүсү Туратбекти тандап, өз эрки менен турмушун куруугa белсенет.

“Түштүк кызы” повести окуучуларга дагы эле болсо кыздарга карата күч колдонуу, зордук-зомбулук жана күйөөгө чыгууга мажбурлоо сыяктуу укук бузуулар менен келишпестик сезимди жаратат. Ошондой эле кыздарды өз укугун коргой билүүгө, билим алууга жана турмуштан өз жолун издөөгө түрткү берүүчү чыгарма катары өз актуалдуулугун жогото элек.

**Үзүндүнү окугула, кандай деп ойлойсуңар, окуя кайсы мезгилде болуп жатат?**

## «Түштүк кызы» повестинен үзүндү

Мен болсом, ордумдан атырылып тура калып: «Эй катын, өз ишиңди бил, менин кызматыма киришпе. Кызым эл катары окууга барат. Кеп ушул», — дейт элем.

Атам унчукпайт. Алар унчугушпай калышты. Эч нерсе укпаган, билбеген кишидей момоюп уйгө кирдим. Апам кумсарып, сары түгү бетине чыгып калыптыр, чоң сандыктын жанында отурат. Атам кире бериште айыптуу кишидей жер карап мурчуят. Эч кимиси озунуп “келдиңби” деп да койгон жок. Мен да унчукпай, сыртка карай жөнөдүм. Ооба, азыр апам артымдан сынап карап турганын желкемен көруп турам. Мага бардыгы эртеси тушунуктуу болду. Мындай күтүлбөгөн окуя болот деп ким ойлоптур дейсиз.

Кечээ биздин колхозго райондун биринчи секретары жолдош Ташымов өзү келип, активдер менен кеңешме өткөрүптүр. Талкууланган негизги маселе, кош айдоону, чөп орууну мөөнөтүнөн мурда бүтүрүү эмес, онунчу классты бүткөн кыздарды милдеттүү түрдө жогорку окуу жайына жиберүү экен. Эсепке караганда биздин райондун кыздары республикабыздын жогорку окуу жайларында өтө сейрек учурайт имиш.

Бул имиш эмес, чындык! Алыска барбай биздин колхозду алып көрөлү. Силерге жалган, мага чын, ушул убакка чейин биздин колхоздон бир дагы кыз онунчу классты бүтүп, жогорку окуу жайларына кире элек десем, кээ бирөөлөр аябай таң калышы мүмкүн. «Кантип? Бул жалган, апыртуу» - деп, мага жалаа жабышы да ыктымал. Албетте, бул угуучуга өтө оор, бирок чын кеп. Ал мындайча: биринчи класста балдар менен кыздар теңме тең эле болот. Кыздар жогорку класстарга жеттиби, элегендей суюла берет, суюла берет.

Биз да ушундай болдук. Он эки кыз биринчи класстын астанасын кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбуз калдык, кайсы күнү чоочун үй-бүлөнүн казан аягын калдыратып калар экенбиз деп жүрсөк Айзада качып кетти. Ал да окуунун айынан...

Ошентип, көз көрүнөө арабыз суюла берди. Ойлоп керсен, бул коркунучтуу! Сен кызсың! Бир күнү сени менен окуп жүргөн, бирге өскөн, сырдаш теңтушун капыстан күйөөгө тийип кетет да,

анын орду бош калат. Агайлар мектеп жашындагы кызды күйөөгө зордуктап жиберишти деп, тийиштүү жерлерге билдирет. Текшерүүгө киши жиберилет. Сүрүштүрүп келсе күйөөгө тийген кыз сельсоветтин каттоосунда эч кими жок он сегизде болуп чыга келет. «Өзүм каалап, өзүм тийдим. Эч ким зордогон жок, өзүмдүн окугум келбейт», - деген үйрөтүлгөн сөздөр даяр. Өзү окутуп, өзү таламын талашкан окуучу кызынан ушундай кепти угушуп, агайлар да ичтеринен тынышат.

Кетчү кыз кетет, агайлар ар бир сабак сайын тизме окуганда, кеткен кыздын фамилиясын атабай, аттатып өткөндө өзүнчө эле сыздайсын, басмырт болосуң. Тизмеде өз кезегиң келгенде «бар» деп бош айтып, кайра отурууга шашасың. Бетиң чымырап, агайга тик карай албайсың.

Чынында коркунучтуу. Сен араң он бешке чыктың, бирок жашыруун күчтүн жардамы астында он сегизге секирип жетип, аз келгенсип бирөөлөрдүн шыбырына эрксизден көнүп: «Окугум келбейт» - деп, каратып туруп калп айтып турсаң, анан агайлар сага кантип нааразы болбойт!


Жакын арада менин да ордум бош калып, агайлар фамилиямды аттатып өткөндө, кимдир бирөө озунуп: «Калмурзаева да эрге тийип кетиптир»,- деп кыйкырар деген санаа менен ушул күнгө жеттим.

*- Эмне үчүн райондун биринчи секретары кыздар окууга барсын деп ата-эненин тарбия берүүсүнө киришип жатат?*

*- Райондун биринчи секретары деген кандай кызмат деп ойлойсуңар?*

*- Ал эмне үчүн кыздардын окууга барышын камсыздап, алардын келечегин ойлоп жатат?*

*- Гүлайымга мүнөздөмө бергиле, силерге анын кайсы сапаттары жакты? Кыздардын абалы, аларга кылган мамилени ал кандайча талдап жатат?*




*Силер келечекте үй-бүлө курганда кыздуу болсоңор, ага кандай келечекти каалайсыңар?*

## Зуура Сооронбаеванын “Жетимдер” романы жөнүндө

Кыргыз эл жазуучусу Зуура Сооронбаеванын “Жетимдер” романы ага жазуучулук атак-даңк алып келген окумдуу чыгармаларынын бири. Чыгарманын окуясынын өзөгүн 1960-70-жылдардагы 3 жетим бир туугандардын татаал тагдыры түзөт. Окуя негизинен 3 жашында энесинен жетим калып, айылдагы мээримдүү үй-бүлөлөрдүн бири асырап өстүргөн Толкун аттуу кыздын айланасында жүрөт. Ал өз энесинин кайтыш болгонун, энелеш дагы эки бир тууганы бар экендигинен кабарсыз чоңоёт. Бир тууган агасы Нурлан жана эжеси Рахат кичине кездеринде эле балдар үйүндө тапшырылган эле. Алар да Толкундун кайда экенин билбей калышкан.

Толкун бакма ата-энесинин өгөйлөбөгөн камкор мээримине бөлөнүп чоңойсо да, мектепти аяктап, билим алууну улантууда жана үй-бүлө курууда бир топ көйгөйлөр жаралат. Айылдагы туура эмес түшүнүк боюнча шаарга окууга барган кыздардын баары ыймандан кол жууп, бузулуп кетишет. Ошондуктан Толкундун ата-энеси аны шаарга жогорку окуу жайына жөнөтүштөн коркушуп, ар түрдүү шылтоолорду ойлоп табышат. Канчалык окууну самаса да, айылдык баёо кыз алардын тилинен чыгууга күчү жетпейт. Бирок, райкомдун 1-катчысынын кийлигишүүсү менен, кыз Фрунзе шаарына окууга барып, университетке өтөт.

17 жаштагы татынакай Толкундун баёолугунан жана ишенчээктегинен пайдаланып, шаарда аскер комиссары болуп иштеген агасынын даражасына дөгүрсүгөн Самат артынан түшүп, ага турмушка чыгууга мажбурлагысы келет. Кыз аны жактырбагандан кийин зордук менен ала качууга аракеттенет.

Эне-атадан бала кезде ажырашып, турмуштун бороон-чапкынына кабылышкан бир туугандар чыгарманын аягында табышышып, өз максат-тилектерине жетишишет.

Чыгарманын башкы каармандары жан дүйнө, аруу максаттары жана билимдүү болууга умтулуулары менен окурмандарга позитив тартуулай алышат.

## “Жетимдер” романынан үзүндү

... Толкун ойлоно түштү. Ракыйманын апкөй тилине жаш неме ишенгендей, азыр эле алаңдап турган коркок көздөрүндө айтса-айтпаса төгүнбү дегендей кубанычтын учкуну ойноп кетти.

- Жүрү эми. Көчөнүн ортосунда тартышып турбайлы. Чунак кыз десе, эси бар киши да ушуну жасайбы.

Толкун аягын солгун таштап, басар-басмаксан болуп Ракыйманын жанында баратты. Алар жаңыдан эле дарбазанын түбүнө жуп жете бергенде, калиткадан кимдир бирөө булак деп көрүнө түшүп жок болду.

- Ай, Самат, кызды жеңем ээрчитип келе жатат. Силер топурабай ары жакка жашына тургула, - деген үн Толкундун кулагына шак дей түштү.

Кыздын жүрөгү оозуна келди. Ал окуянын түпкүрүнө эми толук түшүндү. «Жыландын ордосуна өзүм келип берген экенмин да. Алданган турбайымбы », - деп ойлоду. Толкун Ракыймадан дароо четтей берди.

«Эч качан торуңарга түшпөйм. Алдай албайсыңар мени». Кыз бул сөздү өз оюнда көчө жаңырта кыйкырып сүйлөп жаткандай болду. Бирок анын апкаарыган үнү эч кимге жеткен жок. Эч ким уккан да жок. Корккондуктан үнү буулуп, тамагы кургады. Бар болгону кетенчиктеп, теректен терекке өтүп, далысы менен жылып баратты. Сокур киши жол издеген немече артына сунулган эки алаканы менен аларды жансыз кармалайт, алаңдап артына жыла берет.

Ракыйма Толкунду көздөй өзүн атты.

- Бул эмнең, эшиктин алдына келип алып, кайра качып?

Толкун калчылдай баштады. Аял анын көзүнө чайнабай туруп жутуучу жырткыч айбандай болуп көрүндү. Кыз теректен терекке айланып өттү, качып баратты.

- Барбайм, барбайм!

Толкун көчөнүн ортосуна атып чыкканда, артынан жетип билектен алды. Кыз колун шамдагайлык менен жулуп бошотту. Аял Толкундун артынан чуркады. Эми короодо бугуп жаткан жигиттер октой атып көчөгө чыгышты. Алар Толкунду турумтай тийген бөдөнөдөй качырып сала беришти. Корконунан бутунан

жан кетип, денесин калтырак баскан кыз узай албай калды. Душман бети менен сүрдүгө жыгылган кызды басып жыгылды. Толкун үйрүнөн ажыраган кулундай чыңырды.

- Э-не-ке-е! А-та-а! Өл-д-үүм!

Токтолуп калган кара мурут, узун бойлуу арык чырай жигит кызды кучактап турган калыбында жалына баштады.

- Капырай, Султакемдин кызы эстүү бала болду деп, көрүнгөн жерде мактап жүрсө, бул кылыгың кандай. Секет кетейин карындашым, карачы мени, тааныйсыңбы?

- *Толкун ким? Ракыйма ким? Ракыйма кызды кайда жана эмнеге ээрчитип келе жатат?*

- *Толкун менен Самат сүйлөшүп жолугушуп жүргөнбү же жокпу, муну кайсы сүйлөмдөр билдирет?*

- *Аны ала качып күйөөгө бергени жатканын түшүнгөндө кыздын сезимдери кандай болду? Ал кантип каршылык көрсөттү?*

- *Толкун эми кандай кылат? Аны ала качып келин кылмак болуп даярданып аткан бир топ адамдардын айтканына көнөбү? Короодо бугуп жаткан жигиттер чыга калып кызды үйгө алып кирип отургузуп коёбу?*

- *Же өз каалаган адамына гана күйөөгө тийүүнү көздөп, чечкиндүү басып кете алабы?*

## Зуура Сооронбаеванын “Астра гүлү” повестинен үзүндү

... Учу-кыйырсыз тасмадай созулуп жаткан шоссе жолдо жеңил машина сызып бара жатты. Тынчтыкты шофердун анда-санда берген сигналы бузбаса, жылуу абанын эпкини акырын шуулдап, бир калыпта артта калууда. Олтурган жүргүнчүлөр бири-биринен жай сурашат.

- Мен сизди сыртыңыздан тааныйм, жаңылбасам Закен эже эмессизби?

- Ооба, Закенмин. Өзүңүз кайсы жерден болосуз? - Мен ага кайдыгер бурулдум.

- Жылдыз колхозунан.

- Ооба, жердеш турбайбызбы. Бул жакка качан келдиңиз эле?

- Өткөн дем алышта.

- Жөн-жай элеби?

- Жолдошум Фрунзеде ооруканада, ошого келгем.

- Мен тааныймынбы? Кимдин келинчеги болосуз?

- Балким, таанырсыз, колхоздун башкы агроному ...

- Аа, тааныйм-тааныйм. Ооба, баса, жарааты катуу деп уктум эле, жакшы болуп калдыбы?

- Рахмат, эжеке, жакшы.

- Ошондой эле болсун. Абалын угуп чочулаганбыз. Сакайып кетсин бечара. Көгөрө турган жигит. Ал быйыл Ленин ордени менен сыйланбадыбы? Чарбада белдүү кызматкер, иштемчил. Азамат, колхозго ушундай тынчы жок кишилер керек ... - деп сөзүмдү токтотуп, анын жүзүнөн бирдеме издеп жаткансып кадала тиктеп турдум.

Ооба, мен бул келинди көптөн бери көрүүгө ынтызар элем. Бир жолу ушулардын колхозуна барып калганымды эстедим. Башкы агроном экөөбүз жүгөрү плантациясынан баштап, эгин, беде, апийим аянттарын кыдырып жүрдүк. Жүгөрүнү көргөндө бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, эмне дээримди билбей апкаарып калдым. Калаган камыштай бийик чыккан талаа ханышасын аралап, атчан киши кирип кетсе көрүнгүс.

- Бул менин аялымдын участкасы. Начарыраак жеринен чыктык. Арылап бастырсак мындан да сонун. Тигил участок болсо

Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамды жаңы алган Айнагүл эженики. Ал жыл сайын жүгөрүдөн мол түшүм өстүрөт. Топуракты иштетүү жагынан чабуулду катуу коюп жатабыз. Эгиндин жаздык айдоосун кескин кыскартып, күздүк менен тоңдурмага көчтүк.

Башкы агроном менен бирге баратып, анын аялы жөнүндө уккан сөздөрдү эстедим. Кантип сурасам? Балким, аны менен ажырашып кеткендир. Өтө салкын турушат дешчү эмес беле. Ушул өңдөнгөн жигитти чанып жүргөн аялды көрүп койсо жаман болбос эле. Балким,чыны менен эле укмуш аялдыр. Эгер агроном түшкү чайга үйүнө чакырса,  жан-дилим менен бармакмын. Бирок андай болгон жок. Талаа станына барып түштөнүүгө туура келди.

- Эче балаңар бар, иним?

- Бирөө, экинчиси курсакта. Келинчегим декретке жаңы чыкты. Кийин жентек жегенге келиңиз бизге ...

... Ошондогу жигиттин жылдыздуу жүзү көз алдыма тартылып өттү. Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт дегендей тагдырдын марттыгын көр. Бир кезде мен көрсөм деп дегдеген ошол келиндин минтип жанымда отурганын кара. Ичимден сыр билгизбей сынай тиктейм. Мен уккан аялы болду бекен? Эгер ошол болсо күйөөсүнөн өтө деле ашып кеткен өзгөчөлүгү көрүнбөйт. Күнгө тотуккан кара-тору жүзү сүйкүмдүү. Көзү бажырайып оттуу. Менин көңүлүмдү көбүрөөк өзүнө бурган берметтей аппак тиштери болду. Күлсө да, сүйлөсө да тептегиз болуп келинге бир башкача сулуулук берип турат. Башы булутка жетсе да адам баласынын өзүнчө түйшүгү, өзүнө туштук өкүнүчү болбой койбойт эмеспи. Келин канчалык өзүн жайдары көрсөтөйүн деген менен, капысынан кайра-кайра улутунуп, оор дем алып коюшу менин көңүлүмдү тынчсыздандыра баштады. Кандайдыр көздөгөн максаты ордунан чыкпай, кимдендир ыза көрүп, катуу сокку жеген кебетеси бар. Гүлкан көзүн жашылданта бир оокумда мага бурулду.

- Айтыңызчы, эже армансыз адам жаралат болду бекен?

- Эмне үчүн болбосун.

- Балким, жер жүзүндө бактысыз жаралган жалгыз мен болуп жүрбөйүн?

Мостоё түштүм.

- Эмне үчүн антесиң? Күйөөң теңтуш, турмушуңар жакшы.

- Турмушу жакшы болуп, дүйнөгө түркүк болуп, миң жашаган ким бар. Же адамды бактылуу кылган дүнүйө менен дөөлөтпү? Жок, жок, такыр андай эмес. Мен буга эч качан кошула албайм. Адамды бактылуу кылган адам, сүйүү. Же жалган айтып жатамбы?

Келин өпкөсүн көптүргөн сырын ким менен бөлүшүп, ким менен сырдашаарын билбей ынтызарланып келатканын байкадым. Адам кээде ичиндеги терең капасын теңтушуна же аны баалай билген кимдир бирөөгө айтып, эркин баарлашып алса, үстүндөгү жүгү жеңилдене түшкөнсүп, ичи ачылып калат эмеспи. Билгизбей сурадым.

- Эмне үчүн мынчалык наразысың? Силер жөнүндө башкача пикирде элем. Кокус жаңылып жатып жүрбө?

Келин селт этти. Мостойгон калыбында сөз катты:

- Жаңылып жатып жүрбө дейсизби? Эмне үчүн минтип сурадыңыз?

- Бактысыз деп кандай кишини айтаарын сен өзүң түшүнөсүңбү? (Мен Гүлканды түз эле сен деп сүйлөөгө өттүм). Жаман көрсөң жаман көр, бул айтканың жакшы эмес, Гүлкан.

- Түшүнөм, эжеке, кичине эмесмин да.

Келиндин өңү адагенде бозоруп барып, кайра албыра түштү.

- Кайын энең силер менен чогуу турабы?

- Анан кайда барат? Кызык сурадыңыз.

- Дегинкисин айтам да. Жашырган менен болобу, кийинки жаштардын көбү кайын энени каалашпайт. Өздөрүнчө турууну эңсейт. Энелердин ак пейилине түшүнбөй, чуу көтөрүп жүргөн келиндер азбы? Карыны бактысыздыктын башы деп билген жеңил ойлуулардын эченин көргөм.

Гүлкан чебелене түштү.

- Эгер кайын энем болбогондо, балким ... - бир демге унчукпай калып, кайра мындай деди:

- Мен ал кишини өз энемден артык көрсөм көрөм, кем көрбөйм. Акылдуу, мээрбан аял.

- Күйөөң ичкиликти жакшы көрөбү?

- Эркек эмес биз деле иче коюп жүрбөйбүзбү. Шарты келген жерде ичет.

- Аны сурап жатканым, кээде үй-бүлөнүн ыркын кетирип, ынтымакты бузган көпчүлүк учурларда ичкиликтен да болот. Бактылуу эрди-катынды бактысыз кылган да ошол жинди суу.

- Айттым го эже, ал андайлардан эмес, ичкич кишилерди өлгүдөй жек көрөт.

Гүлкан экөөбүз тең бир топко унчукпай калдык. Өзүмдөн өзүм бушайман болуп, оюм алда кайда чабыттап, жанымда олтурган ушул келиндин бүдөмүк, чоочун турмушуна улам арылап сүңгүп бара жаттым. "Ишке жөндөмдүү, эл-журтка алымдуу болгону менен аялга калганда кара мүртөс неме болсо керек. А балким, кылдан кыйкым тапкан кызыл камчыдыр, ким билсин. Кокус ошондойлордон болсо, колуктусунун көкөйүнө көк талкандай тийген кара боор бул жигитти жакшы деп кантип мактоого болот ..."

- Эже, эмне мынча ойго батып кеттиңиз?

- И, сенин күйөөң жөнүндө ойлонуп кеттим, Гүкен. Эстүү жигитпи дечү элем. Бирок ...

- Жолдошумдун адамгерчилиги жөнүндө кабатыр болбоңуз. Балким, бактысыз болушума өзүм же башкалар күнөөлүүдүр.

Гүлкан шадылуу ичке манжаларын кырсылдаткан калыбында алдын тиктеди.

- Түшүнбөдүм, деги бири-бириңерди сүйүп үйлөндүңөр беле?

- Кеп ошондо болуп атпайбы?

- *Гүлкан күйөөсүн сүйөбү же жокпу? Муну кайсы сүйлөмдөр билдирет?*

- *Эгерде ал күйөөсүн сүйбөсө, эмнеге аны менен жашайт? Ал адамга кантип күйөөгө чыккан деп ойлойсуңар?*

- *Гүлкан эмне үчүн өзүн жер жүзүндөгү жалгыз бактысыз адаммын дейт? Силер анын бул айтканына кошуласыңарбы?*

- *Бактылуу адам болуу үчүн эмне керек?*

- *Биринчи жолу жолуккан адамга эмне үчүн Гүлкан өзү жөнүндө айтып берүүнү чечти? Бул туурабы?*

Таңыркай түштүм.

- Кызык. Мындай ишти силерден күткөн эмес элем.

- Көрүнгөн кишиге өз баркын өзү кетирип өөдө-ылдый сүйлөй берет экен деп ойлобоңуз. Эгер менин абалыма түшүнгөн

болсоңуз, байкуш Гулкандын айтары да, куйөрү да эп экен дээр элеңиз. А балким, өз башыңыздан өтпөгөндүктөн ошентип жатсаңыз керек.

Гүлкан жөнүндө ушак сөздөрдүн түйүнү кайдан келип чыккандыгын өз оозунан уга тургандыгыма эми көзүм жетти.

- Айтчы Гүкен, сенин гүлдөп турган бактылуу өмүрүңө кош колдоп кандай кара ниет таш ыргытты экен. Ачык сүйлөчү?! - Каным сыртыма тээп, жүрөгүм сыздап турганын билдим.

- Угасызбы?

- Угамын. Өзүм сурап жатпайымбы, - Гүлканга ыктай отурдум.

- Болуптур эже, мынча болду башынан айтып берейин ...

Жоолугун оңдоп байланып,оң колун машинанын арткы жаздыгына узата сунуп коюп, узун сөзгө кирди.

- Аллахым көрсөткөн ар бир күнүңө бей эсеп шүгүр! Мен эки бир туугандын ортосунда, эки энени тең эмген тел кара боз тайдай эрке чоңойдум. Атам менен энем кың эткен баланын үнүнө зар болуп жүрүп, мени көрүшүптүр. Атамдын иниси Сагалы да баласыз киши. Ошентип, эки үйдүн ортосунда көзгө басар жалгыз кыз болгондугумдан айылдагы өзүм теңдүү кыздардан өзгөчө кийинип-ичинип бойго жеттим. Атам колхоздо чабан болуп иштечү. Абам болсо кой-товар фермасынын башчысы, орто билимдүү адам. Айылдагы бир топ адамдардан маданияттуу да, оокаттуу да турчубуз. Атамдын бир жакшы сапаты өмүрүндө калп айтып, кара өзгөй сүйлөбөгөн, эмгек десе эт-бетинен кеткен ак ниеттүү адам. Ошонусуна жараша айтканынан кайтпаган, өз билгенин өзгөгө бербеген, убадага бекем, намыскөй. "Жакыбалы орундатам деп оозунан чыкса бүттү, анда кам санабагыла. Кокустан болбойт десе болбогону, экинчи аны кайталап кереги жок"- деп, айылдагылар кандайдыр бир иштер боюнча сөз болуп калганда эки жооптун бирин угуп тим болушчу. Атамдын мындай бир мүнөздүүлүгү мага да жагуучу. Ошондуктан, атамдын көңүлүнө жакпай турган иштерди иштебөөгө, ал кишини капа кылып, көңүлүн чөктүрбөөгө көп аракет кылчумун. Мен эс тартып бой жете баштаган сайын жуучулар да көбөйө берди. Бирок биздин үйдөгүлөр алардын биринин сөзүн да илик алган жок. Атам мени окутууга абдан ынтызар эле. Эч нерседен капарсыз,

наристедей эркелеп, бой тартканымды билбей жүргөн кезде, онунчу классты бүтө турган мезгил да келип жетти. Жетилүү аттестатын колума алып, Фрунзедеги кыз-келиндер институтуна келип кирдим. Күн артынан күндөр, апта артынан айлар жипке тизилген мончоктой биринин үстүнө бири келип кошулууда. Мени жалгыз гана тынчсыздандырган алыста калган ата-энем болбосо, жашоо да, окуу да көңүлдүү. Балага ата менен эненин да өзгөчө жакын көрүнө турганы болот окшобойбу. Энемди бир ойлосом, атамды эки ойлойм. Мойнунан орой кучактап, адатымча сакалынан жыттагылап, беттеринен өпкүм келет. Тизесине башымды коюп, чалкамдан жатып алып, кыңылдап ырдап, тайраңдап өткөргөн күндөрүмдү сагынам. Атам да мени сагынып жүргөндүр. Эртең менен дайыма мени чекемден өөп ойготор эле. Оо, байкуш атам, оорукчал да болуп кетти. Өлбөй жүрүп менин убайымды көрөөр бекен? Эч кимдин атасы менин атама окшобогондой, менин атам көп атадан мээримдүү да, акылдуу да сезилет өзүмө. Ата-энемди узагыраак көрбөй калсам, ушунчалык сагынып кетем дейсиз, алар менин эсимден да, түшүмдөн да кетпейт. Ошентип, аз болсо да убактым боло калса үйдү көздөй шашылам. Ой, чиркин ай, ата-энемди көрүп, аман-соосун билип келгеним өмүрүмдүн багы, көңүлүмдүн сыймыгы. Анда мен сүйүү деген дарттан алысмын. Сыягы кээ бирөөнүн сезими бул жагынан эрте ойгонсо, экинчи бирөөнүкү кеч ойгонсо керек. Жолдош кыздарымдын сүйүп калган жигиттерин айтып, кээде кубанып, кээде ооздорунан көк түтүн бурап кайгырып олтургандарын көргөндө, бир бөтөн шаарды тээ алыстан карагандай болом. Алардын турмушка болгон көз карашы, өз өмүрлөрүнүн келечекке багыт алышы менден айырмаланып тургандай сезилет. Ал эми менин максатым болсо жалгыз гана окуу. Айылдан катты көп алам. Күндөрдүн биринде Ажар деген теңтушум мага төрт-беш баракты толтуруп кат жазыптыр. Өзүнүн колхоздо кандай иштеп жаткандыгын, ден-соолугунун чыңдыгын кыскача жазып келип, мындай деп кошумчалаптыр: "Сапардан окуусун бүтүп келгенин уккандырсың. Биздин колхоздо агроном болуп иштеп жатат. Керилген сонун жигит болуптур. Узун бойлуу, ак жуумал. Балбылдаган акылдуу кара көздөрү адамды өзүнө магниттей тартат. Мындай сүйкүмдүү сулуу жигитти мурда

көрбөгөндүгүмдөнбү, же көрсөм да, көңүл бөлгөн эмесминби, айтор, Сапар менин көзүмө жомокто айтылуучу асмандан түшкөн перинин баласы сыяктуу сезилет. Ачыгын айтсам, сүйүп калган өңдөнөм. Сенден эмнесин жашырайын, кеңешиңди айтып кат жаз. Сен билесиңби, Гүке, бул жактагы келин-кыздардын эки сөзүнүн бири эле Сапар жөнүндө болуп жатат. Кимибиз бактылуу болоорубузду ким билсин. Айтчы, өзүң жигит таптыңбы? Кең Фрунзеден үч жылдан бери эч кимим жок дегениңе ким ишенсин. Ичиңдин бектиги темир сандыктай эле бар ээ. Антип, менден кызганбай, курдашыңдан жашырбай жигитиңди тааныштырып кат жаз. Мындан ары өзүм жөнүндө болгон жаңылыктарды билдирип кат жазып турам. Сен дагы, макулбу? Кош. Ажар." Бул катты окуп, Салкын жеңем эсиме түштү. Байкушум, бактысы бар экен. Бирөөнөн толбой калган кенемтени, экинчисинен толтурат деген ушул. Күйөөсү согушка жөнөгөнү жатканда төрөгөн дешет. Ошон үчүн атын Сапар деп коюшуптур. Куураган гана согуш башы бүтүн, боору эсен эч ким калган жок го, сенин кандуу чеңгелиңден. Салкын жеңем жакшы көргөн жарынан калган жалгыз уулун караан тутуп, белине таңуу кылып, ошон үчүн өз түтүнүн өчүрбөй, турмуштун ачуу-таттуусун башынан көп өткөрдү. Күйөөсүнөн ал жыйырма жашында калыптыр. Кайран жыйырма жаш, кайран келберсиген кез ... Сапарды көрбөгөнүмө бир топ жыл болуп кетти. Мен алтынчы классты бүткөн кезде, ал онунчу классты бүтсө керек эле. Анан аны Ташкенттеги айыл-чарба институтуна кетти деп айтышты. Жайкы каникулга келип калган учурда биздики дайыма Сапарды чакырып тамак беришчү. Жол каражатына кайрылышчу. ... Атам анын атасын оозунан түшүрчү эмес. Мен Сапарды энеси менен шаардан келатканда көрдүм. Арабанын үстүндө алы-жаны калбай энесине бирдемелерди көңүлдүү сүйлөп келе жатыптыр. А Салкын жеңем болсо, бактыга батып, дүнүйөсү түгөл болуп, баласынан башканы биротоло унутуп койгондой албырат. Менин көзүмө сулуу да, жаш да болуп кеткендей көрүндү. Сапар мени көрө коюп амандашты. Анан мени артына бурулуп ээрчий караган калыбында, энесине бирдеме дегендей болду. "Жакып абамдын кызыбы? Бой тартып калган тура",- деп айтты бекен деп ойлодум. Анан эмне болду эле? Же ошол бойдон көрбөй калдымбы? Туура. Андан кийин көрө элек

экенмин. Кийинки жылдары айылга шашылып келип, шашылып кетип жүрдү. Жайкы каникул убагында практикадабы же өз каалоосу боюнчабы, айтор, Өзбекстандын чарбаларынын биринде иштеп жүрүптүр деп айтышты. Эмнеси болсо да жакшы кеп болуптур. Аман болсун, ал дагы бирөөнүн көзгө басар жалгызы. Ыймандуу немеге үйлөнүп, Салкын жеңеме кайрымдуу болсо болду. Эгер Ажардын ою ордунан чыкса жаман болбос эле. Эстүү кыз. Ажардан экинчи кат келди. Тим эле оозунан көк түтүн буркурайт. Анын Сапарга ашык болуп калганы жазган сөзүнөн гана эмес, ар бир тамгасынан байкалып турат. "Айтчы Гүлкан, мен эми эмне кылам? Сапарды өзү бирдеме деп сунуш киргизип, сөз баштайбы деп күтүп жүрүп чыдамым кетип баратат. Ал мага жөнөкөй жолдоштор катарында гана жылуу-жумшак мамиле кылат. Ашык сөз айтып такыр үнчүкпайт. А мен болсом анын ыйык махабатына чалдыгып, дүркүрөп күйүп баратам. Мага түшүнүп жатасынбы, Гүлкан? Дагы, кечке жумушта мас немедей аны ойлоп жүргөнүм аз келгенсип, түнкүсүн уктабай, азап тартып чыкканымчы. Эгер ушунумду энесине айттырсам кандай болот эле? Бирок кыз башым, кыл чачым менен балаңа айт, мени келин кылып алууга жардамдаш дешим өлүмгө барабар го дейм. Иш дегенде жанын таштаган жигит болуптур. Азыр ал күнү-түнү чапкылап талаада, айдоо аянттарына жер семирткичтерди чыгаруу менен алек. Комбайн менен тракторлордун ремонту бүттү деп жатышат. Кечээ күнү комсомолдук жаштардын чогулушу болду. Жаштардын иштеген иштери боюнча Сапар жарыш сөзгө чыкты. Анын сөзүн колхоздун жаштары ушунчалык ынтаа коюп угушту. Келеркиде бардык дан эгиндеринен, тоюттук чөптөрдөн, ал эмес картошкадан да мол түшүм өстүрүп алуу боюнча комсомолецтер менен жаштар өздөрүнө милдеттенме алышты. Жыйналыш бүткөндө чогуу чыктык. Мен ага кылчаңдасам, эч кимге кошулбай жалгыз басып кетти. Артынан жүрүп олтуруп, алардын эшигинин алдынан бурулдум. Ал мага назар салып да койгон жок. Артын бир кылчайып карап алды да үйүнө кирип кетти. Баса,сени эмне үчүн экенин билбейм, эки-үч жолу сурады. Кат жазсаң салам айтып кой деди. Анан сенин адресиңди сурайт, мен берген жокмун. Азырынча мендеги болгон жаңылык ушул. Кат жаз. Ажар". Курдашымдын үчүнчү катын алганда төбө чачым тик

турду. Ажар адатынча эсен-соолукту сурабастан туруп, сөзүн баякы эле Сапар жөнүндө баштаптыр. "Гүлкан! Мен сага абдан таарындым. Бул жөнүндө кандай десең андай де, кыскасы сен мага жакшы жолдош эмес экенсиң. Сага ишенип бардык сырымды жашырбай айтып жүрсөм, сен менин ак тилегиме каршы чабуул коюп жүргөн турбайсыңбы. Эмне үчүн Сапарды сүйөөрүңдү биринчи катта эле жазбадың, же менин тамашама батып, шылдыңдагың келеби? А балким, тамырымды кармап, сырымды тарткың келгендир. Антпесең деле Сапар сага үйлөнөт тура. Бактылуу бол! Ажар." Мен канчалык актанып кат жазганым менен, Ажар мага кат жазганын койду. Ошентип, экөөбүздүн ортобуздагы жолдоштук мамиле ортосунан чарт үзүлгөн жиптей бөлүндү да калды. Бул учурда мен үчүнчү курста окум жаткан кезим болуучу. Биринчи семестрди аяктап, үйгө келдим. Биздин үйдөгүлөр мурдагыдан да жайдары, мурдагыдан да чектен чыга мээримдүү болуп кеткен сыяктуу көрүндү. Мындай аша чаап өнтөлөө мага өөн учурады. Ойго баттым. Ушундай мамиленин далдаасында кара чаар жылан ийрилип жатканын көөмөйүмдө байкагандай болдум. Адаттагыдай эле мага учурашууга келип-кетип жаткан кошуна-колоң, тели-теңтуштар көп. Олтургандардын арасында Салкын жеңемдин көзү көзүмө башкача урунду. Жүрөгүм болк дей түштү. Көзүмдү андан ала качтым.

- Алдыңа кетейин Гүлкан, дагы канча окуйсуң?
- Үстүбүздөгү жыл менен үч жыл.
- И-и, аз калган тура. Дениң сакпы, кагылайын?
- Түзүк. (сурагым келбесе да) Өзүңүз жакшы жүрөсүзбү жеңе?
- Жаман эмес, алдыңа кетейин. Сапашың да окуусун бүтүп келип ушул жерде иштеп жатат. Көрөсүң го өзүң, каадалуу эле жигит болуп калыптыр. Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң дегендей, эмгегим талаага кетпептир.

*- Гүлканды жана анын үй-бүлөсүн кандай элестеттиңер? Ата-энесинин Гүлканга мамилеси кандай?*

*- Сапар кандай адам? Сапардын жана анын энеси Салкындын Гүлканга мамилеси кандай?*

*- Гүлкандын курбусу Ажар Сапарга  сүйгөнүн ачык айта алабы? Кыз жигитке өз сүйүүсүн билдирсе болобу?*

Олтурган аялдар сөзгө аралашты.

- Э ботом, Сапаке келинчек албаймын дейби? Аны менен тең балдар акар-чакар болуп калышты. Атаганат, бир ак жоолук алып келип берсе жаныңа караан болот эле ээ.

- Өмүрү тозбосо болоор энелер. Көбү бүтүп азы калды, өзү да ойлоп жүргөн чыгаар.

- Багыңа ыймандуу неме кезиксе экен. Айылда чыбыгы кыргыйдай көп эле кыздар бар. Аларды жактырбайт бекен?

Мен эшикке чыгып кеттим. Келгенден бери эсимде Ажар. Шааркан жеңемден сурасам, "Ошол Ажарыңды койчу, кагылайын кичине кыз. Ботом, Сапарды сүйөм деп чыгарбаган ыры, сүйлөбөгөн сөзү жок. Эртели-кеч саксактап, ушул тегеректен кетпейт. Кыз болбой куруп калсын. Эси жок неме тура. Тү, кантип ошентип эркектердин аркасынан өзү уялбай ээрчийт ыя. Сен эми андай бузулган кыз менен жолдош болгонуңду кой, кагылайын кичине кыз. Жаманатты болосуң. Кудай урсун жаманатты болосуң..." Бирок мен жеңемдин сөзүнө ишенгеним жок. Ажардын таламын талашып, актоого аракет кылдым. Чындыгында эле Ажар эл айткандай чийинден чыгып кетүүдөн алыс экенин билем да. Мен мурун Сапар менен бет алышып сүйлөшүп көргөн жан эмесмин. Келгенимден бери ар түрдүү жумуштарды шылтоолоп Сагаалы абамдыкына да, биздикине да көп келчү болду. Мен аны көрүп, Ажардын сүйө тургандыгынын жөнү бар экен деп ойлодум. Ырас эле кыздардын жүрөгүнө чок сала турган келишимдүү, сулуу жигит болуптур. Бир күнү клубда жаштардын кечеси боло турганын угуп, кыздар менен барып калдым. "Жаштарды адептүүлүккө кантип тарбиялоо керек?" деген лекциядан кийин бий болду. Сапар ордунан туруп четте турган мени көздөй басты. Ал мени бийге чакырды. Мен аны менен биринчи жолу бийге түштүм. Сапар адамды ушунчалык жеңил алып жүрөт экен дейсиз, тим эле укмуш. Музыка бүткөндөн кийин скамейкалардын бирине келип олтурдук. Ошол замат алдыбыздан Ажар өтүп кетти. Мен анын атайын ошенткенин дароо билдим. Ушуну эртең бетиме кармап жүрбөсүн деп ойлоп, анын артынан барсамбы дегенчелик

кылып ордуман турдум. Сапар кошо козголду. Музыка ойноп жаткандар бизди эле карап тургансып, кайра баштан вальсты баштап кирди. Сапар мени жадырай карап алды да, колуман кармай, далымдан имере кучактады. Музыканын ыргагына көшүп баратып, жүрөгүм алда-немеден чочугансып улам-улам селт дей түшүп басылып жатты. Анан калса, Сапардын жүрөгү көөдөнүнүн сыртында жүргөнсүп, менин эмчек тушумду кайра-кайра ургулап баратты. Эркектердин жүрөгү ушундай катуу урат окшобойбу деген ойдо калдым. Мен канчалык андан өзүмдү оолак кармайын дегенге болбой, Сапар мени өзүнө имере тартып жеңил айлантып жүрдү. Анын кирпик ирмебей, бакытка бата магдырап, мени кадала тиктеп бараткан оттуу көздөрүнөн көзүмдү ала качып, четте турган жаштарды жүрөксүй карадым. Ажар бизди жутуп жиберчүдөй кадала карап туруптур. Кабагы карыш түшүп, өңү бир укмуш болуп өзгөрүп кетиптир. Кимдир бирөө аны бийге чакырып жатканын байкадым. Ажар аны менен туйтундаша тїшүп, түртүп жиберди ... Клубдан ойлуу кайттым. Эмне үчүн Ажар Сапарды сүйөт, Сапар Ажарды эмне үчүн сүйбөйт? Кызык. Сапар анын эмнесин жактырбайт болду экен? А балким, башка жакта сүйлөшүп жүргөн кызы бардыр.

- Укмуштай күлүк экенсиздер, Гүкен. - Сапар энтиге мени жандай басты. - Узатып койсок капа болбойсуздарбы?

- Эмнеге капа болушат. Кызды жигит узатпаганда, кыз жигитти узатмак беле, -комсомолдук баштапкы уюмдун секретары тийише сүйлөдү, - кыздар менен сүйлөшүүнү апийимдин үрөнүн септиргендей ойлобо, дос.

- Гүкен! - Сапардын үнү ыргактуу чыкты. Башымды акырын өөдө көтөрдүм. Жолдошторум бизден узап баратышканын көрдүм. Сапар сөзүн улады.

- Мен бир жолу Фрунзеге барып, сизди таппай кеттим. Кыздар айтса керек.

- Унутуп калышса керек, укканым жок.
- Уксаңыз да укмаксан, билсеңиз да билмексен болосуз да.
- Билгим да келбейт.
- Эмне үчүн?
- Ал менин жумушум.
- Таарынасызбы?

- Себеп?
- Шааркан жеңем эчтеке айткан жокпу?
- Жок. Эмне айтмак эле?
- Укканда билерсиз. Айтса, бүгүнкү кече көңүлүңүзгө жактыбы? - Ал мага эңиле карады.
- Сизгечи?
- Мага жакканда да кандай жакты дейсиз, Гүкен, мурдагы кечелер бир тең, бул бир тең болду. Байкадыңызбы, өтө кызыктуу өттү ээ ?...

- *Ажар "бузулган кызбы"? Гүлкандын "Сапар Ажарды эмне үчүн сүйбөйт?" деп өзүнөн-өзү сураган суроосуна силер кандай жооп берет элеңер?*
- *Эмне үчүн Сапарга кече өтө жакты деп ойлойсуңар?*
- *Автор Сапардын Гүлканды сүйгөнүн кантип баяндайт? Гүлкан менен бийлегенде Сапардын жүрөгүнүн катуу соккону эмнеге байланыштуу?*
- *Сапар Гүлканга үйлөнүп бактылуу боло алабы? Бактылуу болуш үчүн эки адам тең бири-бирин сүйүш керекпи же бир адам сүйсө деле жетиштүүбү?*
- *Чыгарма эмне үчүн "Астра гүлү" деп аталат?*

**Кайталоо үчүн тапшырма:**

*Зуура Сооронбаеванын "Жетимдер" романындагы Толкун менен "Астра гүлү" повестиндеги Гүлканды салыштыргыла. Бул эки аялдын образдарындагы окшоштуктарды жана өзгөчөлүктөрдү тапкыла.*



## Зинакан Пасаңованын
## “Жат терезеде өскөн менин гүлдөрүм” повести жөнүндө

Прозаик жана акын, Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, 8 поэтикалык жана прозалык китептердин автору Зинакан Пасанованын прозалык чыгармаларынын негизги каарманы - аял, анын тагдыры, бул турмуштан өз ордун, бактысын издөөсү, сүйүүсү жана энелик сезимдери.

“Жат терезеде өскөн менин гүлдөрүм” повестинде эки доор алмашып, эл турмушунда чоң өзгөрүүлөр, экономикалык, ыймандык кризис жүрүп жаткан 90-жылдарда Гөөхар аттуу жетим кыздын тагдыры сүрөттөлөт. Таштанды кыз Гөөхар бала кезинде балдар үйүндө, андан кийин мектеп-интернатта чоңоюп, 9-классты аяктагандан кийин педагогикалык окуу жайында окуп жүргөндө айылдык мектепке практикага жөнөтүлөт.

Айылдын Армиядан келгенден кийин жумушсуз жүргөн көпкөлөў жигиттеринин бири Назар 17 жаштагы коргоосуз жаш кызды күчкө салып ала качат. Педагогикалык окуу жайдан издеп келген куратор эжекеси да, участкалык милиционер да айылдын салт-эрежелеринен чыга алышпай, кызды ала качып кеткен Назарга таштоого аргасыз болушат.

Гөөхар күйөөсү экөөнүн ортосунда эч кандай жылуу сезимдин, сыйлашуунун жоктугунан бир азап чексе, каардуу кайненин кысымынан, бир чети жакыр турмуштан андан бетер жабыркайт. Ал боюнда бар кезде оор түйшүк тартып, натыйжада боюнан түшүп, же төрөлгөндөн кийин тез эле чарчап калат болуп калат.

Гөөхар бир топ жылдан кийин гана өз укугун коргоого жана турмуштан өз жолун табууга бел байлайт. Анын күйөөсүнөн кетип, жаш баласы менен шаарга келиши - аялдын жашоосундагы бурулуш болоруна окурмандарды ынандырат. Ошондой эле, автор кейипкерлердин тагдыры аркылуу ала качуу, зордук-зомбулук, адамды басмырлоонун кесепеттерин ачып берет. Повестте жакшы адамдардын колдоосу Гөөхардын оор турмушунда жакшылыкка чакырган маяк сыяктуу.

- *Чыгарманын атын кандайча түшүнөсүңөр? Эмне үчүн жат терезеде бирок, менин гүлдөрүм деп айтылган?*

*- Үзүндүнү окугула, балдар үйү деген түшүнүктү чечмелеп бергиле.*

**“Жат терезеде өскөн менин гүлдөрүм”**

Балдар үйүнөн кийин интернатга жүрүп эптеп бой жеттим. 9-классты бүтүрүп педагогикалык окуу жайына кирип окуп жаттым. Аны бүтөөр жылы айылдык мектепке практикага жөнөтүштү. Тоо арасындагы топудай болгон кыштактын чакан мектебинде бала окутуп калдым. Он жетиге чыкканча балдар үйү менен интернаттан башка жашоону көрбөгөн мага туш тарабын бийик тоолор курчаган коктуда беш-ондон болуп чачыраган үйлөр, тезек жыттанган түтүнү, коймаарек мүнөз элет адамдары башка дүйнөдөй сезилет. Чет жактан келип иштегендер үчүн салынган жатак үйдө жашайм. Коңшу бөлмөдө дагы бир балалуу-чакалуу мугалим эже турат.

«Өзүң жалгыз казан асмак белең, биз менен эле оокат ич», - деп келгенимде эле кошуп алышкан. Эженин балдары жаш болгондуктан, жар ылдый кеткен жалгыз аяк жол менен кыядай түшүп барып, сайдагы дарыядан суу көтөрүп чыгыш менин мойнумда. Көздөрүмө түтүн киргизип жүрүп очокко от жакканды да үйрөнүп алдым. Айыл турмушунун мен билбеген дагы акичүкүсү көп экен. Бул жерде жолуңдан чыккан кары- жаштын тегиз учурашып өтүү салты жакты. Адегенде мектептен келатканымда, баратканымда чал кемпирлер: “Арба, кызым, жаңы келген маалим окшойсуң...” – дешип, өздөрү озунуп салам айтышар эле мени уялдырып. Мындай жакынсыган мамиледен жылый түшчүмүн. Мен окутуп жаткан 2-класстын окуучулары да «эжекелешип» балалык тунук сезим менен жакшы көрүшөт. Эртең менен мектепке баратканымда жолумду тосуп чыгышып, кайтаарымда үйгө чейин коштоп келишчү. Аларды өзүм да таң атып кайра көргөнчө дилгирмин.

Бирок, күндүз мектептин иши, окуучуларым менен алек болсом да, кечкисин күүгүм коюулана баштаган сайын жалгызсыраган санаа кайрадан тумчуктуруп кирет. Асман ачык түндөрү эшикке чыгып, жакындап түшүп келгендей бадырайган жылдыздарга көзүм талыганча карап, алыстан туруп сырдашам. Ар бири менден бетер жалгыз, муздак кол жеткис. Аларда бул жашоонун менин акылым, жетпей жүргөн сыры катылып

жаткансыйт. Баары татаал, түшүнүксүз. Бул тирүүлүккө эмне үчүн, ким үчүн келгениңди, кандай өмүр өтөп кетериңди билбейсиң. Көңүлүмдүн көксөгөнү, издегени эмне экенин өзүм да айталбайт элем. Эс тартканымдан бери белгисиз кусалык менен жашап келатам. Эртеңим кандай болот, дагы кандай сыноосу бар деп коркунуч менен ойлойм. Жүрөгүм сезгендей эле ошол айылдын чатыры камыш менен жабылган эски үйлөрүнүн биринде тагдырымдын дагы бир оор жазмышы күтүп туруптур.

Мен келгенден бери тооруп жүрүшкөн көпкөлөң жигиттердин бири түн ичинде сыртка чыккан жеримден бөктөрүп ала качты. Күйөөмдү көшөгөдө көрдүм. Эркек тааналыгына эрдемсип, ала-күү болуп алган одурайган кара жигитти «Назар! Назар палван!» дешип ансайын шердентип көтөрө чалып сүйлөп жатышты. Тарашадай болуп катиңки кара кемпир боздогон ой-боюма койбой башыма жоолук салып, бетимден өбөөрдө тиши жок оозунан келген жытка окшуп жибере жаздадым. Мындай каңырсыган жыт полу жок жерге салынган кара кийизден, ным жыттанган үйдүн дубалдарынан да келип тургансыйт.

Коргоору жок жетим кыздын каршылыгын ким тоотот. Ошол түнү чоочун эркектин денемди мыкчый кармаган катуу колдору менен бети-мойнумду кырып таштаган өгөөдөй эриндери эркимди кошо сындырды. Биринчи түнү жүрөгүмдүн үшүн алып кара күчкө салган, ургаачылык алсыздыгымдан таш боордук жана түркөйлүк менен пайдаланган эркекке, кийин да кучагымды берилип жаза албадым. Бирок, айдаган жакка баскан мал сыяктуу баш ийдим.

Бир аптадан кийин педагогикалык окуу жайдагы куратор эже айылдык участкалык милиционерди ээрчитип үйгө келди. «Зордоп ала качтыбы? Жашырбай айт!» - дешип, мени суракка алышты. Эжекемди көргөндө эрээркеп ыйлап жиберсем да, башымдагы жоолукту сыйрып таштап, үйдүн босогосун кайрылгыс болуп аттап чыгып кетүүгө кудуретим жетпеди. Бар күчүмдү ыйга чыгардым. Турмуштун күтүүсүз соккусунан эрким майтарылып калганбы, же жаштык кылдымбы, тилимди бирөө байлап койгонсуп ооз ачалбадым. А-бу сөзгө келгенче айылдагы аксакалдар жыйылып кирип келишти.


- *Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн Гөөхар эжеси куткарууга келгенде, чындыкты айта албай койду?*

- *Эгерде чындыкты айтып, кетип калса, анын жашоосу андан ары кандай болот эле?*

- *Эмне үчүн үй-бүлөлүк жашоосу бактылуу болбой калды? Тексттен далилдерди келтиргиле. Күнөө кимде?*

- *"Биринчи мугалим" повестиндеги Алтынайдын образын Гөөхардын образы менен төмөнкү параметрлер боюнча салыштыргыла:*

- *Сырткы келбети, мүнөзү, билими, чечимдери, жашоо мүнөзү.*




**Кыздарды ала качуу көйгөйүнө кандай мамиле жасаса болот? Аны менен кантип күрөшүш керек? Бул кыргыз элинин салтыбы? Эмне үчүн ала качуу кыргыз элинин салты эмес? Бул суроолорго жооп бергиле, таблицаны толтургула.**

| **Суроолор** | **Жооптор** | **Себептери** | **Комментарийлер** |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## Казат Акматов «Мунабия» новелласы жөнүндө

Казат Акматовдун «Мунабия» новелласы 1970-жылы жазылып, “Жылдын мыкты чыгармасы” деп таанылган.

Бул новеллада Мунабия аттуу жаш аялдын тагдыры берилет. Ал айылдын калыптанып калган жашоосунун катаал эрежелерин, стереотиптик көз караштарын бузуп, сүйүү, аялдык бакыт үчүн күрөшүүгө кудуреттүү күчтүү образ.

Келбеттүү, эч кимге көз карандысыз жана жаш болсо да эстүү Мунабиянын тагдыры көп кыйынчылыктарга, кордоого жана басмырлоого дуушар болду.

Коомчулуктун жектегенине карабай өзүнүн адамдык сыймыгын сактай алууга бардык эле аял жетише бербейт. Ал аялдардын уруп-согуусуна, бөлүп-жектөөгө жана кемсинтүүгө карабастан жана коркпостон өз сүйүүсүнөн баш тарткан жок.

Чыгарманын аягында Мунабия сүйгөн адам бул дүйнөдөн кайткан күнү ал азасына тике басып келгенде, бардыгы анын улуу махабатына жеңилгендей баш ийишип, а түгүл ага жан тарта, суктана тиктешкенин көрдү.

Мунабияны таржымалы арзыган адамдын башка аялдан төрөлгөн уулу тарабынан баяндалат. Учурунда апасынын күндөшү болгон Мунабияны жек көрүп, а түгүл колу тийсе да, көңүлүнүн түпкүрүндө Мунабиянын аялдык сулуулугун жана сапатын тымызын баалаганы сезилет.

Бул чыгарма адамдык сыймыктын, сезимдин, ариеттин баарынан жогору тураары жөнүндө баяндаган, турмуштук терең өрнөк берер мыкты чыгарма катары окурмандар тарабынан жогору бааланган.

**Үзүндүнү окугула, негизги көйгөйлөрдү аныктагыла, текстке таянгыла.**

### Мунабия

...Эсимде, кайсы бир жылдары, биз бала кез эле, бирөөнүн тоюнда олтурган аялдардын ичинде чатак чыкты дегенди уга сала кызыкка батмакка чуу коюп келсек, менин апам ушул Мунабияны чачтан алып сүйрөп, тимеле киши өлтүргөн кылмышкерди

кармагандай тытмалап атыптыр. Аялдардын баары кызымталбы, же тигил экөөнүн чатагынын сыры ошондойбу, айтор экөөнү ажыратымыш болуп, ортого түшкөндөрдүн көпчүлүгү апама танапташ болгонсуп, Мунабияны жалгыздап, жектеп жаткан мүнөздө, кээси шарактап күлүп, а кээси: «Тим койгула, экөө чарчаганда басылат»,- деп кебелишпейт.

Ошого менин ызам келип кетти окшойт, жүгүрүп барып апама моюн бербей аткан Мунабияны бир түрттүм. Антсем аялдардын баарысы кыраан-каткы. «О ананайын, энесине болушат деген ушул. Карма Мунабияны шыйрактан! Эгегин жулуп сал!» - дешип, шаракташат. Мен эси жок ошого шердене түшүп, чындап эле тигил апамдан запкы көрүп жаткан аялга улам барып катылып калам. Эми ойлосом апамдан бир топ жаш кичүү Мунабиянын ошондо суйсалган келин курагы экен. Менин күүлөнүп кетип тийгеним ага чымын конгончолук болбосо керек, кайра мени аяп, макулук бир жерин оорутуп албасын дегенчилик колун аярлай тосуп калат.

Ошентип жаткан үчөөбүздүн чатагыбыз бир маалда жалт этип чырак өчкөндөй эле токтоду. Эмнегедир ошол учур балалык зээнимде кадим бүгүнкүдөй дапдайын сакталып калган экен.

Аялдар туш-туштан жажалап, биз үчөөбүз дагы да чачташып тирешип атат элек. Ал аңгыча жондорубузга өрүлмө камчы тарс-тарс эле дей түштү. Үчөөбүз тең онтоп барып, дароо үч жакка качып чыга бердик. Тигилерди билбейм, менин жон терим сыйрылып, денем эки жакка ажырап түшчүдөй бакырып жиберипмин. Карасам бизди чапкан атам экен. Тигил, эркектер отурган төркү үйдөн атып чыккан көрүнөт. Өң-алеттен эчтеме жок, көздөрү чоктой кызарып алган. «Наалат!» «Наалат!» дегенден башка оозуна сөз келбейт. Каржайган бийик бою солкулдап, азыр мына бул отургандардын баарысын кырып таштачудай түр менен бир карады эле, үйдүн ичиндеги аялдар бүтүндөй кокуйлап, ызы-чуу боло жапырылып калды. Сөз кайрып сүйлөгөн бир жан жок.

- Бас үйгө! - деди аңгыча атам апамды демите.

Жанатан чач тутамдап албууттанган апамды карасам, эми тимеле корккондон бетер корголоп, төрдүн төбөсүнө чыга качкан экен.

- Бас! - деп атам жана бир тап берди эле, жакын тургандар «чур» дей түшүп барып, апамды денелери менен басып калышты. Аялдардагы биримдик деген ошол тура!

- Жылып жүрүп камчысынын кандуусун кантесиң!

- Ачуусун кара, жаман жооштун чакыраңдап!

- Кылгылыкты кылып коюп, кыл жип менен бууп коюп...

Аялдар шарактап күлүп, атамдын артынан шылдың сөздөрүн агытып калышты окшойт. Атам болсо өчү канбай дагы бирөөнү издегенсип, сыртта жарданып тургандардын ичин тинтет. Бир маалда агы чыгып чакырайган көздөрү мага чалдыга түштү эле, тыз коюп, дароо үйдү көздөй безип бердим. Жоош, жоош деп коюшат, атам жоош болбой калсын. Бир ачуусу келгенде өзүнүн да, башканын да өлөр-тирилерине карап койбойт. Бирок ачуусу, ырас, чанда гана бир кармай турган. Анысы чын.

Мен асия таяк жегениме ызалана, көз жашымды токтото албай келе жатсам, Мунабия алдымда экен. Жылаңаяк буттарымдын дабышын укчудай эмес ал. Ошого бел байладым да, жүгүрүп баратып этегинен булкуп кеттим анын. Бир кыйын иш кылгандай өтө берип кылчак карасам, атамдан камчы жеген байкуш Мунабия ошондо башын бир жагына армандуу кыйшайтып, көз жашы он талаа болуп куюлуп, жолду да көрбөй, дабышты да укпай, деле жарык дүйнөнү түк сезбей, өзүнчө бир укмуштай ичи өрттөнгөнсүп, жинди болгон сыяктуу ыргала басып келатыптыр. Мен таңыркап дагы бир ирет кылчайдым да, андан ары чу койдум. Анткени артта атам чоң-чоң арыштап бизге жете келаткан экен. Камчысы дагы эле колунда жүрөт. Болду-болбоду азыр Мунабияга жетип, аны дал ортого жана бир салат деген болжол мени кылчактата калды. Кандай чабар экен, Мунабия анда эмне кылар экен деген балалык ой. Бирок окуя мен күткөндөй кызык болбой калды. Атам Мунабияга жете келди да, эңкейип бир кыжалат сөз айткандай болду.

Ошентсе Мунабия аны алайган жаштуу көздөрү менен жалт бир карап алды да, эмнегедир шарт бурулуп, ылдый, бедени аралаган жалгыз аяк сокмо жолго өтүп кетти. Мен делдейип, дагы эмне болор экен дегенсип токтоп калыпмын. Ошондо атам бир кызыктай буйдала түшүп, алды менен Мунабияны көздөй жүткүнө, бирок кайра токтоп, артындагы жарданып турган эл-журтту

ызалуу карап алды да, мени көздөй түз обдулду. Дароо безип жөнөдүм. Үйгө жетип, сарайдын түпкүрүндө жашынып турсам, атам дал короонун ортосуна келип теңселип тура калды да, жүрөк түшүн мыкчыгансып кыйналып, анан бир оокумда колундагы табылгы сап, күмүш бел камчысын тизесине эки бөлө карч уруп туруп, очокту көздөй ыргытып жиберди.

- *Кандай деп ойлойсуңар, Мунабия кандай адам? Сүрөттөп бергиле.*
- *Жуптарда талкуулап, чыгарманын негизги идеясын аныктагыла.*
- *Мунабия менен башка каармандардын мамилелерин талдап бергиле. Кайсы каармандар Мунабияга жакшы мамиле жасайт? Эмне үчүн?*
- *Стереотип деген сөздү кандайча түшүнөсүңөр? Мисалдарды келтиргиле.*
- *Бардык стереотиптер терс мааниге ээ болобу? Же оң мааниде колдонулган стереотиптер барбы?*
- *Мунабиянын образы коомдогу кайсы стереотиптерди бузду? Далилдерди келтиргиле.*
- *Силер кайсы стереотиптер менен күрөшүүгө мажбур болуп жатасыңар? Эмне үчүн?*
- *Чыныгы сүйүүгө, бактылуу болууга ар бир адам татыктуубу? деген тема боюнча эссе жазгыла.*

## Колдонулган адабияттар


1. Бектурганова К. А. Кыргызстандын асыл кыздары. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. – 416 б.
2. Василькова Ю.В. Быть мужчиной, быть женщиной. Тренинг полоролевой идентичности для подростков. М.: Речь, 2010. – 126 с.
3. "Кыргыз адабияты. Энциклопедиялык окуу куралы", Бишкек – 2004
4. limon.kg/news "Личность Кыргызстана: Факты о Курманжан Датке"
5. Репина Т.А. Проблема полоролевой социализации детей.-М.: Издательство Московского психолого-социального института; Воронеж: НПО «МОДЭК», 2004.

**Мазмуну**

Киришүү ........................................................................................ 3
Методикалык сунуштар ....................................................................... 4
Ар түрдүү жанрдагы чыгармалар менен иштөөнү
уюштуруунун натыйжалуу ыкмалары ................................................. 9
Жомок – адамзаттын тажрыйбасы ...................................................... 18
Уламыштар дүйнөсүндө ....................................................................... 32
Умай-эне .......................................................................................... 36
Жаңыл мырза..................................................................................... 41
Кыз Сайкал – баатыр кыз ................................................................... 49
Ак Мөөр ........................................................................................... 55
Токтогул Сатылганов “Алымкан” ........................................................ 59
Молдо Нияздын “Курбанжан датка” санаты жөнүндө............................ 65
Касымалы Баялинов “Ажар” ............................................................... 69
Чыңгыз Айтматов “Биринчи мугалим”.................................................. 76
Чыңгыз Айтматов “Жамийла” .............................................................. 79
Түгөлбай Сыдыкбеков “Зайыптар” ...................................................... 86
Камбаралы Бобулов “Түштүк кыз” ....................................................... 88
Зуура Сооронбаева “Жетимдер”........................................................... 92
Зуура Сооронбаева “Астра гүлү” ......................................................... 95
Пасаңова Зинакан “Жат терезеде өскөн менин гүлдөрүм”...................... 107
Казат Акматов “Мунабия”..................................................................... 111
Колдонулган адабияттар ..................................................................... 114

**КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН НЕГИЗИНДЕ ОКУУЧУЛАРГА ГЕНДЕРДИК БИЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮ**

**Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 7-11-класстары үчүн кыргыз адабияты жана класстан тышкаркы тарбиялык сааттар боюнча окуу куралы**

***Түзүүчүлөр***: *Пасаңова З., Жусупбекова Н., Оморова А., Чепекова Г.*

***Тех.редактор*** *Кучкачова Ж.*

Басууга 23.02.2017. берилди. Форматы 60x84 $^{1}/_{16.}$ Офсеттик кагаз.
Офсеттик басуу. Көлөмү 6,37 б.т. Нускасы 2500 д.

720047, Бишкек, Курчатов көч., 69.
“Калем” Басма үйү, т.: 49-19-36, 0772-194645
E-mail: kalem14@mail.ru